КЫРГЫЗ-ТҮРК “МАНАС” УНИВЕРСИТЕТИ
КООМДУК ИЛИМДЕР ИНСТИТУТУ
МЕНЕДЖМЕНТ БАГЫТЫ

БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН БАШКАРУУ: КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫН МИСАЛЫНДА

(ДОКТОРДУК ДИССЕРТАЦИЯ)

Анара МОМУНАЛИЕВА

БИШКЕК 2020

КЫРГЫЗ-ТҮРК МАНАС УНИВЕРСИТЕТИ
КООМДУК ИЛИМДЕР ИНСТИТУТУ
МЕНЕДЖМЕНТ БАГЫТЫ

БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН БАШКАРУУ: КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫН МИСАЛЫНДА

(ДОКТОРДУК ДИССЕРТАЦИЯ)

Анара МОМУНАЛИЕВА

Илимий жетекчи

ф.-м.и.к., профессор Анаркүл УРДАЛЕТОВА

БИШКЕК 2020



ETİK BEYAN

Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi Sosyal Bilimler Enstitüsü Lisansüstü Eğitim-Öğretim Tez Hazırlama ve Yazma Yönergesine uygun olarak hazırladığım bu tez çalışmasında; Tez içinde sunduğum verileri, bilgileri ve dokümanları akademik ve etik kurallar çerçevesinde elde ettiğimi; tüm bilgi, belge, değerlendirme ve sonuçları bilimsel etik ve ahlak kurallarına uygun olarak sunduğumu; tez çalışmasında yararlandığım eserlerin tümüne uygun atıfta bulunarak kaynak gösterdiğimi; kullanılan verilerde herhangi bir değişiklik yapmadığımı; bu tezde sunduğum çalışmanın özgün olduğunu bildiririm. Aksi bir durumda aleyhime doğabilecek tüm hak kayıplarını kabullendiğimi beyan ederim.

6/12/2019
Anara MOMUNALİYEVA

ЭТИКАЛЫК ТАЛАПТАР

Диссертациялык иш Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Коомдук илимдер институтунун «Магистрдик жана доктордук диссертация жазуу эрежелерине» ылайык жазылып, диссертацияда берилген маалыматтар, эмгектер жана документтер академиялык жана этикалык эрежелерди сактоо менен пайдаланылды. Ар кандай булактардан, отчёттордон алынган маалыматтар илимий жана моралдык эрежелерге ылайык берилди. Диссертацияда колдонулган бардык адабияттарга жана булактарга шилтеме жасалды. Диссертациянын оригиналдуулугуна ынандырып кете алам. Эгерде, эрежелердин бузулгандыгы аныкталса, мага каршы колдонула турган укуктук жоопкерчиликти тартууга даярмын.

6/12/2019
Момуналиева Анара Джолдошбековна

ПРОТОКОЛ



Момуналиева Анара даярдаган "Билим Берүүнүн Сапатын Башкаруу: Кыргыз Республикасынын Жогорку Окуу Жайларынын Мисалында" аттуу диссертациясы төмөндө көрсөтүлгөн жюри тарабынан ***бир добуштан*** / ~~***көпчүлүк добуш***~~ менен Кыргыз-Түрк "Манас" университети Коомдук илимдер институтунун Менеджмент багытында доктордук диссертация катары кабыл алынды.

Жюри	**Академиялык даражасы, аты-жөнү**	**Иштеген жери**	**Диссертациянын мазмуну жана сапаты боюнча доктордук диссертация деп *тастыктайм/ тастыктабайм***	**Колу**
Төрага	д.э.н., проф. Жаныл Чубурова	КЭУ	***тастыктайм/*** ~~***тастыктабайм***~~	
мүчө (илимий жетекчи)	ф.м.и.к., проф. Урдалетова Анаркүл	КТМУ	***тастыктайм/*** ~~***тастыктабайм***~~	
Мүчө	э.и.д., проф. Атантаев Истанбек	КГТУ	***тастыктайм/*** ~~***тастыктабайм***~~	
Мүчө	э.и.д., проф. Дамира Жапарова	КТМУ	***тастыктайм/*** ~~***тастыктабайм***~~	
Мүчө	Доц.Др. Касым Байнал	КТМУ	***тастыктайм/*** ~~***тастыктабайм***~~	

Диссетацияны коргогон күнү: 06/01/2020

Жюри тарабынан ***бир добуштан*** / ~~***көпчүлүк добуш***~~ менен кабыл алынган диссертация Институттун башкаруу кеңешинин 2020-13-07 номердүү жана 14/01/2020 күнкү чечими менен бекитилди.

Проф. Др. Мустафа Орчан
Коомдук илимдер институтунун директору

TEZ ONAY SAYFASI



Anara MONUMALİEVA tarafından hazırlanan "Eğitimde Kalite Yönetimi: Kırgızistan Yüksek Öğretim Kurumlarının Örneği" adlı tez çalışması aşağıdaki jüri tarafından OY BİRLİĞİ/ ~~OY ÇOKLUĞU~~ ile Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi, Sosyal Bilimler Enstitüsü İşletme Anabilim Dalında DOKTORA TEZİ olarak kabul edilmiştir.

Jüri	**Unvanı, Adı ve Soyadı**	**Çalıştığı Kurum**	**Bu tezin, kapsam ve kalite olarak Doktora Tezi olduğunu *onaylıyorum / onaylamıyorum***	**İmza**
Başkan	Prof. Dr. Canıl ÇUBUROVA	KEÜ	*onaylıyorum/ ~~onaylamıyorum~~*	
Üye (Danışman)	Prof. Dr. Anarkül URDALETOVA	KTMÜ	*onaylıyorum/ ~~onaylamıyorum~~*	
Üye	Prof. Dr. İstanbek ATANTAEV	KDTÜ	*onaylıyorum/ ~~onaylamıyorum~~*	
Üye	Prof. Dr. Damira CAPAROVA	KTMÜ	*onaylıyorum/ ~~onaylamıyorum~~*	
Üye	Doç. Dr. Kasım BAYNAL	KTMÜ	*onaylıyorum/ ~~onaylamıyorum~~*	

Tez Savunma Tarihi: 06/01/2020

Jüri tarafından **oy birliği/ ~~oy çokluğu~~** ile kabul edilen bu tez Enstitü Yönetim Kurulu 2020.13.07 sayılı ve 14.01.2020 tarihli kararıyla onaylanmıştır.

Prof.Dr. Mustafa ORGAN
Sosyal Bilimler Enstitüsü Müdürü

КЫСКАЧА МАЗМУНУ

Даярдаган : Анара Момуналиева
Университет : Кыргыз-Түрк “Манас” университети
Багыты : Менеджмент
Иштин сыпаты : PhD диссертациясы
Беттердин саны : XXII + 199
Бүтүрүү датасы : 6/01/2020
Илимий жетекчиси : ф.-м.и.к., профессор Анаркүл Урдалетова

БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН БАШКАРУУ: КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫН МИСАЛЫНДА

Бүгүнкү күндө билим берүү абдан маанилүү көрсөткүчтөрүнүн бири болуп саналып, дүйнөдө коомдук өнүгүүнүн артыкчылыктуу багыттарынын бири болуп эсептелет (Meyer, 1977). Коомдун туура иштеши жана адамга мүмкүнчүлүк түзүлүп берилиши үчүн, бүтүн билим берүү системасы жогорку сапатта болушу керек. Дүйнөлүк экономика билим жана билим технологияларына көбүрөөк маани берип баштагандыктан, экономиканын натыйжалуулугу жаңы билим алууга, илим жана билимдин өнүгүшүнө көз каранды боло баштады. Биринчи орунга материалдык байлыктар эмес, адамдык потенциал, илим жана билимдин приоритеттүү өнүгүшү чыгууда (Петров, Аристова, 2010:45-51).

Билим берүү, сапат, сапатты башкаруу жана билим берүүнүн сапатын башкаруу деген ачык сөздөр менен макалалар, диссертациялар, отчёттор, баяндамалар изилденгенден кийин, бул тема дүйнө жүзүндө изилдөөчүлөр, менеджерлер тарабынан кызыгуу жаратып, көптөгөн изилдөөлөргө себеп болгондугу аныкталды. Акыркы учурда дүйнө жүзүндө билим берүүгө компетенттүү жакындоо көбүрөөк колдонууда. Студенттер жана бүтүрүүчүлөр маалыматты билимге которуп, көз карандысыз адис болуусу талап кылынууда. Билим берүү тармагында жаңы парадигмалар жаралууда: адистер өмүр бою үйрөнүүгө жана жаңы коммуникациялык ыкмаларды колдонуп билим алууга өтүп, адистердин ийкемдүү болушуна талап кылынууда (Пономарев жб., 2016:2-3).

Мындан сырткары, жалаң гана Кыргыз Республикасында эмес, бүткүл дүйнөдө жогорку окуу жайларда берилген билимдин начарлай баштагандыгы, туура академиялык колдоосу жана сапаттуу инфраструктурасы жок билим берүү окуу жайлары келечекте мамлекетке салымы жок, начар сапаттагы бүтүрүүчүлөрдүн көбөйүшүнө алып келгендиги, билим берүү тармагында иштегендердин тынчсыздануусунун себептери боло баштады (Cardoso жб., 2016; De Wit, 2017). Билим берүү окуу жайларынын жылдан жылга көбөйүшү да бул көйгөйдүн көбүрөөк айтылышына себеп боло баштады (Abdus Samad, Thiyagarajan, 2015:2).

Кузнецованын айтымында (2009:8-9) сапат адамдардын жана коомдун жашоо образын, социалдык жана экономикалык негиздерин аныктаган негизги категориялардын бири болуп саналат. Ал эми “сапатты башкаруу термини уюм

ичинде сапатты тейлөө жана көбөйтүүнү камсыз кылуу максатында жүргүзүлгөн саясат, системалар жана процесстерди билдирет” (Csizmadia, 2006:24). “Көпкө чейин сапат материалдык эмес түшүнүк болуп эсептелген, бирок азыркы учурда сапатты "ченөөгө", "мониторинг кылууга" жана "башкарууга" мүмкүн болгону далилденди” (Massy, 1997:4). Ошондуктан, окшош принциптер билим берүүнүн сапатын өлчөөгө да ыңгайлуу.

Билим берүүнүн сапатын башкаруу дүйнө жүзүндө популярдуу болгондугуна карабастан, Кыргыз Республикасында жогорку окуу жайларында билим берүү системасынын сапатын толугу менен камтыган изилдөөлөр дээрлик жок болгону аныкталды. Маалыматтар КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-марты № 201 Токтомундагы “Кыргыз Республикасында Билим берүү системасын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары жөнүндө” 2012-2020 жылдарында билимдин өнүгүү Концепциясынын, Стратегиясынын жана иш-чаралардын Планын, Европа Биримдиги тарабынан “КР билим берүү жаатындагы реформаларга дем берүү жана мониторинг кылуу” долбоорунун ичинде каржыланган аналитикалык серептерди жана баяндамаларды (2016), КР Стратегиялык изилдөөлөр мамлекеттик институту тарабынан басылган отчётторду (2013), КР Мамлекеттик статистикалык комитетинин билим берүү жөнүндө отчётторун (2014) жана Дүйнөлүк банкы тарабынан каржыланган отчётторду (2014) камтыды. Жогорку булактарда жалпы, мектепке чейинки билим берүүдөн жогорку билим берүүгө чейинки, маалыматтар каралып чыгыптыр. Ал эми жогорку билим берүү тармагы тууралуу жана ЖОЖдордогу билим берүүнү башкаруу тууралуу изилдөөлөр табылган жок.

Бул диссертацияда Кыргыз Республикасына ыңгайлуу билим берүүнүн сапатын башкаруу моделин куруу жана колдонуу үчүн Жалпы сапатты башкаруу модели (TQM), Европалык сапатты башкаруунун артыкчылыгы модели (EFQM Excellence Model), Бүтүндүк билим өнүктүрүү модели (Holistic educational development model), Үч өлчөмдү сапат модели (Three quality dimensions model), Окуу жайындагы сапат системасы модели ж.б. билим берүүдө колдонулган моделдер изилденди (Csizmadia, 2006:61-80). Мындан тышкары математикалык ыкмаларды (Граничина, 2006:2-5) алардын арасында Билим берүү процессин башкарууда математикалык ыкманы (Математическая модель управления образовательным процессом), регрессияны куруу, Рейтингдерди эсептөө ченемдик-классификация моделин (нормативно-классификационная модель расчета рейтингов), Үлгү моделини (эталонная модель), Иреттөө моделини (модель ранжирования объектов) жана Так эмес көптүктөр теориясын (теория нечетких множеств) (Хаптахаева жб., 2004:1-5), изилдөөгө аракет жасалып, Кыргыз Республикасына ылайыктуу модель курууга аракет жасалды.

Кыргыз Республикасында билим берүүнүн сапатын башкаруу темасына ылайык изилдөө жүргүзүү үчүн республикадагы ири жогорку окуу жайларында изилдөөлөр жүргүзүлдү. Изилдөө методологиясы сандык жана сапаттык изилдөө методдорун камтыды. Экинчи маалыматтарды жана анкета аркылуу алынган биринчи маалыматтарды топтоп, аларды статистикалык методдорунун жардамы менен анализ кылгандан кийин, жыйынтыктар чыгарылып, статистикалык жыйынтыктардын интерпретациясынын негизинде Кыргыз Республикасынын

жогорку окуу жайларында билимдин сапатын жогорулатууга ылайык сунуштар жазылды.

Бул диссертациялык иш публикацияланган илимий булактарды изилдөөнү жана изилдөөнүн максатына ылайык гипотезаларды курууну, ЖОЖдордо билим берүүнүн сапатын башкаруу критерийлерди аныктоону, ЖОЖдордо билим берүүнүн сапатын башкаруу масштабын аныктоону, ЖОЖдордо билим берүүнү сапатын башкаруунун концептуалдык моделин курууну, ЖОЖдордо билим берүүнүн сапатын башкаруу моделин иштеп чыгууну, изилдөө аянтын жана үлгү боло турган ЖОЖду тандоону, сан түрүндөгү өлчөмдөрдү моделге киргизүүнү жана жыйынтыктарды чыгарууну камтыды.

Келечекте бул илимий изилдөөнүн уландысы катары сапатты жана билимдин сапатын кабыл алуу ар бир адамдын психологиясына байланыштуу болгондугу үчүн, акыркы жылдарда өнүгүп келе жаткан өлчөөгө мүмкүн болбогон берилгендерди анализдөө үчүн колдонулган маалыматтарды “Так эмес көптүктөр” (Fuzzy sets) жана “Так эмес логика” (Fuzzy logic) теориясы (Yager, Zadeh, 2012) аркылуу анализдегенге аракет жасалат.

Ачкыч сөздөр: Сапатты башкаруу, билим берүүдө сапатты башкаруу, Кыргыз Республикасынын университеттери, Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү тармагы.

ÖZ

Hazırlayan	: Anara MOMUNALİYEVA
Üniversite	: Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi
Anabilim dalı	: İşletme
Tezin niteliği	: Doktora Tezi
Sayfa sayısı	: XXII + 199
Mezuniyet Tarihi	: 6/01/2020
Tez danışmanı	: Prof. Dr. Anarkül URDALETOVA

EĞİTİMDE KALİTE YÖNETİMİ: KIRGIZİSTAN YÜKSEK ÖĞRETİM KURUMLARININ ÖRNEĞİ

Günümüzde eğitim önemli göstergelerden biri olarak, dünyadaki toplumun gelişiminde öncelik taşıyan doğrultu olduğu düşünülmektedir (Meyer, 1977). Toplumun doğru gelişmesi ve insan potansiyelinin gelişimi için fırsatlar yaratmada, eğitim sistemi yüksek kalitede olması gerekmektedir. Küresel ekonomide eğitimin gelişmesine ve eğitimde yeni teknolojilere olan ilginin artması nedeniyle, ekonominin etkinliği kaliteli eğitim ve bilimin gelişmesine daha fazla bağımlı hale gelmiştir. Öncelik olarak maddi değerler değil, insan potansiyeli ve eğitimin gelişmesine daha çok önem verilmektedir (Петров, Аристова, 2010:45-51).

Eğitim, kalite, kalite yönetimi ve eğitim kalitesi yönetimi gibi anahtar kelimeleri kullanan bir masa başı çalışmanın yanı sıra bu alandaki bilimsel çalışmaların analizi, kalite yönetimi konusunun araştırmacılar ve yöneticiler için önemli bir ilgi olduğunu ortaya koydu ve bu alanda bir çok çalışmaların yapıldığına sebep olmuştur.

Son zamanlarda, eğitim alanında, yetkinlik temelli bir yaklaşım popülerlik kazanmaktadır; bu, öğrencinin ve mezunun yalnızca bilgi ve verilere sahip olma becerisini değil, aynı zamanda bu verileri bilgiye dönüştürme ve kendi alanında uzman olmaları ve işverenler tarfından talep edilmesi için kullanma yeteneklerini de ifade. Eğitim alanında yeni paradigmaların ortaya çıktığını not etmek de önemlidir: uzmanlar yaşam boyu öğrenme (life-long learning), yeni iletişim becerilerinin kullanımı ve potansiyellerini geliştirme ilkelerine geçiyorlar (Пономарев vb., 2016: 2-3).

Aynı zamanda, uzmanlar ve eksperleri, yüksek kaliteli ve güçlü akademik personel eksikliği ve az gelişmiş altyapı eksikliği ile karakterize edilen yüksek öğrenim kalitesindeki yaygın bozulma konusu endişelendirmektedir etmektedir (Cardoso vb., 2016; De Wit, 2017). Eksperlere göre, yukarıdaki faktörler ülkenin kalkınmasına katkıda bulunamayan mezunların bolluğuna yol açabilir. Ayrıca, ilgilenen toplum tarafından bu soruna duyulan ilgi, yüksek öğretim kurumlarının sayısındaki artıştan kaynaklanmaktadır (Abdus Samad, Thiyagarajan, 2015: 2).

Kuznetsova'nın çalışmasında (Кузнецова, 2009:8-9) kalite, bir insanın ve toplumun yaşam tarzını ve sosyo-ekonomik temelleri belirleyen ana kategorilere dahil edilir, "kalite yönetimi, kurumun kalite seviyesini artırmaya yönelik politikaları, sistemleri ve süreçlerinden başka bir şey değildir" (Csizmadia, 2006:24). "Uzun süre kalitenin somut olmadığı düşünüldü, ancak günümüzde kalitenin" ölçülebildiği", “kalitenin ”izlenmesi ve kalitenin yönetilebileceği” kanıtlandı (Massy, 1997:4), bu nedenle eğitimin kalitesini değerlendirmede benzer ilkeler de uygulanabilir.

Dünyada yükseköğretim kalite yönetimi konusunun popülerliğine rağmen, bu tez araştırması sırasında bu konunun Kırgız Cumhuriyeti'nde pratik olarak hiç çalışılmadığını ortaya koydu. Kaynaklarda, eğitim alanı, Kırgız Cumhuriyeti'nde 2012-2020 Eğitiminin Gelişim Stratejisi'nde, Kırgız Cumhuriyeti'nde eğitim alanında reformları teşvik etme ve izleme” Avrupa Birliği hibe projesinin analitik incelemeleri ve raporlarında (2016), Kırgız Cumhuriyeti Ulusal Stratejik Araştırmaları Enstitüsü’nün raporlarında (2013), Kırgız Cumhuriyeti Ulusal İstatistik Komitesi’nin raporlarında (2014) ve Dünya Bankası’nın desteğiyle (2014) yürütülen araitırma raporlarında ele alınmıştır. Yukarıda bahsedilen kaynaklarda, okul öncesi eğitimle başlayıp yüksek öğrenimle sona eren genel eğitim sistemi bir bütün olarak tanımlanır. Bir masa çalışması Kırgız Cumhuriyeti’nin yüksek eğitim kurumlarında kalite yönetimi alanında bilimsel bir çalışmaların olmadığını göstermiştir.

Kırgız Cumhuriyeti için uygun bir modeli belirlemek ve oluşturmak için aşağıdaki modeller analiz edildi: genel kalite yönetimi modeli (Total Quality Management Model), Avrupa Kalite Yönetimi Vakfı (EFQM Excellence Model), Eğitimin bütünsel gelişim modeli (Holistic educational development model), üç boyutlu kalite modeli (Three quality dimensions model) ve bir eğitim kurumunda kalite sistemi modeli (Csizmadia, 2006:61-80). Ayrıca, eğitim kalitesi yönetimine matematiksel yaklaşımlar da ele alındı (Граничина, 2006:2-5); bunun içinde eğitim süreci yönetiminin matematiksel modeli, regresyon analizi, derecelendirmelerin hesaplanmasında normatif bir sınıflandırma modeli, referans modeli, nesne sıralama modeli ve bulanık küme teorisi de yer aldı (Хаптахаева vb., 2004:1-5)

Kırgız Cumhuriyeti'nde yükseköğretim kalitesinin analizi tez çalışması sırasında ülkedeki en prestijli ve en büyük altı üniversitesinde elde edilen verilere dayanarak yapıldı. Yöntem, nitel ve nicel araştırma yöntemleri kullanılarak yapılan analizleri içermektedir. Sonuç ve öneriler veri analizine dayanarak yapılmıştır.

Tez yazımı sırasında ikincil bilgi kaynakları analiz edildi ve hipotezler oluşturuldu, değerlendirme kriterleri ve çalışmanın kapsamı belirlendi ve üniversitelerde eğitimin kalitesini değerlendirmek için uygun bir model geliştirilerek inşa edildi. Ayrıca analize dayalı sonuçlar çıkarıldı ve öneriler geliştirildi. Gelecekte, eğitim kalitesinin algılanması bir kişinin psikolojisi ve bilişsel işlevleriyle yakından ilişkili olduğu için, artan popüler bulanık kümeler teorisi (Fuzzy sets) ve bulanık kümeler lojiği (Fuzzy logic) (Yager, Zadeh, 2012) kullanılarak toplanan verilerin analiz edilmesi planlanmaktadır.

Anahtar kelimeler: Kalite yönetimi, eğitimde kalite yönetimi, Kırgızistan üniversiteleri, Kırgızistan'daki eğitim sektörü.

АБСТРАКТ

Автор : Момуналиева Анара Джолдошбековна
Название ВУЗа : Кыргызско-Турецкий университет “Манас”
Направление : Менеджмент
Тип диссертации : (PhD) диссертациясы
Количество страниц : XXII + 199
Год окончания учебы : 6/01/2020
Научный руководитель : к.ф.-м.н., проф. Урдалетова Анаркуль Бурганаковна

Менеджмент качества образования: на примере высших учебных заведений Кыргызской Республики

На сегодняшний день образование, являясь одним из важных показателей развития, во всем мире считается приоритетным направлением в развитии общества (Meyer, 1977). Для правильного развития общества, а также создания возможностей для развития человеческого потенциала, система образования должна предоставлять образовательные услуги высокого качества. Как известно, исследователи в области экономики считают, что эффективность экономики стала в большей степени зависеть от получения качественного образования и развития науки. На приоритетное место выходят не материальные ценности, а человеческий потенциал и развитие науки (Петров, Аристова, 2010:45-51).

Кабинетное исследование с использованием таких ключевых слов как образование, качество, управление качеством и управление качеством образования, а также анализ научных трудов в этой области выявили, что тема управления качеством вызывает немалый интерес со стороны исследователей и менеджеров, что, в свою очередь, является причиной увеличения многочисленных исследований в этой области.

В последнее время в области образовании приобретает популярность компетентностный подход, что подразумевает способность студента и выпускника не просто владеть информацией и данными, а возможность переводить эти данные в знания и использовать в работе для того чтобы быть специалистами в своей сфере и быть востребованными со стороны работодателей. Также важно отметить, что в сфере образования зарождаются новые парадигмы: специалисты переходят на принципы обучения в течение всей жизни (life-long learning), использования новых коммуникативных навыков и наращивания своего потенциала (Пономарев жб., 2016:2-3).

В то же время специалистов и экспертов волнует повсеместное ухудшение качества высшего образования характеризуемого отсутствием качественного и сильного академического состава и слаборазвитой инфраструктурой в системе образования (Cardoso и др., 2016; De Wit, 2017). Вышеперечисленные факторы, по мнению экспертов, в свою очередь могут привести к обилию выпускников которые не смогут внести свою лепту в развитие страны. Также со стороны заинтересованной

общественности интерес к данной проблеме подогревается увеличением количества высших учебных заведений (Abdus Samad, Thiyagarajan, 2015:2).

В работе Кузнецовой (2009:8-9) качество входит в основные категории определящие образ жизни человека и общества и социально-экономические основы, тогда как “управление качеством есть ничто иное как проводимая организацией политика, системы и процессы с целью повышения уровня качества в организации” (Csizmadia, 2006:24). “В течение долгого времени качество считалось нематериальным, но в наше время доказано что качество можно “измерять, проводить мониторинг качества и управлять качеством” (Massy, 1997:4), поэтому схожие принципы также применимы в оценке качества образования.

Не смотря на популярность темы управления качеством высшего образования во всем мире, в ходе исследования выяснилось, что данная тема практически не исследована в Кыргызской Республике. В доступных источниках сфера образования рассматривается в Стратегии развития образования в Кыргызской Республике на 2012-2020 годы, в аналитических обзорах и отчётах грантового проекта Европейского Союза “Стимулирование и мониторинг реформ в сфере образования в КР” (2016), в отчётах Национального института стратетических исследований КР (2013), в отчётах Национального статистического комитета КР (2014) и в отчётах исследований проведенных за счет поддержки Всемирного банка (2014). В вышеперечисленных источниках описывается система образования в целом, начиная с дошколного образования и заканчивая высшим образованием. Кабинетное исследование показало что отсутствуют научные исследования в области управления качеством в ВУЗах КР.

Для определения и построения подходящей Кыргызской Республике модели в этой диссертации были проанализированы следующие модели: модель всеобщего управления качеством (TQM), модель Европейского фонда по менеджменту качества (EFQM Excellence Model), модель целостного развития образования (Holistic educational development model), модель трехизмеримого качества (Three quality dimensions model), а также модель качественной системы в учебном заведении (Csizmadia, 2006:61-80). Более того, были рассмотрены математические подходы в управлении качеством образования (Граничина, 2006:2-5), которые включили в себя математическую модель управления образовательным процессом, построение регрессии, нормативно-классификационную модель расчета рейтингов, эталонную модель, модель ранжирования объектов и теорию нечетких множеств (Хаптахаева жб., 2004:1-5).

Анализ качества высшего образования в Кыргызской Республике был проведен на основе данных полученных в ходе исследования в шести наиболее престижных и крупных университетах республики. Методология включила анализ с использованием качественных и количественных методов исследования. Выводы и рекоммендации были сделаны на основе проведенного анализа данных.

В ходе написания диссертации были проанализированы вторичные источники информации и построены гипотезы, определены критерии оценки и масштаб исследования, разработана и построена подходящая модель оценки качества образования в ВУЗах. Также на основе анализа были сделаны выводы и разработаны рекоммендации. В дальнейшем, в виду того что восприятие качества

образования тесно связано с психологией и когнитивными функциями человека, планируется провести анализ собранных данных с использованием приобретающей все большую популярность теории нечетких множеств (Fuzzy sets) и нечеткой логики (Fuzzy logic) (Yager, Zadeh, 2012) .

Ключевые слова: Управление качеством, управление качеством образования, университеты Кыргызской Республики, сектор образования в Кыргызской Республике.

ABSTRACT

Author	: Anara Momunalieva
University	: Kyrgyz-Turkish ‘Manas’ University
Department	: Management
Type of Dissertation	: PhD Thesis
Number of Pages	: XXII + 199
Graduation Date	: 6/01/2020
Scientific Supervisor	: Prof. Dr. Anarkul Urdaletova

EDUCATION QUALITY MANAGEMENT: ON THE EXAMPLE OF HIGHER EDUCATIONAL INSTITUTIONS OF KYRGYZ REPUBLİC

Nowadays education is counted as one of the most important indicators of society development (Meyer, 1977). In order to assure the progressive development of society and to give opportunities for every person, the education system as a whole should be of very high quality. Since the human potential is put on the first place rather than the material values (Петров, Аристова, 2010:45-54), there is the tendency in the world that education and education technologies, education development and innovation processes are given more value than before.

The literature review revealed that quality-related topics bring much interest from researchers' and managers' sides. Recently competency-based approach in education is being widely used in the world: university students and alumni have to transfer information into knowledge and have to be able to work independently when needed. New paradigms are being introduced in the education sector: life-long learning and learning through new communication methods are becoming the first choice in education sector, specialists are required to be more flexible than before (Пономарев et al., 2016: 2-3).

However, the general tendency is that the world education system has become worse as specialists working in this field mark (Cardoso et al., 2016; De Wit, 2017). It leads to an increase in the number of graduates, who cannot contribute to their countries and the world's steadiness.

Referring to Kuznetsova (2009:8-9) quality is being considered as one of the major categories defining the society lifestyle and socio-economic basics. According to Csizmadia the quality management term “ refers to the policies, systems and processes designed to ensure the maintenance and enhancement of quality within an institution” (2006:24).

“For a long time quality was not considered as a material value; however, nowadays, quality can be “measured”, “monitored” and “managed” (Massy, 1997:4). Therefore, similar principles can be applied in the education field as well.

Although education quality management topic is very popular in the world, there are almost no researches done in this field in Kyrgyzstan. Education in Kyrgyzstan is described within Education Development Strategy of the Kyrgyz Republic for 2012-2020, reports of “Fostering and Monitoring of the Education Reforms in the Kyrgyz Republic” project funded by EU grant (2016), reports of National Statistics Committee (2014), reports of National Institute for Strategic Studies of the Kyrgyz Republic (2013) and reports of the projects funded by the World Bank (2014). In previously mentioned sources education sector of Kyrgyzstan is described from kindergarten to postgraduate education; however, literature review revealed that there are no researches related to the management of the quality of higher education in Kyrgyzstan done.

Nowadays, there are many models in managing the quality of education, including qualitative and quantitative methods of analysis. Those models include but are not limited to Total Quality Management model, European Foundation for Quality Management Excellence Model, Holistic Educational development model, Three quality dimensions model, Massy' s six quality process domains model, Dill's framework for academic quality management (Csizmadia, 2006, pp. 61-80), Reference model, Object ranking model, Regression (Граничина, 2006:2-5), Fuzzy Sets Theory (Хаптахаева et al., 2004:1-5) and so on. However, with this diversity of proposed models, an examination of education quality requires those models to be adapted to the education sector in Kyrgyzstan due to its peculiarity.

The survey was made in the six biggest universities of the Kyrgyzstan. The research methodology included quantitative and qualitative methods of research. Based on the research results the recommendations were made.

The dissertation included literature review and defining research questions, defining criterias of higher educational quality management and scope of work, defining and developing the conceptual model of higher educational quality management, defining universities where to conduct the research, analyzing the gathered data and developing recommendations. As a future continuation of this scientific research, due to the differences in people's perception of quality, it is planned to analyze the data using the Fuzzy sets theory and Fuzzy logic (Yager, Zadeh, 2012) which are getting more popular today.

Key words: quality management, education quality management, universities of Kyrgyzstan, higher education sector of Kyrgyzstan.

БАШКЫ СӨЗ

Бул доктордук (Ph.D.) диссертация Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайларындагы билим берүүнүн сапатын башкаруу тууралуу диссертациясы болуп саналат. Бул диссертация жалаң гана академиялык персоналга эмес, билим берүү тармагына тиешелүү адистерге, КР Билим жана илим министрлигине жана эл аралык уюмдарга пайдалуу болоруна ишенебиз.

Бул илимий эмгек Кыргыз-Түрк “Манас” университети тарабынан түзүлгөн шарттары менен жана агай-эжейлер тарабынан көрсөтүлгөн колдоо менен ишке ашты.

Биринчиден, бул диссертациянын темасын тандоодон баштап акыркы жыйынтыктарды жана сунуштарды чыгарганга чейин убактысын, көп жылдык тажрыйбасын жана ой-пикирлерин аябай, багыт берген жетекчим ф.-м.и.к., профессор Анаркүл Урдалетова эжейге терең ыраазычылык билдирем.

Экинчиден, диссертацияны жетектөө комитетинин мүчөлөрү э.и.д., профессор Дамира Жапарова эжейге, Ph.D., доцент Гүл Хасан агайга жана Ph.D., доцент Байнал Касым агайга берген жардамы үчүн, кеңештери үчүн терең ыраазычылык билдирем.

Үчүнчүдөн, бул эмгектин даярдалышына жардамын жана убакытын аябаган Сейил Нажимудинова, Разия Абдиева, Рита Исмаилова илимий кызматкерлерге, Борбордук Азиядагы Америка университетинин, М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин, К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин жана Ош мамлекеттик университетинин мугалимдерине ыраазычылык билдирем.

Эң негизгиси, ар дайым күч-кубат берген ата-энеме, пикирдеш жолдошума, балдарыма ыраазычылыгымды билдирем.

Бишкек, 2020-ж. **Момуналиева Анара Джолдошбековна**

МАЗМУНУ

БӨЛҮМ 1

БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНДА САПАТТЫН ТЕОРЕТИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫ

БӨЛҮМ 2

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНДА ЖҮРГҮЗҮЛГӨН ИЗИЛДӨӨНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

БӨЛҮМ 3

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНА БАЙЛАНЫШТУУ КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖАНА ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗИНДЕ ЖАСАЛГАН ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА СУНУШТАР

КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨР

EFQM	European Foundation for Quality Management Excellence Model
ISO	International Organization for Standardization
TQM	Total Quality Management model
б.э.ч.	биздин эрага чейинки
БААУ	Борбордук Азиядагы Америка университети
ЕГЭ	Единый государственный экзамен
ЕСБА модели	Европалык сапатты башкаруунун артыкчылык модели
ЕЭАБ	Евразиялык экономикалык аймактар биримдиги
ж.б.	жана башкалар
ЖОЖ	Жогорку окуу жай
ЖРТ	Жалпы республикалык тестирлөө
ЖСБ модели	Жалпы сапатты башкаруу модели
ИДП	Ички дүң продукт
КР	Кыргыз Республикасы
КТМУ	Кыргыз-Түрк “Манас” университети
КУУ	Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети
КЭУ	М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университети
МАРА	Мамлекеттик аккредитация жана рейтинг агентствосу
ОМУ	Окутуу-методикалык уюмдары
ОшМУ	Ош мамлекеттик университети
СОКО	Обзор системы оценивания качества образования в КР
ЫМУ	К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети

ТАБЛИЦАЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

СҮРӨТТӨРДҮН ТИЗМЕСИ

КИРИШ СӨЗ

Илимий иштин актуалдуулугу. Жалпы башкаруу жана сапатты башкаруу XX-кылымдын башында киргизилген Фредерик Тейлордун илимий башкаруу концепциясынын негизинде түзүлгөн (Juran, 1973:1). Жалпы башкаруу жана сапатты башкаруу бири бирине көз карандысыз болуп өнүгүп келген, ал эми акыркы жылдары жогорку эки түшүнүк жогоруураак деңгээлде биргелешип баштоодо. Ошол эле учурда, сапатты аныктоонун акыркы чынжыры катары керектөөчүү болгондугу үчүн сапатты башкаруу ар кандай чөйрөдө негизги принциптердин үстүндө жүргүзүлүүдө (Вешнева, 2009:7-8). Ошентип, жогорку билим берүү тармагында дагы жалпы сапатты башкаруу негиздеринин жана моделдеринин колдонулушу ыктымал. Бирок, ошол эле учурда, билим берүүдө бүтүрүүчүнүн билими эсепке алынгандыгы жана ошол билимдин сапатын ченөө билимди кабыл алуу аркылуу ченелгендиги үчүн, жогорку билим берүүдө сапатты башкаруу айырмаланышы жана өзгөчөлүктөргө ээ болушу ыктымал.

Азыркы учурда, дүйнө жүзүндөгү өнүккөн өлкөлөрдө билим берүүдө сапатты башкаруунун популярдуу болгон тенденциясы бар болууда. Технологиялык прогресс жана күндөн күнгө көбөйгөн инновациялар адамдык ресурстарын биринчи орунга чыгарып, адистер жана башкаруучулар билим берүүнүн сапатына көбүрөөк маани бере баштады. Убакыттын өтүшү менен жана адамдардын жогорку билимдин маанилүүлүгүн түшүнө баштагандыктан, жогорку билимге болгон талап күндөн күнгө өсүүдө (Aydın, 2015:1). Жогорку билимге болгон талапты кандыруу үчүн дүйнө жүзү боюнча көптөгөн жаңы жогорку окуу жайлар ачылууда. Кыргыз Республикасы да бул трендтен четте болбогондугу анык. Ошондуктан жогорку окуу жайларында берилген билимдин сапатын башкаруу өтө керектүү жана маанилүү болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасында билим берүү системасынын форматы Советтер Союзунан калган болуп саналат. Союз тарагандан кийин жогорку окуу жайдагы билим берүү инерциялык тенденцияны сактап келген. Ал эми билим берүү тармагындагы реформалар эки декададан бери киргизилүүдө. Ошол реформалар ийгиликтүү болуп болбогону, билим берүү системасындагы натыйжалар узун мөөнөттө билингендиги үчүн, 10-15 жылдан кийин билинип баштайт (Рыскулуева, Хамзина, 2013:9).

Эки этаптуу билим берүү процессине, Болонья процессине, Кыргыз Республикасы 2010-жылдан тарта кошула баштады. Азыркы жогорку билим берүү системасында компетенттүүлүк жакындоо көбүрөөк колдонулуп баштады. Мунун себеби катары билим берүүгө жалпы көз караш алмашып, бүтүрүүчүлөрдүн жалаң гана маалыматка ээ болбостон, ошол маалыматтарды билимге айлантып керектүү учурларда колдонуу мүмкүнчүлүгү маанилүү болгондугу аныкталууда (Мединцева, 2012:215). Ошол эле учурда, билим берүү тармагында жаңы парадигмалар жаралууда: адистер өмүр бою үйрөнүүгө жана жаңы коммуникациялык ыкмаларды колдонуп билим алууга өтүп, адистердин көз карандысыз жана ийкемдүү болушуна талап кылынууда (Пономарев жб., 2016:2-3).

Илимий иштин баалуулугу. Кыргыз Республикасында жогорку билим берүү тармагына тийиштүү ылайыктуу жаңы парадигмаларды аныктоо керекчилиги, жогорку окуу жайларындагы билим берүүнүн сапатын башкаруу менен байланыштуу изилдөөлөр дээрлик жок болгондугу жана билим берүү Кыргыз Республикасында менеджмент жагынан каралбай, көбүнчө педагогика жана экономика жагынан каралганы бул илимий ишти актуалдуу кылууда. Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларындагы билимдин сапатын башкарууда алгачкы кадамдар жаңыдан жасалууда, ошондуктан бул илимий иштин негизги максаты Кыргыз Республикасындагы ЖОЖдун ичинде болгон билим берүүнүн сапатын тагыраак маалыматтарга ээ болуу үчүн статистикалык ыкмалардын негизинде аныктоо жана башкаруу болуп саналат.

Бул изилдөөнүн пайдалары катары чет өлкөлөрдүн жогорку билим берүүдө топтолгон тажрыйбасын жана Кыргыз Республикасында жогорку окуу жайдагы билим менен байланыштуу болгон маалыматтарды топтоону; Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайлардын бүгүнкү абалын түшүнүүнү жана анализдөөнү; Кыргыз Республикасындагы билим берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн негизги критерийлерди аныктоону жана жогорку окуу жайларында колдоно турган сунуштарды иштеп чыгууну эсептөөгө мүмкүн.

Илимий иштин жаңылыгы. Илимий изилдөөнүн негизинде Кыргыз Республикасында жогорку билим берүүнүн сапатын башкаруу тууралуу маалыматтар дээрлик жок болгону аныкталды. Маалыматтар КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-марты № 201 Токтомундагы “Кыргыз Республикасында Билим берүү системасын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары жөнүндө” 2012-2020 жылдарында билимдин өнүгүү Концепциясынын, Стратегиясынын жана иш-чаралардын Планын, Европа Биримдиги тарабынан “КР билим берүү жаатындагы реформаларга дем берүү жана мониторинг кылуу” проектинин ичинде каржыланган аналитикалык серептерди жана баяндамаларды (2016), КР Стратегиялык изилдөөлөр мамлекеттик институту тарабынан басылган отчётторду (2013), КР Мамлекеттик статистикалык комитетинин билим берүү жөнүндө отчёттору (2014) жана Дүйнөлүк банк тарабынан каржыланган отчётторду (2014) камтыды. Жогорку булактарда жалпы, мектепке чейинки билим берүүдөн жогорку билим берүүгө чейинки, маалыматтар каралып чыгыптыр.

Бул диссертацияда жогорку билим берүү тармагы кылдат изилденип, ЖОЖдордогу билим берүүнүн сапаты каралып чыкты. Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү тармагына тийиштүү стандарттар, аккредитация тууралуу маалыматтар жана рейтингдердин критерийлери Европанын стандарттары жана критерийлери менен салыштырылды.

Мындан сырткары, Кыргыз Республикасынын Евразиялык экономикалык биримдигине киргенден кийинки жогорку билим берүү тармагына болгон таасири каралып чыкты.

Тандалган алты ЖОЖдо студенттердин жана мугалимдердин көз карашы менен билим берүүнүн сапатын аныктоо үчүн изилдөө жүргүздү. Анализ сандык жана сапаттык методдору аркылуу жасалды. Сапаттык метод катары Кейстерди салыштыруу метод менен анализдөө тандалып, сандык методдору катары Кросстабуляция, Т-тести, ANOVA тести, Апостериордук тести, Корреляция жана Регрессия методдору колдонулду.

Мындан сырткары, билим берүү тармагын өнүктүрүү үчүн анализдин негизинде сунуштар даярдалды.

Илимий иштин түзүлүшү жана гипотезалар. Бул илимий эмгек үч бөлүмдөн турат. Биринчи бөлүм үч бөлүктөн турат. Биринчи бөлүктө сапат, сапатты башкаруу, билимдин сапатын башкаруу жана билим берүүдө дүйнө жүзүндө колдонулган моделдер каралып, жалпысынан билим берүү системасында сапаттын теоретикалык негиздери каралып чыккан. Экинчи бөлүктө Кыргыз Республикасында болгон жогорку окуу жайларында билим берүүнүн сапатына тийиштүү мыйзамдар, токтомдор, буйруктар жана жоболор жана көз карандысыз уюмдардын отчёттору анализденип чыккан. Мындан тышкары, Евразия экономикалык биримдигинин билим берүү тармагына тийгизген таасири каралып чыкты. Үчүнчү бөлүктө жогорку билим берүү тармагына тийиштүү стандарттар, аккредитация тууралуу жана жогорку окуу жайлардын рейтингдери тууралуу маалыматтар изилденди.

Экинчи бөлүмдө тандалган окуу жайлардын анализи жасалган. Тандалган жогорку окуу жайлардын тизмеси Кыргыз-Түрк “Манас” университетин, Борбордук Азиядагы Америка университетин, М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетин, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетин, К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетин жана Ош мамлекеттик университетин камтыды. Тандалган университеттердин төртөө Бишкек шаарында жайгашып, бирөө Кыргыз Республикасынын түндүгүндө жана дагы бирөө республиканын түштүгүндө жайгашкан. Кыргыз Республикасы чакан өлкө болгондуктан, изилдөө мамлекеттик форматта жасалган. Изилдөө кабинеттик изилдөөнү, сурамжылоону жана маектешүүнү камтыды. Жогорку окуу жайлардагы билим берүүнүн сапатын башкаруу менен байланыштуу төмөнкүдөй гипотезаларга жооп табылды:

Студенттер үчүн гипотезалар төмөнкүдөй курулду:

Гипотеза 1. Абитуриенттердин ЖОЖду тандоодо таасирин тийгизген факторлорго байланыштуу гипотезалар.

Гипотеза 1.а. Абитуриенттердин ЖОЖду тандоосу Жалпы республикалык тестирлөөдө алган упайларга байланыштуу

Гипотеза 1.б. Абитуриенттердин ЖОЖду тандоосу мектепти бүтүргөн аймакка байланыштуу

Гипотеза 1.в. Абитуриенттердин ЖОЖду тандоосу абитуриенттердин жынысына байланыштуу

Гипотеза 2. Студенттердин жеке өбөлгөлөрүнүн кабыл алынган билимдин сапатына тийгизген таасирине байланыштуу гипотезалар.

Гипотеза 2.а. Студенттердин жынысына байланыштуу билимдин сапатын сезүүдө айырмачылык бар болууда

Гипотеза 2.б. Студенттердин мектепти бүтүргөн аймагына байланыштуу билимдин сапатын сезүүдө айырмачылык бар болууда

Гипотеза 2.в. Студенттердин окуган ЖОЖго байланыштуу билимдин сапатын сезүүдө айырмачылык бар болууда

Гипотеза 3. ЖОЖдордогу студенттердин кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизген факторлорго байланыштуу гипотезалар.

Гипотеза 3.а. Студенттердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдун материалдык-техникалык базасы менен канааттанууга байланыштуу

Гипотеза 3.б. Студенттердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордогу колдоо менен канааттанууга байланыштуу

Гипотеза 3.в. Студенттердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордогу группалардын арасындагы мамилелерге байланыштуу

Гипотеза 3.г. Студенттердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордогу мугалимдердин профессионалдуулугуна байланыштуу

Мугалимдер үчүн гипотезалар төмөнкүдөй курулду:

Гипотеза 1. ЖОЖдордогу мугалимдердин демографиялык өбөлгөлөрүнүн алардын кабыл алынган билимдин сапатына тийгизген таасирине байланыштуу гипотезалар.

Гипотеза 1.а. Мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордогу мугалимдердин жынысына жана жашына байланыштуу

Гипотеза 1.б. Мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты мугалимдердин иштеген ЖОЖуна жана ошол жердеги тажрыйбасына байланыштуу

Гипотеза 1.в. Мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордогу мугалимдердин иштеген бөлүмүнө байланыштуу

Гипотеза 1.г. Мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордогу мугалимдердин илимий даражасына байланыштуу. Бөлүмдүн популярдуу болгону менен тандалган кесиптин арасында байланыш бар болууда.

Гипотеза 2. ЖОЖдордогу мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизген факторлорго байланыштуу гипотезалар.

Гипотеза 2.а. Мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдун материалдык-техникалык базасы менен канааттанууга байланыштуу

Гипотеза 2.б. Мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордогу мугалимдердин коллегаларынын кесипкөйлүгү менен канааттануусуна байланыштуу

Гипотеза 2.в. Мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордогу сабак учурунда колдонулган методдорго байланыштуу

Гипотеза 2.г. Мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордогу группалардын арасындагы мамилелерге жана биргелешкен ишке байланыштуу. ЖОЖдордогу группалардын арасындагы мамилелер менен биргелешкен иштин арасында байланыш бар болууда.

Мындан тышкары студенттердин жана мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапатына таасиринин тийгизген факторлор анализденди.

Изилдөө методдору. Табылган маалыматтар сандык жана сапаттык методдору аркылуу анализ жүргүзүлдү. Сандык анализ Кросстабуляция, Т-тести, ANOVA тести, Апостериордук тести, Корреляция жана Регрессия ыкмаларын камтыды. Анализ жалаң статистикалык ыкмаларга таянбастан, сапаттык ыкманы дагы камтыды. Тандалган жогорку окуу жайлардын кейстери жазылып салыштыруу ыкмасы менен анализ жүргүзүлдү.

Алгачкы пилоттук изилдөө Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде өткөрүлдү. Окуу жайдын мугалимдерине жана студенттерине эки түрдүү анкета даярдалды. Анкета суроолору ЖОЖдордогу билим берүүнүн сапаты тууралуу, ар кандай сапатты башкарган моделдер тууралуу, ЖОЖдордогу көйгөйлөр тууралуу суроолорду камтыды. Анкеталардын баштапкы суроолору Европа өлкөлөрүндөгү жогорку окуу жайларында өткөрүлгөн анкеталардын суроолоруна окшош болду. Пилоттук сурамжылоо академиялык персоналдын жана студенттердин сапат тууралуу билими аз болгондугун жана билимдин сапаты менен кызыкпагандыгын аныктады. Сурамжылоого катышкан студенттердин жана мугалимдердин көбү суроолорго жооп бере албай калды. Ошондуктан сурамжылоо үчүн жаңы суроолор даярдалды.

Жалпысынан 295 студент жана 115 мугалим анкета суроолоруна жооп берди. Студенттердин арасында жүргүзүлгөн сурамжылоо үчүн Кронбахтын альфасы (Cronbach's alpha) 0,804 болуп, мугалимдердин арасында жүргүзүлгөн сурамжылоо үчүн Кронбахтын альфасы (Cronbach's alpha) 0,726 болду. Чектөө катары администрация тарабынан келген буйруктардын негизинде тандалган мамлекеттик университеттеринде окуу жайларды жакшы жагынан көрсөтүп, мугалимдер тарабынан окуу жайларында болгон көйгөйлөр тууралуу жооптордун берилбегендиги болду. Ошондуктан кээ бир мугалимдердин толугу менен көйгөйлөр тууралуу айтканга мүмкүнчүлүгү болгон жок.

Сурамжылоодон тышкары, тандалган жогорку окуу жайларында сапаттуулук боюнча жооптуу адистер менен жана аккредитация борборунун адиси менен маектешүү өткөрүлдү.

Үчүнчү бөлүмдө жогорку окуу жайларындагы билим берүүнүн сапатына тиешелүү жалпы маалыматтарга анализ жүргүзүлдү жана жыйынтыктар чыгарылып, сунуштар берилди.

1-БӨЛҮМ

БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНДА САПАТТЫН ТЕОРЕТИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫ

1. БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНДА САПАТТЫН ТЕОРЕТИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

Сапат

Кузнецованын айтымында (2009:8-9) сапат адамдардын жана коомдун жашоо образын, социалдык жана экономикалык негиздерин аныктаган негизги категориялардын бири болуп саналат. Окумуштуулардын жана адистердин арасында жогорку категориянын бир канча аныктамалары бар. Алар Таблица 1.1.де берилген.

Таблица 1.1. Сапат түшүнүгүн чечмелөө үчүн ар түрдүү ыкмалар (Кузнецова, 2009: 8-9)

Автор	**«Сапат» түшүнүгүнүн чечмеленмеси**
Аристотель (б.э.ч. III кылым)	Сапат – нерсенин башка нерселерден туруктуулугун, айырмачылыгын билдирген белгилүү бир айырма.
Гегель (XIX к.)	Сапат бул биринчиден бирдей аныктык: бир нерсе анын сапатына байланыштуу болгондуктан бир нерсе болот. Өзүнүн сапатын жоготкон сайын ал бир нерсе бир нерсе болгондугун жоготот.
С.И. Ожеговдун Орус тил сөздүгү (биринчи басылышы 1949-ж.)	Сапат - бир нерсени же кубулушту башка бир нерседен айырмалаган маанилүү өзгөчөлүктөрүнүн, касиеттеринин жана белгилеринин болушу.
Кытай версиясы	Сапат “баалуу” жана “жогорку класстагы” түшүнүктөрүнө барабар.
Исикава К.	Сапат – кардарларды реалдуу канааттандыраарлык касиет.
Джуран Дж.	Сапат - бул кардарларды канааттандыруунун даражасы болуп саналат.
Дэминг Э.	Сапат – кардарлардын бүгүнкү жана келечектеги талаптарына багытталган касиет.

Фейгенбаум А.	Сапат - рыноктук изилдөөнүн, долбоор түзүүнүн, өндүрүштүн, кызмат кылуунун жалпыланган рыноктук өзгөчөлүктөрү. Жыйынтыгында өндүрүлгөн өнүмдөрдүн жана тейлөө кызматтарынын ылайыктуулугунун даражасы белгиленет.
Кросби Ф.	Сапат – кардарлардын талаптарына шайкештик.
ISO 9000:2000	Сапат - кардарлардын жана башка кызыкдар тараптардын талаптарына жооп берген продукциянын мүнөздөмөлөрүнүн даражасы.

Венгриялык изилдөөчүнүн Шисмадия Тибордун диссертациясында сапаттын “эч кандай бир, абсолюттук, макулдашылган же жалпы кабыл алынган термин катары аныктамасы жок, бирок бири-бирин толуктаган бир катар чечмелөөлөрү бар” деп айтылган (Csizmadia, 2006:23).

Кэрол Ривз жана Дэвид А. Беднардын изилдөөлөрүнө таянсак “сапат” терминин аныктоо үчүн терминдин тарыхын, же башкача айтканда, “тамырларын” түшүнүш керек (Reeves, Bednar, 2009:420-427). Жогоруда айтылган авторлор сапатты төрткө бөлөт:

- Сапат – бул артыкчылык.

Сапат жөнүндө маанилүү талкуулоолор грециялык философтор тарабынан жүргүзүлгөн. Алар сапатты артыкчылыкка теңдештиришкен. Мисалы: ат болсо- тулпар болсун, адам баласы болсо акылы, ойлору, физикалык күчү башкаларга салыштырмалуу ашып турсун.

- Сапат – бул нарк.

Бизнес чөйрөсүндө арзаныраак, начарыраак продукция жасалып баштагандыктан, сапат баага же наркка байланыштуу болуп калды.

- Сапат – өзгөчөлүктөргө туура келүү.

Эгер бөлүктөр өзгөчөлүктөргө туура келбесе, алар бири бирине алмаштырылбайт, ал болсо өндүрүш системасына доо келтирет.

- Сапат - бул кардарлардын күтүүлөрүнө ылайык болуу жана/же күтүүлөрдү ашып өтүү.

Сервистин өнүгүшү сапаттын өнүгүшүнө алып келди.

Поллит жана Букертке шилтеме кылсак, сапаттын жалаң гана эки багыты бар: акчанын наркы, пай кармоочулардын ыраазычылыгы жана нөл ката окшош аныктамаларды камтыган продукцияга багытталган көрүнүш, жана процесске багытталган сапатты гана камтыган көрүнүш (Csizmadia, 2006:23).

Сапатты Башкаруу

“Сапатты башкаруу термини уюм ичинде сапатты тейлөө жана көбөйтүүнү камсыз кылуу максатында жүргүзүлгөн саясат, системалар жана процесстерди билдирет” (Csizmadia, 2006:24). ISO стандарттарында да сапатты башкаруу принциптерин тапсак болот (https://www.iso.org/ru/home.html). Алар:

- Клиенттерге басым - сапатты башкаруунун негизги басымы кардардын талаптарына ылайык болуу жана кардар күткөндөн да ашып түшүү үчүн аракет кылуу;
- Лидерлик - бардык деңгээлдеги лидерлер максат жана багыт биримдигин түзүүгө жана адамдарга уюмдун сапаттык максаттарына жетүү үчүн шарттарды түзүү менен алек болууда;
- Адамдарды тартуу - уюмдун бардык деңгээлинде компетенттүү, күчтүү жана алектенген адамдар уюмдун жөндөмдүүлүгүн түзүү жана баалуулугун жеткирүү үчүн абдан маанилүү;
- Процесс ыкмасы - ырааттуу жана күтүлгөн жыйынтыктарга жетүү үчүн биринин артынан бири келген системадай байланыштуу процесстер курулушу керек;
- Жакшыртуу - ийгиликтүү уюмдар сапатты жакшыртууга үзгүлтүксүз фокус кылышат;
- Далилдерге негизделген чечимдерди кабыл алуу - анализ жана маалыматтарды баалоого таянган чечимдердин күтүлгөн жыйынтыктарга алып келүүгө ыктымалдуулугу көбүрөөк;
- Мамиле башкаруу - туруктуу ийгиликке жетиш үчүн, кызыкдар болгон тараптар, жабдуучулар менен, мамилелерин башкарат.

Жогорку принциптер ар бир ишканада ар кандай катышта болушу мүмкүн.

Кембридж сөздүгүндө сапатты башкаруу “компаниянын системаларын жана процесстерин, компаниянын ар бир бөлүгү бийик нормаларга жетүү үчүн башкаруу иш-чаралары” (https://dictionary.cambridge.org/dictionary/english/quality-management).

Месси болсо (Massy, 1997:4-9) сапатты башкарууда кийинки ыкмаларды сунуштайт:

- Сапатты камсыз кылуу жана отчёттук;
- Аккредитация жана баалоо;
- Сапат процессин кароо.

Билим Берүүнүн Сапатын Башкаруу

Адистер 21-кылымдын аягына чейин билим берүү системасы өндүрүш тармагы болуп калат деп жарыялайт. Билим берүү пайдалуу салымдардын тармагына айланат, ал болсо, өз учурунда, дүйнөдө көпчүлүк өлкөлөр билим берүү үчүн мамлекеттик саясатка басымдуулук кылганына алып келет (Rezeanu, 2011:3). Дүйнөлүк деңгээлде билим берүүнүн сапатынан өлкөнүн экономикасы таасирленээри билине баштады. Бүгүн, глобализация учурунда, чектер жок боло баштагандыктан, билим берүүнүн сапатына болгон талаптар да өзгөрө баштады: жогорку окуу жайлар башка өлкөлөрдөгү окуу жайлар менен тыгыз байланышта болууга керекчилиги пайда болуп, адистер географиялык ордуна карабастан, жогорку билимге ээ болуп, өз тармагында эксперт болууга керек учур келди.

“Көпкө чейин сапат материалдык эмес түшүнүк болуп эсептелген, бирок азыркы учурда сапатты "ченөөгө", "мониторинг кылууга" жана "башкарууга" мүмкүн болгону далилденди” (Massy, 1997:4). Ошондуктан, жогорку авторго шилтеме кылсак, окшош принциптер билим берүүнүн сапатын өлчөөгө да ыңгайлуу.

«21-кылымдын билим берүүсү» деген эл аралык декларациясы жогорку билим берүүдө сапатты окутуу жана академиялык программаларды, илимий изилдөөлөрдү жана стипендияларды камтыган адистер менен, материалдык-техникалык база менен камсыз болгон, көп өлчөмдүү концепциясы катары аныктайт (Дейчман жб., 2016:58).

Ржевскаянын изилдөөсүндө “сапатты контролдоо төрт иш-аракет натыйжасында көрсөтүлөт: сапатты камсыз кылуу, стандартизация, метрологиялык колдоо жана шайкештикти баалоо (2009:23).

Сапаттын концепциясы билим берүү тармагына тийиштүү мекемелерде иштегендердин гана эмес, бул тармака тиешеси жок адамдар менен көп колдонулат. “Сапат” негизинен көп талаш чыгаруучу концепция катары кабыл алынып, билим берүүгө ар кандай тиешеси бар тараптардан көптүк маанилерди жаратат. Барнеттке таянсак билим берүүдө сапат 2 категорияга бөлүнгөн (Li, Zhu’дан, 2012:3):

1-чи группа:

Бул группада ЖОЖдордо билим берүү квалификациялуу кадрларды даярдоо катары; изилдөөнү үйрөтүү катары; мугалимдер менен камсыз кылуу эффективдүү башкаруу системасы катары; жана жашоо мүмкүнчүлүгүнүн узартуу маселеси катары каралат. Бул группада ЖОЖдордогу билим улуттук саясатты жасагандардын, демөөрчүлөрдүн, менеджерлердин жана башка улуттук кызыкчылык топтордун көз карашы менен каралат. Жогорку кызыкдар тараптардын билим берүү тармагына кыйыр тиешеси болгондугуна карабастан, бул процесстер коомчулукта көптөгөн талкууларга себеп болуп, сапатка баа берүүдө өнүгүүнү жаратат. Бул жерде студенттер продукт катары саналат.

2-чи группа:

Бул группанын концепциясы студенттердин өнүгүүсү жана билим берүү процессинин өнүгүүсү менен байланыштуу. Мындай көз караш менен жогорку билим ар бир студенттин автономиясынын өнүгүүсү менен; жалпы интеллектуалдык жөндөмдүүлүктөрдүн жана перспективалардын пайда болушу, ар бир студенттин ички дүйнөсүн кеңейтүү жана ар бир студенттин коомдук иштерине аралашканга компетенцияларын өнүктүрүү менен байланыштуу. Бул группа коомчулук ичинде болгон билимге тиешелүү талкууларга түздөн түз алып келбейт.

Ошондой эле жогорку билим берүү тармагы институционалдык анализ жасоого бай жана ар түрдүү аймактарды сунуштайт. Жогорку окуу жайлар адаттагыдай өздөрүн “институт” катары аныктап келет. Дилдин изилдөөлөрүнүн негизинде институттарды изилдөө татаал болуп келет, анткени институттардын негизи аморфтуу болуп, институттарды изилдөөдө ар кандай ыкмалар колдонулат (Dill, 2003:3-5).

Билим Берүүнүн Сапатын Башкаруу Моделдери

Жалпы сапатты башкаруу модели (Total Quality Management model, ЖСБ)

“Жалпы сапатты башкаруу (ЖСБ) модели өнүккөндүгү үчүн көптөгөн өнөр-жай ишканаларында колдонулуп келет. Азыркы учурда ЖСБ билим берүү тармагында маанилүү ролду ойноп баштады (Sabet жб., 2012:1). ЖСБ модели алгач Америкада Экинчи Дүйнөлүк Согушка чейин Демингтин аркасы менен келип чыккан. Башында бул модель продукцияны өндүрүү тармагында көп колдонулчу, андан кийин кызмат жана тейлөө тармагына да жайылып кетти. ЖСБ модели өнүккөн өлкөлөрдө көп колдонулат, бирок акыркы учурда жаңы өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө да колдонула баштады.

Витчерге шилтеме жасасак (Abdus Samad, Thiyagarajan, 2015:6), ЖСБ үч терминден турат:

Жалпы: ар бир адам, кардарлар жана жабдуучулар дагы аралашкан;

Сапат: кардарлардын талаптары өзгөчөлүктөрүнө ылайык кабыл алынат;

Башкаруу: жогорку деңгээлдеги жетекчилер дагы аралашкан.

Билим берүүдө ЖСБ-нин өлчөмдөрү (Abdus Samad, Thiyagarajan, 2015:6):

- Максаттын ыңгайлуу болушу: Билим берүү системасында максаттын ыңгайлуу болушу - бул окуу жайдын өз миссиясын же өз максаттарын аткарууга негизделген программасын ишке ашыруу;
- Акчанын баркы: Эгерде окшош жыйынтык азыраак баада жетилсе, же жакшыраак жыйынтык окшош баада жетилсе, кардар сапаттуу продукцияга же сервиске ээ десек болот. Учурда жогорку окуу жайларга да окшош талаптар кылынат;
- Трансформациялоо: жаңы билимдин өнүгүүсү же студенттердин күчтөнүүсү;

- Артыкчылык: студенттин жашоосунун сапаты, окуу жайдын каражаттарынын шайкештиги, студенттин мугалимдер менен көрүшкөнгө мүмкүнчүлүгү.

Билим берүүдө ЖСБ модели бир аз башкача болот. Аны көрүү үчүн Сүрөт 1.1.ге көңүл буралы.

Сүрөт 1.1. Билим берүүдө ЖСБ (Abdus Samad, Thiyagarajan, 2015:10)



Жогорку сүрөттө көрсөтүлүп тургандай студенттер окуу процессинен өтүшөт. Семестрдин же жылдын аягында экзаменге киришет. Өтсө – билимге ээ болот, өтпөсө – жаңыдан бүтүн процессти кайрадан өтүүгө муктаж болот.

“Жогорку окуу жайларындагы жана билим берүү борборлорунда жалпы сапатты көздөй болгон процесс жай жана туруктуу процесс болуп эсептелет. ЖСБ өзгөрүүсү убакытка муктаж; бул өзгөрүү сабырдуулук, кызматташтык жана жардам менен гана жетиле алат” (Sabet жб., 2012:3). ЖСБ моделинин билим берүү системасына ыңгайлуу ыкмаларынын бири Канжинин Бизнес артыкчылыгы модели болуп саналат. Канжинин Бизнес артыкчылыгы моделин Сүрөт 1.2. көрүүгө мүмкүн.

Сүрөт 1.2. Канжинин Бизнес артыкчылыгы модели (Csizmadia, 2006:77)

Канжинин Бизнес артыкчылыгы модели төрт эң негизги принциптен турат: кардарды кубандыруу, чыныгы башкаруу, адамга жараша башкаруу, жана үзгүлтүксүз жакшыртуу. Ар бир принцип дагы экиге бөлүнөт. Алар: кардарды канааттандыруу, ички кардарлар реалдуу, баардык иштер - процесс, ченөө, команда иши, сапатты адамдар жасайт, үзгүлтүксүз жакшыртуу цикли, жана алдын алуу. Бул моделдин негизи - лидерлик. Лидерлик принциптер жана негизги түшүнүктөр аркылуу бизнес артыкчылыгына жетүү мүмкүн. Бизнес артыкчылыгы негизги түшүнүктөр туура аткарылса гана пайда болот. Канжинин ою боюнча бул модель кандайдыр бир Жогорку окуу жайга ыңгайлуу экенин билдирет, а бирок корпоративдик маданиятына жараша болот.

ISO (Эл аралык Стандартизация уюму)

ISO 162 мүчөнү камтыган көз карандысыз, өкмөттүк эмес, эл аралык уюм болуп саналат. Ал өзүнүн мүчөлөрү аркылуу билим менен бөлүшүп инновацияны колдогон жана дүйнөлүк көйгөйлөргө чечүү жолдорун тапкан Эл аралык Стандарттарды иштеп чыгууга эксперттерди чогултат.

Эл аралык Стандарттар продукцияга, система жана кызматка сапатты жана камсыздоону алып келген дүйнөлүк класстагы шарттар менен бөлүшөт (https://www.iso.org/about-us.html).

ISO 9000:2000 - Сапатты башкаруу системасы. Бул стандарттар негизги принциптерди жана сөздүктү камтыйт.

ISO 9001:2000 – Талаптарды камтыган сапатты башкаруу системасы (сапаттын системаларына минималдуу талаптарды белгилейт, сертификациялоого колдонулат).

ISO 9004:2000 - Сапатты башкаруу системасы. Сапатты жогорулатууну башкаруу сунуштары.

ISO өз ара байланыштуу идеялардын, негиздердин жана эрежелердин жыйындысы деп эсептесе болот. Уюм ISO сертификациясынан өтүүнү же өтпөөнү өзү тандайт. Ушуга байланыштуу уюмдун ичинде болгон сапаттын деңгээли өзгөрбөйт, бирок өнөктөштөр үчүн уюмдун ичинде болгон сапатты демонстрация кылуу үчүн ISO далил боло алат (Hoyle, 2001:16-21).

Европалык сапатты башкаруунун артыкчылык модели (European Foundation for Quality Management Excellence Model)

Бүгүнкү күндө көптөгөн башкаруу куралдары жана ыкмалары колдонулса да, ЕСБА модели уюмга бирдиктүү көз карашта карап, ар кандай ыкмалар бири-бирин кантип толуктап жана аныктаганы үчүн колдонулса болот (http://www.efqm.org/the-efqm-excellence-model).

> *Бул моделдин кооздугу көлөмүнө, тармакка, мөөнөтүнө карабастан ар кандай уюмга колдонулушу мүмкүн болгондугунда болуп эсептелет. Ал мыйзамдан сырткары болуп саналат жана ар кандай түшүнүктөрдү да эске алат. Модель мүчөлөргө уюмдун ичинде да сыртында да билим жана тажрыйба менен бөлүшүү үчүн мүмкүнчүлүк берет (http://www.efqm.org/efqm-model/model-criteria).*

1.3.-сүрөткө көңүл бурсак, Артыкчылык модели тогуз критерийден турат: бешөө (лидерлик, адамдар, стратегия жана саясат, партнёрлук жана ресурстар) “Жардамчылар” болуп эсептелет, ал эми төртөө “Жыйынтыктарга” кирет. “Жардамчылар” критерийлер тобу уюмдун эмне кылып жана кантип иш жүргүзүп жаткандыгын көрсөтөт, “Жыйынтыктар” критерийлер тобу болсо уюмдун аягында кандай жетишкендиктерге жеткендигин көрсөтөт. Уюм каалаган көрсөткүчтөргө жетиш үчүн адамдар, стратегия жана саясат, партнёрлук жана ресурстар критерийлерин жакшы аткарып, ыңгайлуу процесстерге ээ болуусу керек. Инновация жана билим алуу жебеси “Жардамчыларга” кандай билим иаркылуу каалаган жыйынтыктарга жетүүсү мүмкүн болгонун жана моделдин динамикалык болгондугун түшүндүрөт.

Сүрөт 1.3. Европалык сапатты башкаруунун артыкчылыгы модели (http://www.efqm.org/efqm-model/efqm-model-in-action-0)

Бүтүндүк билимди өнүктүрүү модели

Д'Андреа тарабынан иштеп чыгарылган сапатты өнүктүрүү ыкмасы негизинен билим берүүнүн өнүктүрүү модели болуп саналат. Бул модель жогорку окуу жайындагы окуу жана окутууну, сапат жана стандарттарды мониторинг кылуу процесстерин камтыйт (Gosling, D'Andrea, 2001:5-6).

Сапатты башкаруу бүтүндүк билимди өнүктүрүү модели үч негизги аянтты камтыйт: билим алууну өнүктүрүү, сапатты өнүктүрүү жана академиялык өнүгүү. Аянттардын ичинде болгон мамилени Сүрөт 1.4. көрүүгө мүмкүн.

Сүрөт 1.4. Бүтүндүк билимди өнүктүрүү модели (Gosling, D’Andrea, 2001:5-6**)**

Бул комплекстүү ыкма окуу жайга, жумушчуларга жана эң негизгиси студенттерге бир катар пайдаларды берет. Андан тышкары бул ыкма сапатты башкаруучу персоналга жана ички жана тышкы билим процедураларды/саясаттарды иштеп чыгуучуларга диалог куруууга мүмкүнчүлүк берет. Ошондуктан, аракеттин кайталануусу азыраак болуп, сапатты камсыздоонун жана билим жогорулатуунун арасында болгон мамилеге жалпы түшүнүк берилет (Gosling, D’Andrea, 2001:7).

Дилдин академиялык сапатты башкаруу базасы

Дилдин академиялык сапатты башкаруу базасында жогорку окуу жайда билим алуу өз ара байланышкан системасы катары кабыл алууга мүмкүн (Csizmadia, 2006:65). Академиялык сапатты башкаруу төмөнкүлөрдү камтыйт: ресурстарды башкаруу жана студенттерди тандоо; программа иштеп чыгуу; кардарлардын муктаждыктарын изилдөө; жана сапат маалымат системасын башкаруу.

Үч өлчөмдүү сапат модели (Csizmadia, 2006:65)

Үч өлчөмдүү сапат модели 2000-ж. Мерген жана башкалар тарабынан иштелип чыккан. Жогорку сапат модели үч өлчөмдөн турат: дизайндын сапаты, ылайык келүүнүн сапаты жана аткаруунун сапаты. Дизайндын сапаты жогорку деңгээлде билим берүүнүн белгиленген баада бир рынок сегментинде болгон өзгөчөлүктөрүн аныктайт. Ылайык келүүнүн сапаты талаптардын (жогорку окуу жайдын билим берүү идеалдарынын) канчалык канааттандыраарлыгын аныктайт. Аткаруу сапаты студенттерге билим канчалык деңгээлде жана өз чөйрөсүндө кызмат кылып жаткандыгын аныктайт. Бул моделдин маанисин Сүрөт 1.5. көрүүгө мүмкүн.

Сүрөт 1.5. Үч өлчөмдү сапат модели (Csizmadia, 2006:65)



Жогорку графиктен ар бир өлчөм бири бирине таасирин тийгизээрин көрсөк болот, ошентип дизайндын сапатынан ылайык келүүнүн сапаты таасирленет, аткаруу сапаты төмөн болсо дизайндын сапаты да төмөн болот.

Окуу жайындагы сапат системасы модели (Uluğ, 2003:3-7)

Сапаттуулуктун ыкмасы, билим берүү процессин ар дайым өнүктүрүүнү, ал үчүн окуу жайларынын мындан дагы жакшы жабдылуусу жана алдыңкы жөндөмдүүлүккө ээ башкаруучу жана кесипкөй жумушчулар менен камсыз болуусуна таянат.

Билим берүү тармагында сапатты башкаруу чынжырчасында көзгө баткан жана ар түрдүү аттар менен аталган колдонуулар жана жыйынтыктар изилденип, изилдөөчү тарабынан сунушталган моделдин өзгөчөлүгү болуп саналат. Жыйынтыгында окуу жайлардын сынактары, сапатты жакшыртуу иш чараларында окуу жайларына альтернативдүү өрнөк жаратуу маанисинде жол көрсөтүүчү катары өнүктүрүлгөн моделдин типтештирилүүсү болуп эсептелет.

Баса белгилей кетсек, окуу жайлардын сынактарын ишке ашыруу, сапаттуулук ыкмасынын окуу жайларына жана окуу жайдын иш чараларына багыт берип, «сапатсыздык тобокелдиктерин минималдаштырууну» негиз катары алууда. Бул ыкманы ишке ашыруу жолу менен, тиешелүү билим берүү мекемелеринин уюштуруу түзүлүшү жана ага тиешелүү чөйрөөнүн шарттарынын өнүгүүсү, окуу жайларындагы сапатты жогорулатуусу каралат.

Негизги багыты боюнча, окуу жайлардын сынактарын өткөрүү жолу менен күтүлгөн негизги жыйынтыктар төмөнкүлөр болуп эсептелет:

- Кыска, орто жана узун мөөнөттө келечекти көрүү жана пландаштыруу мүмкүнчүлүгүн түзүү;
- Окуу жайларынын иш чараларынын жана өндүрүмдүүлүк деңгээлин жогорулатуу;
- Маселелерге туруктуу жана эффективдүү чечимдердин кабыл алынуусу;
- Окуу жайларына байланыштуу бардык аймактарда канааттануу деңгээлин жогорулатуу;
- Билим берүү чөйрөөсүнүн мындан дагы жакшы өзүнө тартуу күчүн жогорулатуу, үйрөнүүнү жеңилдетүү;
- Окуучунун билим, жөндөмдүүлүгүн жана ийгилик деңгээлин жогорулатуу сапаттарын өнүктүрүү;
- Башкаруучу жана жумушчу ортосундагы мамилелерди жана мекеме жарандыгын (мекеме шарттарына баш ийүү, ж.б.) өнүктүрүү.

Бул мааниде окуу жайларындагы сынак өткөрүү ыкмасы, тиешелүү окуу жайларынын жалпы сапатын жана кызмат көрсөтүү стандарттарынын жогорулатылышын, окуу жайдын системасын түзгөн структуралык элементтер менен билим берүү элементтеринин бирдиктүү көз караш менен өнүгүүсүнө багытталган уюштуруу тартиби түзүлүп ишке ашырылуусун камтыйт. Окуу жайындагы сапат системасынын модели Сүрөт 1.6. көрсөтүлгөн.

Сүрөт 1.6. Окуу жайындагы сапат системасы модели (Uluğ, 2003:6)

Абалды белгилөө - окуу жайынын сапаттуулук системасы үчүн өткөөл мезгилдеги биринчи жана эң маанилүү тепкич катары мекеменин кабыл алынган жалпы сапаттуулук шарттарынын илгери жылдырылуусу болуп саналат. Бул боюнча, алгачкы фазада тиешелүү окуу жайлардын түзүлүш жана климаттык өзгөчөлүктөрү менен уюмдук бүтүндүүлүк жана адамдык сапаттардын белгилүү бир деңгээлде болуусу керек. Муну чечүү жолу катары, максаттуу «уюм анализи» иш аракетинин жасалуусу талап кылынат.

Сапаттуулукту пландоо - окуу жайларында сынак өткөрүүгө даярдык процессинин негизгилеринин бири катары бул баскычта, маалыматтарды баалоодо табылган жыйынтыктар боюнча окуу жайларында сынак өткөрүүнү иш жүзүнө ашырууга мүмкүн болгондуктун принциптерин белгилөөнү алдын ала караштыруу болуп саналат.

Сапаттуулукту колдонуу процесси – окуу жайларынын сапаттуулук процессинин ишке ашырылуу деңгээлин түзгөн бул баскычта, сапаттуулуктун өнүгүүсүн жана иш аракетинин артыкчылыктарынан баштап, тиешелүү комитеттердин жардамы менен жана алардын башчылыгында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдү камтыйт. Бул баскычта командалык иш аракеттерге басым жасалат.

Процессти баалоо - окуу жайларында сынак өткөрүүдө жүргүзүлгөн сапаттуулук иш чараларынын белгиленген стандарттардын негизинде бааланышы, жасалган изилдөөлөргө тиешелүү жетишкендиктерге басым жасалат.

Негизги математикалык моделдер (Граничина, 2006:1-32; Ризен жб., 2014:1-11)

Упай модели

Бул модель билим берүү сапатын көзөмөлдөөдө колдонулган эң жөнөкөй математикалык модель болуп саналат.

Анын мааниси мындай: X1, X2,... , Xn сандык көрсөткүчтөрдүн жыйындысы болсун, тандалган объекттин t убакыт моментинде болгон жана мурунку башкаруу мезгилиндеги анын ишинин натыйжаларынын абалынын мүнөздөмөсү. Бул учурда кийинки формуланы колдонсо болот: $\boldsymbol{R = a_1X_1 + a_2X_2 + \dots + a_nX_n}$, a_i – эксперттер тарабынан дайындалган салмак көбөйтүүчүлөрү.

Моделдин жакшы жактарына анын жөнөкөйлүгү жана аз эмгек жумшалгандыгы кирет. Ал эми кемчиликтерине салмак көбөйтүүчүлөрдү эксперттик жол менен тандалуусу, статистикалык маалыматтарды математикалык иштетүү учурунда орнотулган X_i сандык көрсөткүчтөрдүн арасында байланыштардын эсепке алынуусунун жоктугу, ар кандай чен-өлчөмдөгү баалуулуктарды кошуу жана мүмкүнчүлүктөрдүн ишке ашыруу даражасын баалоо мүмкүн эмес экендигин белгилесек болот.

Рейтингдерди эсептөө ченемдик-классификация модели

Мурунку моделге салыштырмалуу кемчилиги азыраак модель болуп саналат. Бул моделде көрсөткүчтөрдүн баштапкы жыйындысы жана берилген объектин иш-аракети эки көрсөткүчтүн көптүгүнө бөлүнөт:

Биринчиден, мүмкүн болгон мүмкүнчүлүктөрдүн көрсөткүчтөрү. Алар ар түрдүү иш-чаралардын ишке ашуу мүмкүнчүлүктөрүн жана абалын мүнөздөйт.

Экинчиден, ишти аткаруунун жана натыйжалуулуктун көрсөткүчтөрү. Алар болсо объектин өткөн мезгилде болгон иштештин натыйжаларын мүнөздөйт.

Биринчи көптүктүн көрсөткүчтөрү бир канча класска бөлүнөт. Ар бир класс өзгөчө белгилерге ээ. Ал эми экинчи көптүктүн көрсөткүчтөрү бир канча иш түрлөрүнө бөлүнөт. Анан ар бир группанын ыктымалдуу мүмкүнчүлүктөрүнүн жана иш түрлөрүнүн көрсөткүчтөрү кээ бир экономикалык мааниге ээ чоңдуктарына жараша нормаланат. Ар бир ыктымалдуу мүмкүнчүлүктөрдүн группасына жана иш түрлөрүнө эксперттик ыкма менен салмак коэффициенттер аныкталат. Мүмкүнчүлүк рейтингдердин саналышы ыктымалдуу мүмкүнчүлүктөрдүн түрлөрүнө жана активдүүлүк рейтингдердин саналышы ар кандай иш түрлөрүнө карата иш жүзөгө ашат.

Үлгү модели

Чоң системаларды башкаруу үлгү модели татаал техникалык объекттерди башкаруу үчүн адаптация боло турган системалардын синтези үчүн профессор В.И. Чернецкий жагынан сунушталган. Бул ыкма параметрлердин маанилери оптималдуу болгон идеалдуу башкаруу объектти тандоону сунуштайт (бул божомол ар дайым практикалык жактан ишке ашырылат). Андан кийин башка башкаруу объекттердин текшерилген параметрлери үлгү объекттин параметрлеринен болгон айырмачылыгынан бааланат. Чыныгы жана үлгү текшерилген параметрлерден турган маанилердин салыштырмасынын жыйынтыгында кошумча башкаруу контуру синтез болот (адаптация жана өзүн тууралоо контуру). Кээ бир технологиялык параметрлердин объекттин керектүү багытта динамика аракети ырааттуу өзгөрүлүшү анын негизги максаты болуп саналат.

Ireттөө модели

Акыркы мезгилде жогорку билим берүү системасынын объекттерин иреттөө модели (модель ранжирования) белгилүү болуп келет. Ар бир фактордун объективдүү маанисинде негизделген объект сапатынын комплекстүү интегралдык көрсөткүчү киргизилүүдө:

$$\mathbf{R(Si)=\sum_{j=1}^{n} kijHj\ ,\ i=1,\ldots,m,\ (1)}$$

R(Si) — Si объектисинин интегралдык сапаты ; m — объекттердин саны; n — белгилердин саны; Hj — j-чы белгинин мааниси; kij — i-чи объект үчүн болгон j-чы белгинин сапаттык бааланиуусу

Билим берүү процессин башкарууда математикалык ыкма

Эгерде окуу процессинин күнүмдүк абалын d - ден жана z1, z2,..., zd сандарынын айрымдарынан турган топтом деп кабыл алсак, (окуу процессин акыркы сандардын топтому катары кабыл алсак болот, себеби Паретто принцибине ылайык көп учурларда кичинекей себептерден сапаттын төмөндөөсү байкалат), математикалык жактан бул топтомду материалдык мейкиндикте d-өлчөмдүк вектор катары караганга ыңгайлуу болуп саналат.

$$\mathbf{Z=(z_1, z_2,\ldots,z_d) \epsilon R^d.}$$

Так эмес көптүктөр теориясы (Хаптахаева жб., 2004:1-5)

Математикалык Так эмес көптүктөр теориясы так эмес түшүнүк жана маалыматтарды мүнөздөөгө жардам берип, так эмес маалыматтардын негизинде так эмес жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүнчүлүк берет. Акыркы учурда так эмес башкаруу так эмес көптүктөрдүн эң көп изилденген аймактарына кирет. Жогорку моделди маалыматтарды көп колдонулган сандык методдор менен анализдөө кыйын болгондугу учурда колдонууга мүмкүн.

U көптүгүндөгү A так эмес көптүгү **(u, µA(u))** деп белгиленген, жуп жыйындысы аталат. Ал эми **u∈U**, а **µA(u))** – A так эмес көптүктүн таандык функциясы болуп, **µA: U → [0,1]**. U болсо бул жерде универсалдуу деп аталган бир кайсы жөнөкөй көптүк. Ар кандай элемент үчүн U функциясынын таандыгы µA берилген элементтин A көптүгүнө таандыгын көрсөтөт. Так эмес көптүктү төмөнкүдөй жазууга мүмкүн:

$$\mathbf{A= \ Y \quad \underset{u\in U}{\mu\, A\,(u\,)\,/\,u}}$$

2. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА БИЛИМ БЕРҮҮ ТАРМАГЫ

Илимий изилдөөнүн негизинде Кыргыз Республикасында жогорку билим берүү тармагы тууралуу маалыматтар дээрлик жок болгону аныкталды. Маалыматтар КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-марты № 201 Токтомундагы

“Кыргыз Республикасында Билим берүү системасын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары жөнүндө” 2012-2020 жылдарында билимдин өнүгүү Концепциясынын, Стратегиясынын жана иш-чаралардын Планын, Европа Биримдиги тарабынан “КР билим берүү жаатындагы реформаларга дем берүү жана мониторинг кылуу” проектинин ичинде каржыланган аналитикалык сереptерди жана баяндамаларды (2016), КР Стратегиялык изилдөөлөр мамлекеттик институту тарабынан басылган отчётторду (2013), КР Мамлекеттик статистикалык комитетинин билим берүү жөнүндө отчёттору (2014) жана Дүйнөлүк банк тарабынан каржыланган отчётторду (2014) камтыды. Жогорку булактарда жалпы, мектепке чейинки билим берүүдөн жогорку билим берүүгө чейинки, маалыматтар каралып чыгыптыр. Ал эми жогорку билим берүү тармагы тууралуу жана ЖОЖдордогу билим берүүнү башкаруу тууралуу изилдөөлөр кездешкен жок.

2.1. Кыргыз Республикасында Билим Берүү Тармагына Байланыштуу Жалпы Маалыматтар

Кыргыз Республикасынын ички дүң продукту 2018-жылы 557,11 млрд. сомду (8,08 млрд. АКШ долларын) түздү. Ички дүң продукттан 30,85 млрд. сом билим берүү тармагына жумшалган. Ички дүң продукт тууралуу маалымат Мамлекеттик статистикалык комитетинин сайтынан алынды (http://www.stat.kg/ru/opendata/category/). Сүрөт 1.7. 2014-жылдан 2018-жылга чейинки Кыргыз Республикасынын болгон ички дүң продукттун жана ички дүң продукттан билим берүү тармагына жумшалган каражаттардын санын көрсөтөт.

Сүрөт 1.7. ИДПнин билим берүүгө жумшалган каражаттардын динамикасы



Жогорку сүрөттү анализдеп келсек, ИДП жылдан жылга көбөйүп, билим берүү системасына каржыланган каражаттардын саны өсүүдө. Эгерде Мамлекеттик статистикалык комитетинин маалыматтарына таянсак, пайыз катары ИДПден билимге каржыланган каражат 2014-жылы 4,9%, 2015-жылы 5,3%, 2016-жылы 5,9%, 2017-жылы 5,7% жана 2018-жылы 5,5% түздү.

Дүйнөлүк банктын статистикасы (https://databank.worldbank.org/data/reports.aspx?source=Education%20Statistics) ИДПден билим берүүгө каржыланган каражат 2014-жылы 5,5%, 2015-жылы 6,0%, 2016-жылы 6,6%, 2017-жылы 7,2% түзгөнүн аныктайт. Салыштыруу үчүн дүйнө жүзүндө ИДПден билимге каржыланган каражаттын пайызы Америка Кошмо Штаттарында 2014-жылы 5,0%, Улуу Британияда 2014—жылы 5,7%, Норвегияда 2014-жылы 7,7%, Финляндияда 2014-жылы 7,2%, Швейцарияда 2014-жылы 5,1%, Туркия Республикасында 2014-жылы 4,4% жана Россияда 2014-жылы 4,1% түзгөн.

Билим берүү тармагына ИДПден жумшалган каражаттардын пайызы өнүккөн өлкөлөрдөй 5,5% түзгөн учурда дагы, калктын киши башына ИДПден билим берүүгө жумшалган каражаттардын саны 5,04 миң сомду түздү (http://www.stat.kg/kg/opendata/category/27/). Салыштырмалуу АКШда 2,73 миң долларды түздү (https://data.worldbank.org/indicator/NY.GDP.PCAP.CD).

Ошол эле учурда ИДПден билим берүү тармагына жумшалган каражат бардык билим берүү тармагы ичинде бөлүштүрүлүүдө. Дүйнөлүк практикада жана Кыргыз Республикасында каражаттардын ири бөлүгү жогорку билим берүү тармагынын мамлекеттик университеттерине жумшалууда.

Кыргыз Республикасында болгон билим берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 2012-жылы Кыргыз Республикасындагы 2012-2020 жылдарында билимдин өнүгүү Концепциясы, Стратегиясы жана иш-чаралардын Планы кабыл алынган. Өкмөттүн аныктамасы боюнча Стратегиянын аткарылышы Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Эмгек, миграция жана жаштар министрлиги тарабынан көзөмөлдөнөт (КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-марты №

201 “Кыргыз Республикасында Билим берүү системасын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары жөнүндө” Токтому).

2012-2020-жылдарга багытталган Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясынын ишке ашыруусу төмөнкү жыйынтыктарга алып келет (2012:6):

- мамлекеттин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жана экономикалык жактан өсүп-өнүгүшүн камсыз кылат;
- адамдык капиталдын сапатын жогорулатууга жардам көрсөтөт.

Стратегияда жогорку билим берүүнүн шарттарын өзгөртүүсү керектүү болгондугу белгиленет (2012:11):

- Кыргыз Республикасында кадрларга болгон суроо-талаптарга ылайык ЖОЖдун тармагын оптималдаштыруу;
- менчиктин ар түрдүү формасындагы жогорку окуу жайлардын иштешин өнүктүрүү;
- ЖОЖдун көпчүлүгүн өзүн-өзү каржылоого өткөрүү, алардын автономиясын жана экономикалык чөйрөгө интеграцияланышын камсыз кылуу;
- ЖОЖдор үчүн башкаруунун моделин тандоону камсыз кылуу;
- ЖОЖдор менен иш берүүчүлөрдүн арасындагы мамилени өнүктүрүү, иш берүүчүлөрдүн заказдары боюнча кадрларды даярдоого өтүү;
- мамлекеттин коопсуздугу жалпы коомдун туруктуулугу үчүн орчундуу жана маанилүү адистиктер боюнча окутууну, гранттык уюштурууну сактап калуу.

Мындан тышкары, жогорку билим берүүнүн тармагын өзгөртүү керек экендиги белгиленет (2012:12):

- студенттердин ийкемдүү жана вариативдик жеке билим берүү траекториясын курууну камсыз кылуу, кредиттерди которуунун жана топтоонун Европалык системасын киргизүү жолу менен академиялык мобилдүүлүктү кеңейтүү;
- окутуунун инновациялык методдорун кеңири жайылтуу, анын ичинде

маалымат технологияларын колдонуу;

- кесиптик окуу жайлардын материалдык-технологиялык базасын жакшыртуу, анын ичинде билим берүү процессин маалыматтык - коммуникациялык жактан колдоонун комплекстик системасын, жаңы муундагы электрондук билим берүү ресурстарын түзүү жана өнүктүрүү.

Билим берүүнү өнүктүрүү Стратегиясына таянсак (2012:42-48) мамлекеттик каржылоо жалаң мамлекеттик тапшырык боюнча түзүлгөн бюджеттик группаларды камсыз кылууда. Бюджеттик группалар министрликтердин жана башкармалыктардын, областтык мамлекеттик администрациялардын план-прогнозу үстүндө түзүлөт. Ошол эле учурда билим берүү тармагында эффективдүү сапатты башкаруу мамлекеттик системасын түзүү керекчилиги бар болууда.

Жалпы республикалык тестирлөө Билимди баалоо жана окутуу усулдары борбору тарабынан аткарылат. Жалпы республикалык тестирлөө 2002-жылы КР Президентинин буйругу менен АКШнын эл аралык өнүктүрүү агенттигинин (ЮСАИД) финансылык каржылоосу менен пилоттук долбоор түрүндө киргизилген. 2003-жылы КР “Билим жөнүндө” мыйзамында бюджеттик орундарга өтөм деген окуучуларга милдеттүү процедура түрүндө киргизилген (https://www.usaid.gov/ky/kyrgyz-republic/fact-sheets/national-admission-test-nat-project). Ал эми контракттык орундарга 2012-жылдан тарта киргизилген. ЖРТ Россиядагы мамлекеттик сынактын (ЕГЭ) аналогу болуп саналат (Супатаева, 2016:3-4).

Мындан тышкары, 2010-жылдын июль айынан тарта билим берүү системасы эки этаптуу билим берүү системасына өтө баштады (бакалавр - магистр). Эки этаптуу билим берүү системасы ЖОЖдор үчүн принципиалдуу жаңы өзгөчөлүктөрдү талап кылат (Дейчман, 2016:62):

- илимий даражалардын мамлекеттик жана эл аралык деңгээлдерине шайкештик үчүн Дублиндик дескрипторлор менен мамилелештик;
- кредит системасын колдонуу;
- студенттин өз ара өнүгүүсүнүн, интеллектуалдык, рухий жана адеп-

ахлактык потенциалына социалдык жоопкерчиликтин кеңейүүсү;

- студенттин академиялык эркиндигинин кеңейүүсү;
- ЖОЖдун жана академиялык персоналдын автономиясынын жана академиялык эркиндиктин кеңейүүсү;
- ЖОЖдордогу программалардын сапаты тууралуу жоопкерчиликтин күчтөнүүсү;
- социалдык партнёрлор менен диалог түзүү;
- академиялык персоналдын жана студенттерин билим берүүнүн эффективдүүлүгү жана билим берүүнүн жыйынтыктарына жоопкерчиликтин күчтөнүүсү.

Азыркы учурда жогорку билим берүүдө төмөнкү актуалдуу көйгөйлөр чыгууда:

- Бүтүрүүчүлөрдүн билиминин жана өнөрдүүлүгүнүн жетишсиздиги

  Жумуш берүүчүлөрдүн баалосуна караганда бүтурүүчүлөрдүн билим деңгээли начар болууда. ЖОЖдор окшош багыттарда адистерди даярдап, кээ бир тармактарда бүтүрүүчүлөрдүн саны өтө көп болуп, ал эми кээ бир тармактарда бүтүрүүчүлөрдүн саны өтө аз болууда.
- Натыйжасыз сапатты камсыздоо системасы.

  Лицензиялоо, аттестация жана аккредитация сапатты мониторинг кылуу жана сапатты өнүктүрүү инструмент катары колдонбогондуктан эффект жокко чыгууда.
- Адам ресурстарынын сапатынын төмөндүгү.

  Жалпы мугалимдердин арасынан 60% илимий даражасы жок болууда. Көбүнчө ЖОЖдор профессордук-педагогикалык курамдын квалификациясын жогорулатууга эч кандай чара кылынбайт.
- Бюджеттик билим берүүнүн негизинде студенттерди даярдоонун натыйжасыздыгы.

  Бюджеттик орундар мамлекеттик тапшырык боюнча белгиленет, бирок студенттердин көбү башка популярдуу бөлүмдөргө которулуп кетет.
- ЖОЖдордогу илимдин өнүкпөгөндүгү.

Жогорку билим жана илим арасында жакшы байланыш жок.

Андан тышкары Европа Биримдигинин долбоору негизинде каржыланган Билим берүүнүн сапатын баалоо системасы- БСБС (Система оценивания качества образования - СОКО) тарабынан 2016-ж. жасалган “Билим берүүнүн сапатын баалоо системасынын баяндамасы: концептуалдык негиздеринен сапатты башкаруу инструменттерине” билим берүү тармагы изилденген. БСБС тарабынан жасалган баяндамада билим берүүнү өнүктүрүү Стратегиясы бышпаган, көйгөй жаратуучу документ катары аныкталат. Бул көз караш Стратегияда систематикалык жакындоо жок болуп, Стратегиянын үстүндө түзүлгөн иш-аракеттер планы да систематикалык талаптарга жооп бербегендиги айтылып кетти (2016:59-60).

Кыргыз Республикасында ЖОЖдордогу билим берүүнүн сапатына таасирин тийгизген факторлор төмөнкүдөй болууда:

- Мугалимдердин квалификациясы.

Билим берүүнүн сапатына мугалимдердин квалификациясынын чоң таасири бар. Мугалимдердин саны 2018-жылында 11 665 кишини түзгөн. 2011-жылы жалпы профессордук-педагогикалык кадрлардын санынан илимдердин доктору деген илимий даражага 5 пайыз, илимдердин кандидаты деген илимий даражага 23 пайыз, профессор деген илимий даражага 5 пайыз, жана доцент деген даражага 16 пайыз адам ээ болгон. Мамлекеттик окуу жайларында ар бир мугалимге 19 студент, жеке окуу жайларында 18 студент катталат (Статистический сборник, 2012:151; 2014:286-299).

- Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик билим берүү уюмдарды каржылоо системасы.

Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу үчүн 2002-жылдан бери КР мамлекеттик билим берүү уюмдарды каржылоо системасы киргизилген. Каржылоо системасында Жалпы республикалык тестирлөө жыйынтыктарына таянып, студенттердин окуусуна республикалык бюджеттен грант бөлүнөт, ошондуктан тестирлөөнүн мааниси жылдан жылга көбөйүүдө. Грантты алып окуган студенттердин саны 2011-2012 -окуу жылдын башында 16,8 миң кишини түздү.

Акысыз окуган студенттердин саны 32,9 миң кишини, акы төлөп окуган студенттердин саны 206,2 миң кишини түздү (https://www.usaid.gov/ky/kyrgyz-republic/fact-sheets/national-admission-test-nat-project).

- Аспирантурада жана докторантурада кадрларды даярдоо.

Аспирантура жана докторантура илимий-педагогикалык кадрларды даярдоодо эң негизги формасы болуп саналып, адистерге билимдин деңгээлин жогорулатууга мүмкүнчүлүк берет. Аспиранттардын саны 2009-жылдан 2013-жылга чейин 2201 кишиден 2157 кишиге азайды. Докторанттардын саны болсо 77 кишиден 129 кишиге көтөрүлдү (Статистический сборник, 2014:306-309).

Жогорку факторлор билим берүүнүн сапатына тийгизген көптөгөн факторлордун чети эле болууда. Факторлорду деталдуурак изилдөө үчүн билим берүүнүн сапатын башкаруу моделдери изилденет.

2.2. Евразия Экономикалык Аймактар Биримдигинин Билимдин Сапатына Тийгизген Таасири

Кыргыз Республикасы Евразия экономикалык аймактар биримдигине (ЕАЭБ) 2015-жылдын 12-августунда кирген. Билим берүү тармагына тийгизген таасири экономика илимдеринин доктору, профессор Перская В.В. “Место и роль Кыргызстана в развитии Евразийского экономического союза” (2016) макаласында каралып чыккан. Автор Советтер Социалисттик Республикалар Союзу тарагандан кийин советтик мейкиндигинде болгон өлкөлөр 3 тенденцияга мүнөздүү болгонун белгилеген (2016:2):

1) Улуттук билим берүү системалардын бирдей трансформациялануусу;
2) Болонья процессине кошулуусу;
3) Билим берүүдө инерциялык тенденцияны сактоо.

Айтып кетсек Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайлары инерциялык тенденциядан Болонья процессине акыркы декадада гана өттү. Бирок, Болонья системасы азырынча баардык окуу жайлар тарабынан жакшы өздөштүрүлө элек.

Андан тышкары, Евразиялык экономикалык комиссиясынын коллегиясынын төрагасы Саркисян Кыргыз Республикасынын ЕАЭБке кирген жыйынтыктары алгылыктуу болгонун Борбордук Азия порталында (CA-portal) эскертип кетти (Перская, 2016:6). Төрага Евразия экономикалык биримдигине катышуучу өлкөлөрдө мигранттардын балдары бала бакчаларга барууга жана мыйзам чегинде билим алууга мүмкүнчүлүгү бар экендигин белгиледи. Мындан сырткары, ЕАЭБдин келишимине таянып катышуучу мамлекеттер бир биринин дипломдорун кабыл алышы керекчилиги чыкты.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматы берген статистика боюнча мигранттардын официалдык саны жалаң гана Россия Федерациясында 640 миң адамды, Казахстанда болсо 35 миң адамды түздү (http://ssm.gov.kg/kg/полезная-информация/статистика/). Бул көрсөткүчтөргө анализ жүргүзсөк, Кыргыз Республикасынын ЕАЭБке киргени билимдин сапатына позитивдүү таасирин тийгизүүдө, анткени мигранттардын балдары такыр билим системасынын сыртында калбастан, билим алууга мүмкүнчүлүгү пайда болууда. Демек Кыргыз Республикасынын окуу жайларына келген абитуриенттердин билиминин сапаты да жогорулоодо. Андан тышкары ар бир тармактагы стандарттардын катуулатылышы күтүлүүдө.

Евразия экономикалык биримдигинин Кыргыз Республикасына болгон дагы бир таасири айыл чарба жана жеңил өнөр жайынын өнүгүүсү болушу ыктымал. Жогорку тармактардын өнүгүүсү ЖОЖдордогу билим берүүдө жаңы багыттагы кесиптердин жаралышына алып келүүсүнүн ыктымалдуулугу чоң. Кесиптик багыттар Кыргыз Республикасында популярдуу болбогондугуна жараша, жаңы программалардын ачылышы керек.

3. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ТАРМАГЫНА ТИЕШЕЛҮҮ СТАНДАРТТАР, АККРЕДИТАЦИЯ ЖАНА ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРДЫН РЕЙТИНГИ

3.1. Кыргыз Республикасындагы Жогорку Билим Берүү Тармагына Тиешелүү Стандарттар

Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 30-апрели № 92 "Билим берүү жөнүндө" мыйзамы билим берүүдө мамлекеттик саясаттын негиздерин, билим берүү тартибин аныктайт, ошондой эле юридикалык база катары кызмат кылат. Жогорку мыйзамдын 5-беренеси мамлекеттик билим берүү стандарттарын баяндайт. Мамлекеттик билим берүү стандарттары ЖОЖдор тарабынан аткарылууга милдеттүү болуп саналат; ошондуктан мамлекеттик стандарттарды билим берүүнүн минималдык сапатын өлчөгөн инструменти катары санасак болот.

Стандарттар процесстерге эмес (темалар, мазмуну, ж.б.) билим берүүнүн жыйынтыктарына минималдуу талаптарды коёт. Жаңы стандарттардын аспекти катары мамлекеттик стандарттарды иштеп чыгуу үчүн түзүлгөн Окутуу-методикалык уюмдар (ОМУ) тарабынан билим берүүнүн күтүлгөн жыйынтыктарын түзүү аракети Дублиндик дескрипторлорго таянып кылынган. Дублиндик дескрипторлор Европада билим берүүдө колдонулган квалификациялардын негизи болуп эсептелет. Жогорку ыкма Кыргыз Республикасындагы бакалавр жана магистратура программаларында квалификациялардын Европа, Россия жана Казахстан менен салыштырмалуулугун камсыз кылышы үчүн керек болчу, бирок бул ыкма ОМУлордун даярдыгы начар болгондугу үчүн толугу менен ишке ашырылган жок. Универсалдуу компетенциялардын жазылышы Сорос-Кыргызстан фонду тарабынан каржыланган долбоордун негизинде ишке ашырылган (Дейчман жб., 2016:63).

Мамлекеттик стандарттарга ылайык ЖОЖдор студенттерге өз програмаларын түзүүгө реалдуу мүмкүнчүлүк түзүп берүүсү керек. Студенттер окуу убакыты чегинде белгилүү бир дисциплиналарды тандоого мүмкүнчүлүгү бар. Студенттер өз билим алуу траекториясын түзүүгө ЖОЖдордон консультация алууга акысы бар.

Бирок мамлекеттик стандарттардын олуттуу кемчиликтеринин бири магистратурага тапшырган абитуриент жогорку билим тууралуу мамлекеттик типтеги документине ээ болуусу керек. Ал өз учурунда экинчи деңгээлдеги программаларга кирүүгө мүмкүндүк бербейт (Дейчман, 2016:67).

3.2. Кыргыз Республикасындагы Жогорку Билим Берүү Тармагына Тиешелүү Аккредитация

ЖОЖдордогу билим берүү тармагындагы политикаларды иштеп чыгуу Кыргыз Республикасында толугу менен КР Билим жана илим министрлигине таандык болгондугуна карабастан министрликтин аларды эффективдүү ишке ашыруу механизмдери жок. КР “Билим берүү жөнүндө” мыйзамына ылайык 2014-жылдын 4 августунда КР Өкмөтүнүн Токтому менен “Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган астында Мамлекеттик аккредитациялык кеңеши” тууралуу жобосу кабыл алынган. Жогорудагы жобого ылайык КР Билим жана илим министрлигинин астында Мамлекеттик аккредитациялык кеңеши түзүлгөн. Кеңештин максаты аккредитациялык агентстволордун иш-аракеттерин көз карандысыз жана объективдүү кабыл алынышы үчүн керек болуп саналат (Дейчман, 2016:73).

Мындан тышкары Европа Биримдигинин ЖОЖдордо колдонулган стандарттар жана жетекчиликтер изилденди. Европанын жана Кыргыз Республикасынын стандарттары салыштырылды (Тиркеме 1:176).

Таблицаны анализдеп келсек, Европа Кыргыз Республикасына салыштырмалуу билим берүүнүн сапатына дагы көп маани бергендиги анык болууда. Европа тармагында болгон стандарттар 3 бөлүктөн турат, ал эми Кыргыз Республикасындагы критерийлери 7 бөлүктөн турат. Карап кетсек, Европанын жана Кыргыз Республикасынын критерийлеринин элементтери эки жакта тең кезигүүдө. Бирок, европалык стандарттар жалаң гана ички сапатты камсыз кылбастан, сырткы сапат менен да иштөөдө. Европа стандарттарынын 3 бөлүгү тең бир бири менен тыгыз байланышта болуп, европалык сапаттын камсыз кылуусунун структурасынын негизин түзөт. Сырткы сапаттын камсыз кылынуусу ички сапатты камсыз кылууну эске алат. Ошентип ЖОЖдун жасаган ички иш-аракеттери менен сырткы сапатты камсыз кылуу процедуралары менен макулдашылгандыгы келип чыгат. Ошондой эле аккредитациялык агентстволор үчүн жазылган стандарттар сырткы сапатты камсыз кылуу менен макулдашылган. Ал эми Кыргыз Республикасында болсо басым ЖОЖдун программасынын ички сапатына жасалган. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасында сапатты өлчөө жана баалоо критерийлери декларативдүү түрдө жазылган, демек кайра байланыш (обратная связь) начар иштейт. Европада студент-мугалим байланышына басым жасалса, Кыргыз Республикасында профессордук-педагогикалык курамына дагы көп көңүл бурулат.

Бүгүнкү күндө КР аккредитациялык агентстволордун Мамлекеттик реестрине караганда республикада 4 мекеме лицензия үстүндө аккредитация жүргүзө алат. 2 агентство Бишкек шаарында, 1 агентство Ош шаарында жана 1 агентство Казахстанда, Астана шаарында, жайгашкан. Жогорку аккредитациялык агентстволор Мамлекеттик аккредитациялык кеңеши тарабынан көзөмөлгө алынган. Ар бир агентствонун өзүнчө критерийлери бар, бирок ал критерийлер мамлекеттик стандарттарга ылайык болушу керек.

3.3. Кыргыз Республикасындагы Жогорку Билим Берүү Тармагына Тиешелүү Жогорку Окуу Жайлардын Рейтинги

Мамлекеттик аккредитация жана рейтинг агентствосу (МАРА) (Национальное агентство аккредитации и рейтинга, Казахстан) КР жогорку окуу жайларынын 2018-жылы көз карандысыз рейтингин түздү. МАРАнын ЖОЖдорду ранжирлөө методологиясын Таблица 1.2. көрүүгө мүмкүн (http://kutbilim.kg/2018/06/19/nezavisimyj-rejting-vuzov-kyrgyzskoj-respubliki-2018/).

Таблица 1.2. МАРАнын ЖОЖдорду ранжирлөө методологиясы

Критерийлер	**Баалоо объектиси**
Таланттуу студенттердин, мугалимдердин жана изилдөөчүлөрдүн	«Алтын сертификаттын» ээлери менен, билим берүү гранттары менен, президенттик стипендиялардын ээлери менен жана мугалимдердин сапаттуу түзүлүшү менен ЖОЖдун кызыктыргычтыгы.

концентрациясы	
Академиялык мобилдүүлүк	Билим берүү кызматтарын эффективдүүлүгү, изилдөөлөрдүн натыйжалуулугу, интернационализация факторун эске алуу (ЖОЖдун эл аралык деңгээлде кызыктыргычтыгы, чет өлкөлөрдөн келген студенттердин жана профессорлордун саны).
Бүтүрүүчүлөрдүн атаандаштыгы	Иш берүүчүлөргө таанылуу, билим берүү кызматтарынын рынок менен шайкештиги.
Мугалимдердин, магистранттардын, аспиранттардын илимий публикацияларынын атаандаштыгы	Изилдөө көрсөткүчтөрүнүн натыйжалуулугу, мугалимдердин, магистранттардын жана аспиранттардын таанылуусу (Thomson Reuters, Scopus, Web of Knowledge).

Көз карандысыз рейтингти өтүүгө Кыргыз Республикасынан 2018-жылы 21 уюм арыз берген, бирок 4 ЖОЖ маалыматтарды туура эмес бергендиги үчүн катышуудан чыгарылды. Билим берүү программалардын биринчи жолу ранжирлөөдөн кийинки жыйынтыктары 2018-жылдын 8-июнунда КР Билим жана илим министрлигинин астындагы Мамлекеттик аккредитациялык кеңешинин жыйынында каралды. Жыйындын катышуучулары көз карандысыз рейтинг, Кыргыз Республикасындагы ЖОЖдордун ар түрдүүлүгүн эсепке алып, билим берүүнүн сапатынын жогорулашына себепкер болоорун белгилеп кетти.

Адистердин ишениши боюнча ЖОЖдордун жыл сайынкы рейтингди өтүүсү чет өлкөлөрдөгү мекемелердин көңүлүн буруута себепкер болуп, эки дипломдук билим берүүнүн өнүгүүсүнө жол ачат.

Көз карандысыз рейтингдин жыйынтыктары боюнча Таблица 1.3. 1-чи орунга ээ болгон ЖОЖдордун тизмеси көрсөтүлүүдө (http://kutbilim.kg/2018/06/19/nezavisimyj-rejting-vuzov-kyrgyzskoj-respubliki-2018/). Ал эми толук рейтинг Тиркеме 2 (179 б.) көрсөтүлүүдө.

Таблица 1.3. Көз карандысыз рейтингдеги 1-чи орунга ээ болгон тандалган ЖОЖдордун арасындагы тизмеси

Бөлүм	**1-чи орунду алган ЖОЖ**
Физика-математикалык жана информатика бөлүмдөрү	Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

Гуманитардык илимдер	Ош мамлекеттик университети
Социалдык илимдер	Ош мамлекеттик университети
Педагогика	Ош мамлекеттик университети
Саламаттык сактоо	Ош мамлекеттик университети
Экономика жана башкаруу	Ош мамлекеттик университети
Кызмат көрсөтүү	Кыргыз-Түрк «Манас» университети
Энергетика жана электроэнергетика	Ош мамлекеттик университети
Инженерия жана маалымат технологиялары	Ош мамлекеттик университети
Токой ресурстарын өстүрүү жана кайра иштетүү	К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети

Рейтингтин жыйынтыктары боюнча ар кайсы багыттарда эң көп 1-чи орунга ээ болгон университет катары Ош мамлекеттик университети аныкталды.

Мамлекеттик аккредитация жана рейтинг агентствосунан тышкары Европа биримдигинин грантына Европа илимий-өнөр жай палатасы тарабынан жасалган изилдөө ЖОЖдордун рейтингин өткөзгөн (https://www.vb.kg/doc/279064_desiat_vyzov_kyrgyzstana_popali_v_evropeyskiy_reyting.html). Маалыматтар Брюссель университетинде анализденген. Ал рейтингге дүйнө жүзү боюнча 2678 ЖОЖ катышкан. Борбордук Азиядан жалаң гана Кыргыз Республикасынан жана Республика Казахстандан ЖОЖдор катышкан. Ал рейтингдин жыйынтыктары боюнча 1-чи орунду Кыргыз-Түрк “Манас” университети алды, 2-чи орунду Кыргыз-Россия Славян университети алды, 3-чү орунду Кыргыз Республикасынын эл аралык университети алды, 4-чү орунду Борбордук Азиядагы Америка университети алды. Мындан тышкары, өнүгүп келе жаткан Европа жана Борбордук Азиядагы өткөрүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде курулган британиялык QS EECA University Rankings 2020 рейтингдери боюнча (https://www.topuniversities.com/university-rankings/eeca-rankings/2020) БААУ 163-орунга ээ болуп, КТМУ 190-орунга ээ болгон.

Европа Биримдигинин грантына өткөрүлгөн изилдөөнүн негизиндеги рейтинг жана QS EECA University Rankings 2020 рейтингдеринин жыйынтыктары МАРАнын жыйынтыктарынан айырмаланууда. Бул жыйынтыктардын себеби Европада Мамлекеттик аккредитация жана рейтинг агентствосу колдонулган критерийлер колдонулбай калгандыгынан болушу ыктымал. Азыркы учурда Европада бүтүрүүчүлөрдүн муктаждыгы жана ишке алгандардын мүнөздөмөлөрү рейтингдин негизинде болот. Бүтүрүүчүлөр жалаң гана маалыматка ээ болбостон, ошол маалыматты билимге айландырып, көз карандысыз адис болуп, жумушка орношуу мүмкүнчүлүгү каралууда.

2-БӨЛҮМ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫНДА ЖҮРГҮЗҮЛГӨН ИЗИЛДӨӨНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

1. МЕТОДОЛОГИЯ

Диссертациянын негизги максаты Кыргыз Республикасында болгон билим берүүнүн сапатын изилдөө болгондуктан, студенттердин жана академиялык персоналдын кабыл алынган билим берүүнүн сапатын аныктап, кабыл алынган сапатка таасирин тийгизген факторлорун анализдөө болчу.

Кыргыз Республикасында билим берүүнүн учурдагы абалын түшүнүү үчүн билим берүүгө тиешелүү маалыматтар анализденди. Билим берүү тармагына тийиштүү мыйзамдар, токтомдор, буйруктар жана жоболор анализденип, бул тармакта кандай изилдөөлөр жасалып-жасалбаганын, релеванттуу кандай статистика бар болгондугу анализденди.

Мындан сырткары, билим берүүнүн сапатын аныктоо үчүн Кыргыз Республикасындагы алты жогорку окуу жайында студенттердин жана мугалимдердин арасында сурамжылоо өткөрүлдү. Тандалган ЖОЖдордун тизмеси Кыргыз-Түрк “Манас” университетин, Борбордук Азиядагы Америка университетин, М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетин, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетин жана Ош мамлекеттик университетин камтыды. Тандалган окуу жайлардын төртөө Бишкек шаарында жайгашкан, бирөө Кыргыз Республикасынын түштүгүндө, Ош шаарында жайгашкан, ал эми бирөө Кыргыз Республикасынын түндүгүндө, Каракол шаарында жайгашкан. Тандалган ЖОЖдор элге таанылган жана популярдуу ЖОЖдордун арасына кирет. Борбордук Азиядагы Америка университетинен тышкары ЖОЖдордун баары мамлекеттик болуп катталган.

Алгачкы пилоттук изилдөө Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде өткөрүлдү. Ал изилдөө үчүн академиялык персонал үчүн жана студенттер үчүн эки түрдөгү сурамжылоо даярдалды. Сурамжылоо Европа ЖОЖдорундагы жүргүзүлгөн билим берүүнү башкаруу изилдөөлөрдүн негизинде кыргыз билим берүү тармагына ылайыкташтырылган болуп жасалган. Сурамжылоо сапат, сапатты башкаруу моделдери, билимдин сапатын башкаруу тууралуу суроолорду камтыды. Пилоттук сурамжылоо Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунун студенттери жана мугалимдери европалык ЖОЖдордогу студенттеринин жана мугалимдеринин деңгээлинде сапатты башкарууга тиешеси болгон суроолорго жооп бергени даяр эмес экендигин аныктады. Бир нече суроолор студенттерге жана мугалимдерге татаал жана түшүнүксүз болду. Сурамжылоонун жыйынтыктары канааттандыраарлык болбогондугу үчүн, студенттер жана академиялык персоналга толугу менен башка суроолор даярдалды.

Андан тышкары, университеттердин билим берүүнүн сапатына тиешелүү адистер менен жана аккредитация борборунун адиси менен маектешүү өткөрүлдү.

Кабинеттик изилдөө, сурамжылоо жана маектешүүдөн тышкары тандалган университеттердин кейстери жазылды.

Сурамжылоо аркылуу алынган маалыматтар SPSS Statistics 22 программасы менен анализденди. Сандык жана сапаттык анализдердин жыйынтыктары толугу менен 2-чи бөлүмдө жазылды. Жыйынтыктардын анализи жана сунуштар 3-чү бөлүмдө каралып чыкты.

Сандык анализ төмөнкү методдорду камтыды:

Кросстабуляция

Кросстабуляция дароо айкын болбогон маалыматтар ичиндеги мамилелерди кароо үчүн колдонулат. Бул таблицаларда эки же андан көп жайылымда салыштырууга мүмкүнчүлүк берилген. Таблицалардын мамычалары бир номинаттык белгинин категорияларына туура келет, ал эми катарлар башка номинанттык белгинин категорияларына туура келет (https://blog.socialcops.com/academy/resources/cross-tabulation-how-why/).

Т-тести

Т-тести же Стьюденттин тести эки көз карандысыз группалардын орто маанилерин салыштыруу үчүн колдонулат. Бул ыкма көз карандысыз группалардын орто маанилеринде кыйла өлчөмдө айырма болуп болбогондугуна статистикалык далил табууга жардам берет (https://libguides.library.kent.edu/spss/independentttest).

ANOVA тести

ANOVA (Дисперсиялык анализи) тандама көптүктөрдү мүнөздөгөн сандык өлчөмдөрүнүн орто маанилеринде айырмачылыктарды анализдөө үчүн колдонулат. Бул ыкма үч же андан көп группанын орто маанилерин статистикалык маанилүүлүгү үчүн салыштыруусуна пайдалуу болуп эсептелет (https://lit-review.ru/biostatistika/dispersionnyjj-analiz-anova/).

Апостериордук тести

Апостериордук тести катары Тьюки тести колдонулду. ANOVA тести жыйынтыктардын маанилүүлүгүн аныктагандан кийин, группалардын орто маанилеринде болгон салыштырма аркылуу айырмачылыктарды аныктоого мүмкүнчүлүк берет. Тьюки тести мүмкүн болгон баардык орто маанилердин түгөйлөрүн салыштырып келет

(https://www.statisticshowto.datasciencecentral.com/tukey-test-honest-significant-difference/).

Корреляция

Корреляция эки өзгөрмө арасындагы байланыштын күчүн көрсөткөн статистикалык ыкма катары саналат. Пирсондун корреляция коэффициенти -1 жана 1 аралыгында болуп, канчалык бирге жакын болсо, ошончолук сызыктуу байланыш күчтүү болуп эсептелет (https://www.statisticssolutions.com/correlation-in-spss/).

Регрессия

Регрессия бир өзгөрмөнүн берилген сандык маанисинин негизинде аны менен байланышкан башка өзгөрмөнүн сандык маанисин божомолдоо үчүн колдонулат. Алгачкы өзгөрмө көз карандысыз өзгөрмө болуп саналып, ал эми регрессия теңдемесинин негизинде эсептелген өзгөрүлмө көз каранды өзгөрмө болуп саналат. Эки же андан көп көз карандысыз өзгөрмөлөр колдонулса көптүк регрессия колдонулат (https://www.statisticssolutions.com/regression-in-spss/).

Сапаттык анализ катары Кейстерди салыштыруу методу менен анализдөө тандалды. Маектешүү жана сурамжылоолордон алынган окуу жайдын ичинде болгон көйгөйлөр тууралуу суроолор кейстердин негизине түштү. Кейстер университеттердин сайттарынан алынган маалымат жана маектешүү аркылуу алынган маалымат үстүндө жазылды.

Салыштыруу методу эки же андан көп кейстин анализин камтыйт. Бул ыкма окшоштуктарды, айырмачылыктарды жана шаблондорду анализдөөгө мүмкүнчүлүк берет. Кейстерди салыштыруу методу менен анализдөө көп учурда сандык жана сапаттык маалыматтарды камтыйт (Goodrick, 2014:3).

Студенттердин Арасында Жүргүзүлгөн Сурамжылоо

Студенттердин арасында жүргүзүлгөн анкета үчүн Кронбахтын альфасы (Cronbach's alpha) 0,804 болду.

Студенттердин сурамжылоосу студенттердин жынысы, мектепти бүтүргөн жери, учурда окуган университети жана бөлүмү жана ЖРТде алган упайлары тууралуу жеке маалыматтарды камтыды. Мындан тышкары абитуриенттердин ЖОЖду тандоодо таасирин тийгизген факторлор, университеттин материалдык-техникалык базасы тууралуу, университеттин маданияты тууралуу, студенттерге көрсөтүлгөн колдоо тууралуу жана академиялык персонал тууралуу суроолорду камтыды.

Студенттер үчүн гипотезалар төмөнкүдөй курулду [I]:

Гипотеза 1. Абитуриенттердин ЖОЖду тандоодо таасирин тийгизген факторлорго байланыштуу гипотезалар.

Гипотеза 1.а. Абитуриенттердин ЖОЖду тандоосу Жалпы республикалык тестирлөөдө алган упайларга байланыштуу

Гипотеза 1.б. Абитуриенттердин ЖОЖду тандоосу мектепти бүтүргөн аймакка байланыштуу

Гипотеза 1.в. Абитуриенттердин ЖОЖду тандоосу абитуриенттердин жынысына байланыштуу

Гипотеза 2. Студенттердин жеке өбөлгөлөрүнүн кабыл алынган билимдин сапатына тийгизген таасирине байланыштуу гипотезалар.

Гипотеза 2.а. Студенттердин жынысына байланыштуу билимдин сапатын сезүүдө айырмачылык бар болууда

Гипотеза 2.б. Студенттердин мектепти бүтүргөн аймагына байланыштуу билимдин сапатын сезүүдө айырмачылык бар болууда

Гипотеза 2.в. Студенттердин окуган ЖОЖго байланыштуу билимдин сапатын сезүүдө айырмачылык бар болууда

Гипотеза 3. ЖОЖдордогу студенттердин кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизген факторлорго байланыштуу гипотезалар.

Гипотеза 3.а. Студенттердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдун материалдык-техникалык базасы менен канааттанууга байланыштуу

Гипотеза 3.б. Студенттердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордогу колдоо менен канааттанууга байланыштуу

Гипотеза 3.в. Студенттердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордогу группалардын арасындагы мамилелерге байланыштуу

Гипотеза 3.г. Студенттердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордогу мугалимдердин профессионалдуулугуна байланыштуу

Академиялык Персонал Арасында Жүргүзүлгөн Сурамжылоо

Мугалимдердин арасында жүргүзүлгөн сурамжылоо үчүн Кронбахтын альфасы (Cronbach's alpha) 0,726 болду.

Мугалимдер үчүн даярдалган сурамжылоо студенттердин сурамжылоосундай иштелип чыккан. Бирок сурамжылоонун негизинде мугалимдердин кабыл алынган билим берүүнүн сапаты анализденди.

Кабыл алынган билим берүүнүн сапатынын анализи мугалимдерге тиешелүү жеке маалыматтардын, мугалимдердин илимий даражасынын жана иштеген бөлүмүнүн негизинде жасалган.

Мындан тышкары, окутуу методдору, материалдык-техникалык базасы жана коллективдеги өз ара байланыштар тууралуу суроолор анализденди. Мугалимдердин кабыл алынган билим берүүнүн сапатын анализдөө үчүн төмөнкү гипотезалар жазылды.

Мугалимдер үчүн гипотезалар төмөнкүдөй курулду [II]:

Гипотеза 1. ЖОЖдордогу мугалимдердин демографиялык өбөлгөлөрүнүн алардын кабыл алынган билимдин сапатына тийгизген таасирине байланыштуу гипотезалар.

Гипотеза 1.а. Мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордогу мугалимдердин жынысына жана жашына байланыштуу

Гипотеза 1.б. Мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты мугалимдердин иштеген ЖОЖуна жана ошол жердеги тажрыйбасына байланыштуу

Гипотеза 1.в. Мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордогу мугалимдердин иштеген бөлүмүнө байланыштуу

Гипотеза 1.г. Мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордогу мугалимдердин илимий даражасына байланыштуу. Бөлүмдүн популярдуу болгону менен тандалган кесиптин арасында байланыш бар болууда.

Гипотеза 2. ЖОЖдордогу мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизген факторлорго байланыштуу гипотезалар.

Гипотеза 2.а. Мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдун материалдык-техникалык базасы менен канааттанууга байланыштуу

Гипотеза 2.б. Мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордогу мугалимдердин коллегаларынын кесипкөйлүгү менен канааттануусуна байланыштуу

Гипотеза 2.в. Мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордогу сабак учурунда колдонулган методдорго байланыштуу

Гипотеза 2.г. Мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордогу группалардын арасындагы мамилелерге жана биргелешкен ишке байланыштуу. ЖОЖдордогу группалардын арасындагы мамилелер менен биргелешкен иштин арасында байланыш бар болууда.

2. СТУДЕНТТЕРДИН АРАСЫНДА ЖУРГҮЗҮЛГӨН СУРАМЖЫЛООНУН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

Студенттердин арасында жүргүзүлгөн сурамжылоо аркылуу студенттерге тийиштүү гипотезаларга жооп табуу максаты турган. Гипотезалар статистикалык ыкмалар менен анализденип, төмөнкү жыйынтыктарга алып келди.

Анализге алынган студенттердин анкеталарынын саны жалпысынан 221 студентти түздү. Суралган студенттердин 74,9% жынысы аял, 25,1% жынысы эркек болуп чыкты. Сурамжылоонун жыйынтыктары 1-чи жыл окуган студенттердин пайызы 18% болгонун, 2-чи жыл окуган студенттердин пайызы 26,4% болгонун, 3-чү жыл окуган студенттердин пайызы 34,6% болгонун, 4-чү жыл окуган студенттердин пайызы 20,7% болгонун аныктады. Студенттердин көбү Экономика жана Менеджмент бөлүмдөрүнөн болду. Калгандары Табигый илимдер, Психология жана Социология бөлүмдөрүнүн студенттери болду. Студенттер тууралуу жалпы маалыматты Тиркеме 5 (186 б.) көрүүгө мүмкүн.

2.1. Абитурианттердин ЖОЖду Тандоодо Таасирин Тийгизген Факторлор

Бул гипотеза абитуриенттин ЖОЖду тандоодо Жалпы республикалык тестирлөөнүн, мектепти бүтүргөн аймактын жана абитуриенттин жынысынын таасирин аныктоодо.

2.1.1. Абитуриенттердин ЖОЖду тандоосу Жалпы республикалык тестирлөөдө (ЖРТ) алган упайларга байланыштуу

Кыргыз Республикасында 2018-жылдын маалыматы боюнча 51 жогорку окуу жай орунду алган (http://www.stat.kg/ru/opendata/category/279/). ЖОЖдордун ар түрдүүлүгү эске алынса, абитуриенттер кайсы себептен ЖОЖду тандагандыгы боюнча анализ жүргүзүлдү. ЖОЖду тандоодо ЖРТде алган упайга жараша айырмачылыктарды көрүү үчүн ANOVA тести колдонулду. ANOVA тестинин жыйынтыктарын Таблица 2.1. көрүүгө мүмкүн.

Таблица 2.1. ЖРТнин ЖОЖду тандоодо ANOVA жыйынтыктары

	Квадраттардын суммасы	Эркиндик даражасы	Орто квадрат	F	Сигма
Группалар арасында	6,816	4	1,704	,775	,542
Группалар ичинде	560,400	255	2,198		
Жалпы	567,215	259			

ANOVA тестинин жыйынтыктары Жалпы республикалык тестирлөө ЖОЖду тандоодо таасирин тийгизбээрин аныктады.

2.1.2. Абитуриенттердин ЖОЖду тандоосу мектепти бүтүргөн аймакка байланыштуу

ЖОЖду тандоодо мектепти бүтүргөн аймактын таасири ANOVA тести менен анализденди. Анализдин жыйынтыктарын Таблица 2.2. көрүүгө мүмкүн.

Таблица 2.2. Мектепти бүтүргөн аймактын ЖОЖду тандоодо ANOVA жыйынтыктары

	Квадраттардын суммасы	Эркиндик даражасы	Орто квадрат	F	Сигма
Группалар арасында	54,725	8	6,841	3,067	,002
Группалар ичинде	635,629	285	2,230		
Жалпы	690,354	293			

Тесттин жыйынтыктары абитуриенттердин ЖОЖду тандоосу мектепти бүтүргөн аймакка байланыштуу болгонун аныктады.

Апостериордук тести (Тиркеме 6:187) Бишкек менен Ош аймагынын жана Ысык-Көл аймагынын студенттерининин ЖОЖду тандоодо айырмачылыктары бар болгондугун аныктады (p-value < 0.05).

Андан ары Кросстабуляцияны (Таблица 2.3) колдонуп жасаган анализ Бишкек жана Таластан башка аймактардан мектепти бүткөндөр ЖОЖду тандоодо окуу жайдын ичинде сапаттуу билим берээрине ишенип окууга өткөндүгүн аныктады. Бишкекте мектепти бүткөн студенттердин 31.6% ЖОЖду тандоону билимдин сапатына байланыштырып жасаганына карабастан, Бишкекте мектепти бүткөн студенттердин 39.3% жана Таласта мектепти бүткөн студенттердин 44.4%

ЖОЖдун репутациясына байланыштырып тандагандыгы анык болду.

Таблица 2.3. Мектепти бүтүргөн аймактын ЖОЖду тандоодо кросстабуляция жыйынтыктары

		Мектепти бүтүргөн аймак									Жалпы
		Бишкек	Нарын аймагы	Ош аймагы	Ысык-Көл аймагы	Жалал-Абад аймагы	Баткен аймагы	Талас аймагы	Чүй аймагы	Башка	
Билим берүүнүн сапаты	Саны	25	9	40	36	13	7	3	11	7	151
	%	31,6%	64,3%	69,0%	58,1%	50,0%	63,6%	33,3%	52,4%	50,0%	51,4%
Мага бирөө кеңеш берген	Саны	16	3	9	4	5	1	2	1	1	42
	%	20,3%	21,4%	15,5%	6,5%	19,2%	9,1%	22,2%	4,8%	7,1%	14,3%
Университет үйгө жакын	Саны	6	0	0	8	0	0	0	1	0	15
	%	7,6%	0,0%	0,0%	12,9%	0,0%	0,0%	0,0%	4,8%	0,0%	5,1%
Университет тууралуу көп уккам	Саны	15	1	5	13	4	1	2	3	2	46
	%	19,0%	7,1%	8,6%	21,0%	15,4%	9,1%	22,2%	14,3%	14,3%	15,6%
Башка	Саны	17	1	4	1	4	2	2	5	4	40
	%	21,5%	7,1%	6,9%	1,6%	15,4%	18,2%	22,2%	23,8%	28,6%	13,6%

Анкетада бир нече студент ЖОЖду тандоодо негизги фактор катары контракттык акысын айтып кетти.

2.1.3. Абитуриенттердин ЖОЖду тандоосу абитуриенттердин жынысына байланыштуу

Т-тесттин жыйынтыктары (Таблица 2.4.) ЖОЖду тандоодо абитуриенттин жынысынын таасири жок болгондугун аныктады (маанилүүлүгү 0.331 болуп табылды).

Таблица 2.4. ЖОЖду тандоодо абитуриенттердин жынысынын таасиринин Т-тестинин жыйынтыктары

	Ливиндин исперсиялар үчүн теңдик критерии		Орточо маанилердин теңдиктери үчүн t-критерий					
	F	Мааниси	т	Эркиндиктин денг.	Мааниси (2 тараптуу)	Орточо маанилердин айырмасы	Айырманын орто квадраттык катасы	95% айырма үчүн ишенимдик интервалы

									Төмөнкү	Жогорку
ЖОЖду тандоо	Тең дисперсиялар болжолдонууда	7,143	,008	-1,039	292	,299	-,21437	,20625	-,62029	,19155
	Тең дисперсиялар болжолдонбоодо			-,977	113,697	,331	-,21437	,21940	-,64902	,22027

2.2. Студенттердин Жеке Өбөлгөлөрүнүн Кабыл алынган Билимдин Сапатына Тийгизген Таасири

Бул гипотеза студенттин жынысынын, мектепти бүтүргөн аймактын жана окуган ЖОЖдордогу студенттердин кабыл алынган билимдин сапатына тийгизген таасирин аныктоодо.

2.2.1. Студенттердин жынысына байланыштуу билимдин сапатын сезүүдө айырмачылык бар болууда

Т-тесттин жыйынтыктары (Таблица 2.5.) кабыл алынган билим берүүнүн сапаты студенттердин жынысына байланыштуу эмес экендигин аныктады (маанилүүлүгү 0.973 болуп табылды).

Таблица 2.5. Студенттердин жынысына байланыштуу билимдин сапатын сезүүдө Т-тестинин жыйынтыктары

	Ливиндин дисперсиялар үчүн теңдик критерии		Орточо маанилердин теңдиктери үчүн t-критерий						
	F	Мааниси	т	Эркиндиктин деңг.	Мааниси (2 тараптуу)	Орточо маанилердин айырмасы	Айырманын Орто квадраттык катасы	95% айырма үчүн ишенимдик интервалы	
								Төмөнкү	Жогорку

Канааттануу-сапат	Тең дисперсиялар болжолдонууда	,199	,656	,034	293	,973	,00367	,10722	-,20736	,21469
	Тең дисперсиялар болжолдонбоодо			,033	118,656	,974	,00367	,11086	-,21586	,22320

2.2.2. Студенттердин мектепти бүтүргөн аймагына байланыштуу билимдин сапатын сезүүдө айырмачылык бар болууда

ANOVA тестинин жыйынтыктары мектепти бүтүргөн аймагына байланыштуу билимдин сапатын сезүүдө айырмачылык бар экендигин аныктады. Жыйынтыктарды Таблица 2.6. көрүүгө болот.

Таблица 2.6. Мектепти бүтүргөн аймагына байланыштуу билимдин сапатын сезүүдө ANOVA жыйынтыктары

	Квадраттардын суммасы	Эркиндик даражасы	Орто квадрат	F	Сигма
Группалар арасында	19,516	8	2,439	4,172	,000
Группалар ичинде	167,230	286	,585		
Жалпы	186,746	294			

Апостериордук тести (Тиркеме 7:189) билимдин сапатын сезүүдө Бишкек менен Ош жана Ысык-Көл аймактарында айырмачылык бар экендигин аныктады (p-value < 0.05).

Кросстабуляция анализи (Таблица 2.7.) Бишкек, Нарын жана Жалал-Абад аймактарында мектепти бүтүргөн студенттерден башкалары билим берүүнүн сапатына ыраазы болгонун аныктады.

Таблица 2.7. Мектепти бүтүргөн аймагына байланыштуу билимдин сапатын сезүүдө кросстабуляция тестинин жыйынтыктары

			Мектеп									Жалпы
			Бишкек	Нарын аймагы	Ош аймагы	Ысык-Көл аймагы	Жалал-Абад аймагы	Баткен аймагы	Талас аймагы	Чүй аймагы	Башка	
Канааттануу-сапат	Такыр канааттандырбайт	Саны	2	0	0	0	0	1	0	0	0	3
		% Мектеп	2,5%	0,0%	0,0%	0,0%	0,0%	9,1%	0,0%	0,0%	0,0%	1,0%
	Канааттандырбайт	Саны	11	0	0	0	1	0	0	0	2	14
		% Мектеп	13,9%	0,0%	0,0%	0,0%	3,8%	0,0%	0,0%	0,0%	14,3%	4,7%
	Бираз канааттандырат	Саны	28	6	8	8	7	0	1	4	4	66
		% Мектеп	35,4%	42,9%	13,8%	12,7%	26,9%	0,0%	11,1%	19,0%	28,6%	22,4%
	Канааттандырат	Саны	27	7	41	45	12	6	7	14	5	164
		% Мектеп	34,2%	50,0%	70,7%	71,4%	46,2%	54,5%	77,8%	66,7%	35,7%	55,6%
	Толугу менен канааттандырат	Саны	11	1	9	10	6	4	1	3	3	48
		% Мектеп	13,9%	7,1%	15,5%	15,9%	23,1%	36,4%	11,1%	14,3%	21,4%	16,3%

Бишкекте мектепти бүтүргөн студенттердин 35.4% билим берүүнүн сапаты бираз канааттандыраарлык, Нарын аймагында мектепти бүтүргөн студенттердин 42.9% бираз канааттандыраарлык жана Жалал-Абад аймагында мектепти бүтүргөн студенттердин 26,9% бираз канааттандыраарлык болуп чыкты.

2.2.3. Студенттердин окуган ЖОЖго байланыштуу билимдин сапатын сезүүдө айырмачылык бар болууда

ANOVA тести окуган ЖОЖго байланыштуу билимдин сапатын сезүүдө айырмачылык бар экендигин аныктады. ANOVA тесттин жыйынтыктары Таблица 2.8. көрсөтүлүүдө.

Таблица 2.8. ЖОЖго байланыштуу билимдин сапатын сезүүдө ANOVA жыйынтыктары

	Квадраттардын суммасы	Эркиндик даражасы	Орто квадрат	F	Сигма
Группалар арасында	30,500	5	6,100	11,283	,000
Группалар ичинде	156,246	289	,541		
Жалпы	186,746	294			

Апостериордук тести (Таблица 2.9.) Кыргыз улуттук университетинин

ЖОЖго байланыштуу билимдин сапатын сезүүдө айырмачылык бар экендигин аныктады (p value <0.05).

Таблица 2.9. Студенттердин окуган ЖОЖго байланыштуу билимдин сапатын сезүүдө апостериордук тестинин жыйынтыктары

(I) ЖОЖ	(J) ЖОЖ	Орто айырма (I-J)	Орточо квадраттык ката	Мааниси	95% Ишеним аралыгы	
					Төмөнкү чеги	Жогорку чеги
Манас	БААУ	,01961	,14709	1,000	-,4024	,4416
	КЭУ	,40000	,14781	,077	-,0240	,8240
	КУУ	,80000*	,14781	,000	,3760	1,2240
	ОШМУ	,00000	,15095	1,000	-,4331	,4331
	ЫМУ	-,12245	,14855	,963	-,5486	,3037
БААУ	Манас	-,01961	,14709	1,000	-,4416	,4024
	КЭУ	,38039	,14633	,101	-,0394	,8002
	КУУ	,78039*	,14633	,000	,3606	1,2002
	ОШМУ	-,01961	,14951	1,000	-,4486	,4093
	ЫМУ	-,14206	,14709	,928	-,5640	,2799
КЭУ	Манас	-,40000	,14781	,077	-,8240	,0240
	БААУ	-,38039	,14633	,101	-,8002	,0394
	КУУ	,40000	,14706	,074	-,0219	,8219
	ОШМУ	-,40000	,15022	,086	-,8310	,0310
	ЫМУ	-,52245*	,14781	,006	-,9465	-,0984
КУУ	Манас	-,80000*	,14781	,000	-1,2240	-,3760
	БААУ	-,78039*	,14633	,000	-1,2002	-,3606
	КЭУ	-,40000	,14706	,074	-,8219	,0219
	ОШМУ	-,80000*	,15022	,000	-1,2310	-,3690
	ЫМУ	-,92245*	,14781	,000	-1,3465	-,4984
ОШМУ	Манас	,00000	,15095	1,000	-,4331	,4331
	БААУ	,01961	,14951	1,000	-,4093	,4486
	КЭУ	,40000	,15022	,086	-,0310	,8310
	КУУ	,80000*	,15022	,000	,3690	1,2310
	ЫМУ	-,12245	,15095	,965	-,5555	,3106
ЫМУ	Манас	,12245	,14855	,963	-,3037	,5486
	БААУ	,14206	,14709	,928	-,2799	,5640
	КЭУ	,52245*	,14781	,006	,0984	,9465
	КУУ	,92245*	,14781	,000	,4984	1,3465
	ОШМУ	,12245	,15095	,965	-,3106	,5555

*. орточо айырмасы 0,05 деңгээлинде маанилүү

Ошентип КУУнун Манас университети менен орто айырмасы -.800, БААУ менен орто айырмасы -,780, ОшМУ менен орто айырмасы -,800 жана ЫМУ менен орто айырмасы -,922 болуп чыгып, КУУ ичиндеги билимдин сапаты менен канааттануу жогорку белгиленген университеттерден аз болгондугу аныкталды.

Кросстабуляция анализи (Таблица 2.10.) КУУдан башка университеттердеги студенттер билимдин сапаты менен канааттандырылганын аныктады.

Таблица 2.10. Студенттердин окуган ЖОЖго байланыштуу билимдин сапатын сезүүдө кросстабуляция тестинин жыйынтыктары

			ЖОЖ						Жалпы
			Манас	БААУ	КЭУ	КУУ	ОШМУ	ЫМУ	
Канааттануу-сапат	Такыр канааттандырбайт	Саны	2	0	1	0	0	0	3
		% ЖОЖ	4,1%	0,0%	2,0%	0,0%	0,0%	0,0%	1,0%
	Канааттандырбайт	Саны	0	0	0	14	0	0	14
		% ЖОЖ	0,0%	0,0%	0,0%	28,0%	0,0%	0,0%	4,7%
	Бираз канааттандырат	Саны	6	13	19	17	7	4	66
		% ЖОЖ	12,2%	25,5%	38,0%	34,0%	15,2%	8,2%	22,4%
	Канааттандырат	Саны	29	26	28	14	32	35	164
		% ЖОЖ	59,2%	51,0%	56,0%	28,0%	69,6%	71,4%	55,6%
	Толугу менен канааттандырат	Саны	12	12	2	5	7	10	48
		% ЖОЖ	24,5%	23,5%	4,0%	10,0%	15,2%	20,4%	16,3%

Жогорку таблицадан БААУнун студенттеринин 25,5%, КЭУнун студенттеринин 38,0% жана КУУнун студенттеринин 34,0% билимдин сапаты менен бираз канааттандырылганын көрүүгө мүмкүн. Ошол эле учурда Манастын студенттеринин 23,5%, БААУнун студенттеринин 23,5% жана ЫМУнун студенттеринин 20,4% билимдин сапаты менен толугу менен канааттандырылганы анык болду.

2.3. ЖОЖдордогу Кабыл Алынган Билимдин Сапатына Таасирин Тийгизген Факторлор

Бул гипотеза ЖОЖдун материалдык-техникалык базасынын, ЖОЖдордогу колдоонун, ЖОЖдордогу группалардын арасындагы мамиленин жана ЖОЖдордогу мугалимдердин профессионалдуулугунун студенттердин кабыл алынган билимдин сапатына тийгизген таасирин аныктоодо.

2.3.1. Студенттердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдун материалдык-техникалык базасы менен канааттанууга байланыштуу

ANOVA тестинин жыйынтыктарынан ЖОЖдордогу материалдык-техникалык база студенттердин кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизээри анык болду. ANOVA тесттин жыйынтыктары Таблица 2.11. көрүнүүдө.

Таблица 2.11. ЖОЖдун материалдык-техникалык базасына байланыштуу билимдин сапатын сезүүдө ANOVA жыйынтыктары

	Квадраттардын суммасы	Эркиндик даражасы	Орто квадрат	F	Сигма
Группалар арасында	48,590	4	12,148	25,336	,000
Группалар ичинде	138,085	288	,479		
Жалпы	186,676	292			

Апостериордук тести (Таблица 2.12.) студенттердин арасындагы материалдык-техникалык базасы менен канааттануу группадан группага айырмаланаарын аныктады (p-value < 0.05).

Таблица 2.12. ЖОЖдун материалдык-техникалык базасынын студенттердин кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизүү тууралуу апостериордук тестинин жыйынтыктары

(I) МТБ_групп	(J) МТБ_групп	Орто айырма (I-J)	Орто квадраттык ката	Мааниси	95% Ишеним аралыгы	
					Төмөнкү чек	Жогорку чек
1,00	2,00	-,09375	,19737	,990	-,6356	,4481
	3,00	-,70690*	,17955	,001	-1,1998	-,2140
	4,00	-,89908*	,16844	,000	-1,3615	-,4367
	5,00	-1,29730*	,17451	,000	-1,7763	-,8183
2,00	1,00	,09375	,19737	,990	-,4481	,6356
	3,00	-,61315*	,15248	,001	-1,0317	-,1946
	4,00	-,80533*	,13922	,000	-1,1875	-,4232
	5,00	-1,20355*	,14650	,000	-1,6057	-,8014
3,00	1,00	,70690*	,17955	,001	,2140	1,1998
	2,00	,61315*	,15248	,001	,1946	1,0317
	4,00	-,19219	,11254	,431	-,5011	,1168
	5,00	-,59040*	,12143	,000	-,9237	-,2571
4,00	1,00	,89908*	,16844	,000	,4367	1,3615
	2,00	,80533*	,13922	,000	,4232	1,1875
	3,00	,19219	,11254	,431	-,1168	,5011
	5,00	-,39821*	,10430	,002	-,6845	-,1119
5,00	1,00	1,29730*	,17451	,000	,8183	1,7763
	2,00	1,20355*	,14650	,000	,8014	1,6057
	3,00	,59040*	,12143	,000	,2571	,9237
	4,00	,39821*	,10430	,002	,1119	,6845

*. Орточо айырмасы 0,05 деңгээлинде маанилүү

Ошентип, “Такыр канааттандырбайт” группасындагы студенттер билимдин сапаты менен “Бираз канааттандырат” группасындагы студенттерден -,706 орточо айырма менен (mean difference) азыраак канааттандырылган, “Канааттандырат” группасындагы студенттерден -,899 орточо айырма менен азыраак канааттандырылган, “Толугу менен канааттандырат” группасындагы студенттерден -1,297 орточо айырма менен азыраак канааттандырылган болуп чыкты.

“Канааттандырбайт” группасындагы студенттер билимдин сапаты менен “Бираз канааттандырат” группасындагы студенттерден -,613 орточо айырмасы менен, “Канааттандырат” группасындагы студенттерден -,805 орточо айырмасы менен жана “Толугу менен канааттандырат” группасындагы студенттерден -1,203 орточо айырма менен азыраак канааттандырылган болуп чыкты.

Мындан сырткары, “Бираз канааттандырат” группасындагы студенттер менен “Толугу менен канааттандырат” группасындагы студенттердин арасында -,590 орточо айырма менен айырмачылык чыкты. Демек “Бираз канааттандырат” группасындагы студенттер “Толугу менен канааттандырат” группасындагы студенттерден азыраак деңгээлде канааттандырылган болууда. Ошондой эле, “Канааттандырат” группасындагы студенттер “Толугу менен канааттандырат” группасындагы студенттерден -,398 орточо айырма менен азыраак деңгээлде канааттандырылган болууда.

2.3.2. Студенттердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордогу колдоо менен канааттанууга байланыштуу

ANOVA тестинин жыйынтыктары ЖОЖдордогу колдоо менен канааттануу студенттердин кабыл алынган билимдин сапатына таасиринин тийгизээрин аныктады. ANOVA тестинин жыйынтыктарын Таблица 2.13. көрүүгө мүмкүн.

Таблица 2.13. ЖОЖдордогу колдоого байланыштуу билимдин сапатын сезүүдө ANOVA жыйынтыктары

	Квадраттардын суммасы	Эркиндик даражасы	Орто квадрат	F	Сигма
Группалар арасында	59,032	4	14,758	33,511	,000
Группалар ичинде	127,714	290	,440		
Жалпы	186,746	294			

Апостериордук тести (Таблица 2.14.) ЖОЖдогу колдоо менен канааттануу группадан группага айырмаланаарын аныктады (p-value < 0.05).

Таблица 2.14. ЖОЖдордогу колдоо менен канааттануу студенттердин кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизүү тууралуу апостериордук тестинин жыйынтыктары

(I) студент. колдоо (групп.)	(J) студент. колдоо (групп.)	Орто айырма(I-J)	Орто квадраттык ката	Мааниси	95% Ишеним аралыгы	
					Төмөнкү чек	Жогорку чек
1,00	2,00	,56667	,29678	,315	-,2480	1,3813
	3,00	-,26437	,28011	,879	-1,0333	,5045
	4,00	-,67544	,27796	,110	-1,4384	,0876
	5,00	-1,01149*	,28459	,004	-1,7927	-,2303
2,00	1,00	-,56667	,29678	,315	-1,3813	,2480
	3,00	-,83103*	,14051	,000	-1,2167	-,4453
	4,00	-1,24211*	,13617	,000	-1,6159	-,8683
	5,00	-1,57816*	,14924	,000	-1,9878	-1,1685
3,00	1,00	,26437	,28011	,879	-,5045	1,0333
	2,00	,83103*	,14051	,000	,4453	1,2167
	4,00	-,41107*	,09447	,000	-,6704	-,1517
	5,00	-,74713*	,11249	,000	-1,0559	-,4383
4,00	1,00	,67544	,27796	,110	-,0876	1,4384
	2,00	1,24211*	,13617	,000	,8683	1,6159
	3,00	,41107*	,09447	,000	,1517	,6704
	5,00	-,33606*	,10703	,016	-,6299	-,0422
5,00	1,00	1,01149*	,28459	,004	,2303	1,7927
	2,00	1,57816*	,14924	,000	1,1685	1,9878
	3,00	,74713*	,11249	,000	,4383	1,0559
	4,00	,33606*	,10703	,016	,0422	,6299
*. Орточо айырмасы 0,05 деңгээлинде маанилүү						

ЖОЖдордогу колдоо “Такыр канааттандырбайт” группасындагы студенттер ЖОЖдордогу колдоо “Толугу менен канааттандырат” группасындагы студенттерге салыштырмалуу -1,011 орточо айырма менен билимдин сапаты менен азыраак деңгээлде канааттандырылган болгонун аныктады. ЖОЖдордогу колдоо “Канааттандырбайт” группасындагы студенттер ЖОЖдордогу колдоо “Бираз канааттандырат”, “Канааттандырат” жана “Толугу менен канааттандырат” группаларындагы студенттерден -,831, -1,242 жана -1,578 орточо айырмалар менен билимдин сапаты менен азыраак деңгээлде канааттандырылган болгону аныкталды. Мындан сырткары, ЖОЖдордогу колдоо “Бираз канааттандырат” группасындагы студенттер ЖОЖдордогу колдоо “Канааттандырат” жана “Толугу менен канааттандырат” группаларындагы студенттерден -,411 жана -,747 орточо айырма менен билимдин сапаты менен азыраак деңгээлде канааттандырылган болгону аныкталды. ЖОЖдордогу колдоо “Канааттандырат” группасындагы студенттер ЖОЖдордогу колдоо “Толугу менен канааттандырат” группасындагы студенттерден -,336 орточо айырма менен билимдин сапаты менен азыраак деңгээлде канааттандырылган болууда.

2.3.3. Студенттердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордогу группалардын арасындагы мамилелерге байланыштуу

ANOVA тести ЖОЖдордогу студенттердин арасында болгон мамилелер кабыл алынган билимдин сапатына таасиринин тийгизээрин аныктады. ANOVA тестинин жыйынтыктары Таблица 2.15. көрүнүүдө.

Таблица 2.15 ЖОЖдордогу студенттердин арасында болгон мамилелерге байланыштуу билимдин сапатын сезүүдө ANOVA жыйынтыктары

	Квадраттардын суммасы	Эркиндик даражасы	Орто квадрат	F	Сигма
Группалар арасында	5,179	2	2,590	4,165	,016
Группалар ичинде	181,567	292	,622		
Жалпы	186,746	294			

Апостериордук тести боюнча (Таблица 2.16.) студенттердин арасында болгон мамиле ак ниеттүү деп ойлогон студенттердин арасында болгон мамиле нейтралдуу деген студенттерге караганда ЖОЖдордогу билимдин сапаты менен ,319 орточо айырмада көбүрөөк канааттандырылганы анык болду (p value <0.05).

Таблица 2.16. Студенттердин арасында болгон мамилелердин жана билимдин сапатынын көптүк салыштырмалары

(I) Студент-студент мамилеси	(J) Студент-студент мамилеси	Орто айырма(I-J)	Орто квадраттык ката	Мааниси	95% Ишеним аралыгы	
					Төмөнкү чек	Жогорку чек
Ак ниеттүү	Нейтралдуу	,31960*	,11149	,012	,0569	,5822
	Терс	-,11790	,56002	,976	-1,4371	1,2013
Нейтралдуу	Ак ниеттүү	-,31960*	,11149	,012	-,5822	-,0569
	Терс	-,43750	,56623	,720	-1,7714	,8964
Терс	Ак ниеттүү	,11790	,56002	,976	-1,2013	1,4371
	Нейтралдуу	,43750	,56623	,720	-,8964	1,7714
*. Орточо айырмасы 0,05 деңгээлинде маанилүү						

ANOVA тести ЖОЖдордогу студенттердин жана мугалимдердин арасында болгон мамилелер кабыл алынган билимдин сапатына таасиринин тийгизээрин аныктады. ANOVA тестинин жыйынтыктары Таблица 2.17. көрүнөт.

Таблица 2.17. ЖОЖдордогу студенттердин жана мугалимдердин арасында болгон мамилелерге байланыштуу билимдин сапатын сезүүдө ANOVA жыйынтыктары

	Квадраттардын суммасы	Эркиндик даражасы	Орто квадрат	F	Сигма
Группалар арасында	20,533	2	10,267	18,036	,000
Группалар ичинде	166,212	292	,569		
Жалпы	186,746	294			

Апостериордук тести боюнча (Таблица 2.18.) студенттердин жана мугалимдердин арасында болгон мамиле ак ниеттүү деп ойлогон студенттердин арасында болгон мамиле нейтралдуу жана терс дегендерге караганда ЖОЖдогу билимдин сапаты менен ,472 жана 1,366 орточо айырмаларда көбүрөөк канааттандырылганы анык болду (p value <0.05). Ошол эле учурда студенттердин жана мугалимдердин арасында болгон мамиле нейтралдуу деп ойлогон студенттердин арасында болгон мамиле терс дегендерге караганда ЖОЖдогу билимдин сапаты менен ,893 орточо айырмада көбүрөөк канааттандырылганы анык болду (p value <0.05) .

Таблица 2.18. Студенттердин жана мугалимдердин арасында болгон мамилелердин жана билимдин сапатынын көптүк салыштырмалары

(I) Студент-мугалим мамилеси	(J) Студент-мугалим мамилеси	Орто айырма(I-J)	Орто квадраттык ката	Мааниси	95% Ишеним аралыгы	
					ТөмөнкҮ чек	Жогорку чек
Ак ниеттүү	Нейтралдуу	,47268*	,09875	,000	,2401	,7053
	Терс	1,36651*	,34142	,000	,5622	2,1708
Нейтралдуу	Ак ниеттүү	-,47268*	,09875	,000	-,7053	-,2401
	Терс	,89383*	,34767	,029	,0748	1,7128
Терс	Ак ниеттүү	-1,36651*	,34142	,000	-2,1708	-,5622
	Нейтралдуу	-,89383*	,34767	,029	-1,7128	-,0748

*. Орточо айырмасы 0,05 деңгээлинде маанилүү

ANOVA тести ЖОЖдордогу студенттердин жана кураторлордун арасында болгон мамилелер кабыл алынган билимдин сапатына таасиринин тийгизээрин аныктады. ANOVA тестинин жыйынтыктары Таблица 2.19. көрүнүүдө.

Таблица 2.19. ЖОЖдордогу студенттердин жана кураторлордун арасында болгон мамилелерге байланыштуу билимдин сапатын сезүүдө ANOVA жыйынтыктары

	Квадраттардын суммасы	Эркиндик даражасы	Орто квадрат	F	Сигма
Группалар арасында	10,119	2	5,060	8,365	,000
Группалар ичинде	176,626	292	,605		
Жалпы	186,746	294			

Апостериордук тести боюнча (Таблица 2.20.) студенттердин жана кураторлордун арасында болгон мамиле ак ниеттүү деп ойлогон студенттердин арасында болгон мамиле нейтралдуу жана терс дегендерге караганда ЖОЖдогу билимдин сапаты менен ,348 жана ,655 орточо айырмаларда көбүрөөк канааттандырылганы анык болду (p value <0.05).

Таблица 2.20. Студенттердин жана кураторлордун арасында болгон мамилелердин жана билимдин сапатынын көптүк салыштырмалары

(I) Студент-куратор мамилеси	(J) Студент-куратор мамилеси	Орто айырма(I-J)	Орто квадраттык ката	Мааниси	95% Ишеним аралыгы	
					Төмөнкү чек	Жогорку чек
Ак ниеттүү	Нейтралдуу	,34894*	,10425	,003	,1034	,5945
	Терс	,65516*	,24062	,019	,0883	1,2220
Нейтралдуу	Ак ниеттүү	-,34894*	,10425	,003	-,5945	-,1034
	Терс	,30622	,25090	,442	-,2848	,8973
Терс	Ак ниеттүү	-,65516*	,24062	,019	-1,2220	-,0883
	Нейтралдуу	-,30622	,25090	,442	-,8973	,2848
*. Орточо айырмасы 0,05 деңгээлинде маанилүү						

ANOVA тести ЖОЖдордогу студенттердин жана администрация арасында болгон мамилелер кабыл алынган билимдин сапатына таасиринин тийгизээрин аныктады. ANOVA тестинин жыйынтыктары Таблица 2.21. көрүнүүдө.

Таблица 2.21. ЖОЖдордогу студенттердин жана администрация арасында болгон мамилелерге байланыштуу билимдин сапатын сезүүдө ANOVA жыйынтыктары

	Квадраттардын суммасы	Эркиндик даражасы	Орто квадрат	F	Сигма
Группалар арасында	23,963	2	11,981	21,492	,000
Группалар ичинде	162,783	292	,557		
Жалпы	186,746	294			

Апостериордук тести боюнча (Таблица 2.22.) студенттердин жана администрация арасында болгон мамиле ак ниеттүү деп ойлогон студенттердин арасында болгон мамиле нейтралдуу жана терс дегендерге караганда ЖОЖдогу билимдин сапаты менен ,552 жана ,771 орточо айырмаларда көбүрөөк канааттандырылганы анык болду (p value <0.05).

Таблица 2.22. Студенттердин жана кураторлордун арасында болгон мамилелердин жана билимдин сапатынын көптүк салыштырмалары

(I) Студент-админист. мамилеси	(J) Студент-админист. мамилеси	Орто айырма (I-J)	Орто квадраттык ката	Мааниси	95% Ишеним аралыгы	
					Төмөнкү чек	Жогорку чек
Ак ниеттүү	Нейтралдуу	,55245*	,08830	,000	,3444	,7605
	Терс	,77156*	,25659	,008	,1671	1,3760
Нейтралдуу	Ак ниеттүү	-,55245*	,08830	,000	-,7605	-,3444
	Терс	,21911	,25659	,670	-,3854	,8236
Терс	Ак ниеттүү	-,77156*	,25659	,008	-1,3760	-,1671
	Нейтралдуу	-,21911	,25659	,670	-,8236	,3854
*. Орточо айырмасы 0,05 деңгээлинде маанилүү						

ANOVA тести ЖОЖдордогу студенттердин жана административдик персонал арасында болгон мамилелер кабыл алынган билимдин сапатына таасиринин тийгизээрин аныктады. ANOVA тестинин жыйынтыктары Таблица 2.23. көрүнүүдө.

Таблица 2.23. ЖОЖдордогу студенттердин жана административдик персонал арасында болгон мамилелерге байланыштуу билимдин сапатын сезүүдө ANOVA жыйынтыктары

	Квадраттардын суммасы	Эркиндик даражасы	Орто квадрат	F	Сигма
Группалар арасында	13,225	2	6,613	11,128	,000
Группалар ичинде	173,521	292	,594		
Жалпы	186,746	294			

Апостериордук тести боюнча (Таблица 2.24.) студенттердин жана административдик персонал арасында болгон мамиле ак ниеттүү деп ойлогон студенттердин арасында болгон мамиле нейтралдуу дегендерге караганда ЖОЖдогу билимдин сапаты менен ,433 орточо айырмада көбүрөөк канааттандырылганы анык болду (p value <0.05).

Таблица 2.24. Студенттердин жана административдик персонал арасында болгон мамилелердин жана билимдин сапатынын көптүк салыштырмалары

(I) Студент-персонал мамилеси	(J) Студент-персонал мамилеси	Орто айырма (I-J)	Орто квадраттык ката	Мааниси	95% Ишеним аралыгы	
					Төмөнкү чек	Жогорку чек
Ак ниеттүү	Нейтралдуу	,43377*	,09199	,000	,2171	,6505
	Терс	,24226	,21587	,501	-,2663	,7508
Нейтралдуу	Ак ниеттүү	-,43377*	,09199	,000	-,6505	-,2171
	Терс	-,19151	,21622	,650	-,7009	,3179
Терс	Ак ниеттүү	-,24226	,21587	,501	-,7508	,2663
	Нейтралдуу	,19151	,21622	,650	-,3179	,7009
*. Орточо айырмасы 0,05 деңгээлинде маанилүү						

Группалар арасындагы корреляция (Таблица 2.25.) жалпысынан начар болуп чыкты; жалаң гана студенттер-администрация жана студенттер-административдик персонал группаларында бираз күчтүү болуп чыкты (корреляция коэффициенти ,558).

Таблица 2.25. Группалар арасындагы корреляция

		Студент-студент мамилеси	Студент-мугалим мамилеси	Студент-мугалим мамилеси	Студент-администрация мамилеси	Студент-персонал мамилеси
Студент-студент мамилеси	Пирсондун корреляциясы	1	,359**	,319**	,333**	,262**
Студент-мугалим мамилеси	Пирсондун корреляциясы	,359**	1	,335**	,384**	,266**
Студент-мугалим мамилеси	Пирсондун корреляциясы	,319**	,335**	1	,353**	,212**
Студент-администрация мамилеси	Пирсондун корреляциясы	,333**	,384**	,353**	1	,558**
Студент-персонал мамилеси	Пирсондун корреляциясы	,262**	,266**	,212**	,558**	1
**. Корреляция 0,01 деңгээлинде маанилүү						

2.3.4. Студенттердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордогу мугалимдердин профессионалдуулугуна байланыштуу

ANOVA тестинин жыйынтыктары ЖОЖдордогу мугалимдердин профессионалдуулугу студенттердин кабыл алынган билимдин сапатына таасиринин тийгизээрин аныктады. ANOVA тестинин жыйынтыктары Таблица 2.26. көрүнүүдө.

Таблица 2.26. ЖОЖдордогу мугалимдердин профессионалдуулугуна байланыштуу билимдин сапатын сезүүдө ANOVA жыйынтыктары

	Квадраттардын суммасы	Эркиндик даражасы	Орто квадрат	F	Сигма
Группалар арасында	26,940	4	6,735	12,222	,000
Группалар ичинде	159,805	290	,551		
Жалпы	186,746	294			

Апостериордук тести (Таблица 2.27.) ЖОЖдогу мугалимдердин профессионалдуулугу студенттердин кабыл алынган билимдин сапатына тийгизген таасири группадан группага айырмаланганын белгилеп кетти.

Таблица 2.27. ЖОЖдордогу мугалимдердин профессионалдуулугу студенттердин кабыл алынган билимдин сапатына тийгизген таасири тууралуу апостериордук тестинин жыйынтыктары

(I) Профессионалдуулук-билим	(J) Профессионалдуулук-билим	Орто айырма(I-J)	Орто квадраттык ката	Мааниси	95% Ишеним аралыгы	
					Төмөнкү чек	Жогорку чек
Такыр тийгизбейт	Тийгизбейт	-,16667	,44950	,996	-1,4006	1,0672
	Бираз тийгизет	-,30435	,34956	,907	-1,2639	,6552
	Тийгизет	-,83871	,33729	,096	-1,7646	,0872
	Толугу менен тийгизет	-1,14458*	,34183	,008	-2,0829	-,2062
Тийгизбейт	Такыр тийгизбейт	,16667	,44950	,996	-1,0672	1,4006
	Бираз тийгизет	-,13768	,32221	,993	-1,0222	,7468
	Тийгизет	-,67204	,30886	,192	-1,5199	,1758
	Толугу менен тийгизет	-,97791*	,31382	,017	-1,8393	-,1165
Бираз тийгизет	Такыр тийгизбейт	,30435	,34956	,907	-,6552	1,2639
	Тийгизбейт	,13768	,32221	,993	-,7468	1,0222
	Тийгизет	-,53436*	,12464	,000	-,8765	-,1922
	Толугу менен тийгизет	-,84023*	,13645	,000	-1,2148	-,4657
Тийгизет	Такыр тийгизбейт	,83871	,33729	,096	-,0872	1,7646
	Тийгизбейт	,67204	,30886	,192	-,1758	1,5199
	Бираз тийгизет	,53436*	,12464	,000	,1922	,8765
	Толугу менен тийгизет	-,30587*	,10097	,022	-,5830	-,0287
Толугу менен тийгизет	Такыр тийгизбейт	1,14458*	,34183	,008	,2062	2,0829
	Тийгизбейт	,97791*	,31382	,017	,1165	1,8393
	Бираз тийгизет	,84023*	,13645	,000	,4657	1,2148
	Тийгизет	,30587*	,10097	,022	,0287	,5830
*. Орточо айырмасы 0,05 деңгээлинде маанилүү						

ЖОЖдордогу мугалимдердин профессионалдуулугу билимдин сапатына толугу менен таасирин тийгизет деп ойлогон студенттер такыр тийгизбейт, тийгизбейт, бираз тийгизет жана тийгизет деген студенттерге караганда 1,144; ,977; ,840 жана ,305 орточо айырмалар менен билимдин сапаты менен көбүрөөк деңгээлде канааттандырылганын аныктады. Мындан тышкары, ЖОЖдордогу мугалимдердин профессионалдуулугу билимдин сапатына таасирин тийгизет деп ойлогон студенттер бираз тийгизет деген студенттерге караганда ,534 орточо айырмасы менен билимдин сапаты менен көбүрөөк деңгээлде канааттандырылганы аныкталды.

3. АКАДЕМИЯЛЫК ПЕРСОНАЛДЫН АРАСЫНДА ЖҮРГҮЗҮЛГӨН СУРАМЖЫЛООНУН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

Академиялык персонал арасында жүргүзүлгөн сурамжылоо аркылуу мугалимдерге тийиштүү гипотезаларга жооп табуу максаты турган. Гипотезалар статистикалык методдору менен анализденип, төмөнкү жыйынтыктарга алып келди.

Анализге катышкан мугалимдердин анкеталарынын саны жалпысынан 115 мугалимди түздү. Суралган мугалимдердин 66,1% жынысы аял, 33,9% жынысы эркек болуп чыкты. Мугалимдердин 33,0% жашы 25-34 жаш аралыгында, 37,4% жашы 35-44 жаш аралыгында, 16,5% жашы 45-54 жаш аралыгында жана 13,0% жашы 55-64 жаш аралыгында болуп аныкталды. Мугалимдердин көбү Экономика бөлүмүнөн болду. Калгандары Менеджмент, Укук, Чет тилдер, Табигый илимдер, Каржы ж/а банктык иш, Туризм, Информатика жана Маркетинг бөлүмдөрүнүн мугалимдери болду. Мугалимдер тууралуу жалпы маалыматты Тиркеме 18 көрүүгө мүмкүн.

3.1. ЖОЖдордогу Мугалимдердин Демографиялык Өбөлгөлөрүнүн Алардын Кабыл Алынган Билимдин Сапатына Тийгизген Таасири

Бул гипотеза ЖОЖдордогу мугалимдердин жынысынын жана жашынын, мугалимдердин иштеген ЖОЖдордун жана ЖОЖдордогу тажрыйбасынын, мугалимдердин иштеген бөлүмүнүн жана ЖОЖдордогу мугалимдердин илимий даражасынын мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапатына тийгизген таасирин аныктоодо.

3.1.1. Мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордогу мугалимдердин жынысына жана жашына байланыштуу

Т-тесттин жыйынтыктары (Таблица 2.28.) ЖОЖдордогу мугалимдердин жынысы кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизбээрин аныктады (маанилүүлүгү 0,784 түздү).

Таблица 2.28. ЖОЖдордогу мугалимдердин жынысынын таасири тууралуу Т-тестинин жыйынтыктары

		Ливиндин дисперсиялар үчүн теңдик критерии		Орточо маанилердин теңдиктери үчүн t-критерий						
		F	Мааниси	т	Эркин.денг.	Мааниси (2 тараптуу)	Орточо маанилердин айырмасы	Орто квадраттык ката разности	95% Ишеним аралыгы для разности	
									ТөмөнкҮ	Жогорку
Канааттануу-сапат	Тең дисперсиялар болжолдонууда	,005	,946	-,275	113	,784	-,03880	,14107	-,31829	,24069
	Тең дисперсиялар болжолдонбоодо			-,270	73,053	,788	-,03880	,14367	-,32513	,24754

ANOVA тестинин жыйынтыктары (Таблица 2.29.) ЖОЖдордогу мугалимдердин жашы кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизбээрин аныктады.

Таблица 2.29. ЖОЖдордогу мугалимдердин жашына байланыштуу билимдин сапатына тийгизген таасиринин ANOVA жыйынтыктары

	Квадраттардын суммасы	Эркиндик даражасы	Орто квадрат	F	Сигма
Группалар арасында	1,623	3	,541	1,065	,367
Группалар ичинде	56,377	111	,508		
Жалпы	58,000	114			

3.1.2. Мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты мугалимдердин иштеген ЖОЖго жана ошол жердеги тажрыйбасына байланыштуу

ANOVA тестинин жыйынтыктары (Таблица 2.30.) мугалимдердин иштеген жогорку окуу жайы кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизбээрин аныктады.

Таблица 2.30. Мугалимдердин иштеген ЖОЖго байланыштуу билимдин сапатына тийгизген таасиринин ANOVA жыйынтыктары

	Квадраттардын суммасы	Эркиндик даражасы	Орто квадрат	F	Сигма
Группалар арасында	4,310	5	,862	1,750	,129
Группалар ичинде	53,690	109	,493		
Жалпы	58,000	114			

Мугалимдердин ошол ЖОЖдогу тажрыйбасы тууралуу ANOVA тестинин жыйынтыктары кабыл алынган билимдин сапатына таасири жок болгондугун аныктады. ANOVA тестинин жыйынтыктарын Таблица 2.31. көрүүгө болот.

Таблица 2.31. Мугалимдердин иштеген ЖОЖдордогу тажрыйбасы байланыштуу билимдин сапатына тийгизген таасиринин ANOVA жыйынтыктары

	Квадраттардын суммасы	Эркиндик даражасы	Орто квадрат	F	Сигма
Группалар арасында	,745	4	,186	,358	,838
Группалар ичинде	57,255	110	,520		
Жалпы	58,000	114			

3.1.3. Мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордогу мугалимдердин иштеген бөлүмүнө байланыштуу

ANOVA тестинин жыйынтыктары ЖОЖдордогу мугалимдердин иштеген бөлүмү кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизбээрин аныктады. ANOVA тестинин жыйынтыктарын Таблица 2.32. көрүүгө болот.

Таблица 2.32. ЖОЖдордогу мугалимдердин иштеген бөлүмү байланыштуу билимдин сапатына тийгизген таасиринин ANOVA жыйынтыктары

	Квадраттардын суммасы	Эркиндик даражасы	Орто квадрат	F	Сигма
Группалар арасында	8,106	9	,901	1,895	,060
Группалар ичинде	49,894	105	,475		
Жалпы	58,000	114			

3.1.4. Мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордогу мугалимдердин илимий даражасына байланыштуу. Бөлүмдүн популярдуу болгону менен тандалган кесиптин арасында корреляция бар болууда.

Т-тесттин жыйынтыктары (Таблица 2.33.) ЖОЖдордогу мугалимдердин илимий даражасы кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизбээрин аныктады (маанилүүлүгү 1,000 болуп табылды).

Таблица 2.33. ЖОЖдордогу мугалимдердин илимий даражасынын таасири тууралуу Т-тестинин жыйынтыктары

		Ливиндин дисперсиялар үчүн теңдик критерии		Орточо маанилердин теңдиктери үчүн t-критерий						
		F	Маанисы	т	Эркин.деңг.	Мааниси (2 тараптуу)	Орточо маанилердин айырмасы	Орто квадраттык ката	95% Ишеним аралыгы для разности	
									Төмөнкү	Жогорку
Канааттануу-сапат	Тең дисперсиялар болжолдонууда	1,756	,188	,000	113	1,000	,00000	,13948	-,27634	,27634
	Тең дисперсиялар болжолдонбоодо			,000	95,815	1,000	,00000	,13240	-,26283	,26283

Бөлүмдүн популярдуу болгону менен тандалган кесиптин арасында корреляция бираз күчтүү болуп чыкты (корреляция коэффициенти 0,539 түздү). Корреляциянын жыйынтыктарын Таблица 2.34. көрүүгө мүмкүн.

Таблица 2.34. Бөлүмдүн популярдуу болгону менен тандалган кесиптин арасындагы корреляция жыйынтыктары

		Популярдуулук_сапат	Кесип_сапат
Популярдуулук_сапат	Пирсондун корреляциясы	1	,539**
	Мааниси (эки тараптуу)		,000
	N	115	113
Кесип_сапат	Пирсондун корреляциясы	,539**	1
	Мааниси (эки тараптуу)	,000	
	N	113	113
**. Корреляция 0,01 деңгээлинде маанилүү			

3.2. ЖОЖдордогу Мугалимдердин Кабыл Алынган Билимдин Сапатына Таасирин Тийгизген Факторлор

Бул гипотеза ЖОЖдун материалдык-техникалык базасынын, ЖОЖдордогу мугалимдердин коллегаларынын кесипкөйлүгү менен канааттануунун, сабак учурунда колдонулган методдорунун жана ЖОЖдордогу группалардын арасындагы мамилелеринин мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапатын тийгизген таасирин аныктоодо.

3.2.1. Мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдун материалдык-техникалык базасы менен канааттанууга байланыштуу

ANOVA тестинин жыйынтыктары ЖОЖдун материалдык-техникалык базасы менен канааттануу мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапатына таасиринин тийгизээрин аныктады. ANOVA тестинин жыйынтыктарын Таблица 2.35. көрүүгө болот.

Таблица 2.35. ЖОЖдун материалдык-техникалык базасы менен канааттануусуна байланыштуу билимдин сапатына тийгизген таасиринин ANOVA жыйынтыктары

	Квадраттардын суммасы	Эркиндик даражасы	Орто квадрат	F	Сигма
Группалар арасында	12,740	4	3,185	7,702	,000
Группалар ичинде	44,251	107	,414		
Жалпы	56,991	111			

Апостериордук тести (Таблица 2.36) ЖОЖдун материалдык-техникалык базасы менен канааттануу группадан группага айырмаланарын аныктады.

Таблица 2.36. ЖОЖдун материалдык-техникалык базасы менен канааттануунун таасири тууралуу апостериордук тестинин жыйынтыктары

(I) МТБ (групп.)	(J) МТБ (групп.)	Орто айырма (I-J)	Орто квадраттык ката	Мааниси	95% Ишеним аралыгы	
					Төмөнкү чек	Жогорку чек
1,00	2,00	,05556	,25446	,999	-,6505	,7616
	3,00	-,27778	,26254	,827	-1,0063	,4507
	4,00	-,64444	,24035	,063	-1,3114	,0225
	5,00	-,80159*	,24642	,013	-1,4854	-,1178
2,00	1,00	-,05556	,25446	,999	-,7616	,6505
	3,00	-,33333	,20439	,481	-,9005	,2338
	4,00	-,70000*	,17497	,001	-1,1855	-,2145
	5,00	-,85714*	,18322	,000	-1,3655	-,3487
3,00	1,00	,27778	,26254	,827	-,4507	1,0063
	2,00	,33333	,20439	,481	-,2338	,9005
	4,00	-,36667	,18652	,290	-,8842	,1509
	5,00	-,52381	,19428	,061	-1,0629	,0153
4,00	1,00	,64444	,24035	,063	-,0225	1,3114
	2,00	,70000*	,17497	,001	,2145	1,1855
	3,00	,36667	,18652	,290	-,1509	,8842
	5,00	-,15714	,16305	,871	-,6096	,2953
5,00	1,00	,80159*	,24642	,013	,1178	1,4854
	2,00	,85714*	,18322	,000	,3487	1,3655
	3,00	,52381	,19428	,061	-,0153	1,0629
	4,00	,15714	,16305	,871	-,2953	,6096
*. Орточо айырмасы 0,05 деңгээлинде маанилүү						

“Такыр канааттандырбайт” деп жооп берген мугалимдер менен “Толугу менен канааттандырат” деп жооп берген мугалимдердин арасында -,801 орточо айырма менен айырманы аныктады. Демек ЖОЖдун материалдык-техникалык базасы менен такыр канааттандырылбаган мугалимдер билимдин сапаты менен ЖОЖдун материалдык-техникалык базасы менен толугу менен канааттандырылган мугалимдерге караганда азыраак канааттандырылган.

Мындан сырткары, ЖОЖдун материалдык-техникалык базасы “Канааттандырбайт” деп жооп берген мугалимдер “Канааттандырат” жана “Толугу менен канааттандырат” деп жооп берген мугалимдерден -,700 жана -,857 орточо айырма билимдин сапаты менен азыраак канааттандырылган.

3.2.2. Мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордогу мугалимдердин коллегаларынын кесипкөйлүгү менен канааттануусуна байланыштуу

ANOVA тестинин жыйынтыктары ЖОЖдордогу мугалимдердин коллегаларынын кесипкөйлүгү менен канааттануусу мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапатына таасиринин тийгизээрин аныктады. ANOVA тестинин жыйынтыктарын Таблица 2.37. көрүүгө болот.

Таблица 2.37. ЖОЖдордогу мугалимдердин коллегаларынын кесипкөйлүгү менен канааттануусуна байланыштуу билимдин сапатына тийгизген таасиринин ANOVA жыйынтыктары

	Квадраттардын суммасы	Эркиндик даражасы	Орто квадрат	F	Сигма
Группалар арасында	25,538	3	8,513	29,109	,000
Группалар ичинде	32,462	111	,292		
Жалпы	58,000	114			

Апостериордук тестинин жыйынтыктарын Таблица 2.38. көрүүгө мүмкүн.

Таблица 2.38. ЖОЖдордогу мугалимдердин коллегаларынын кесипкөйлүгү менен канааттануусунун таасири тууралуу апостериордук тестинин жыйынтыктары

(I) Канааттануу-кесипкөйлүк	(J) Канааттануу-кесипкөйлүк	Орто айырма (I-J)	Орто квадраттык ката	Мааниси	95% Ишеним аралыгы	
					Төмөнкү чек	Жогорку чек
Канааттандырбайт	Бираз канааттандырат	-,55000	,22623	,077	-1,1401	,0401
	Канааттандырат	-1,01471*	,20213	,000	-1,5419	-,4875
	Толугу менен канааттандырат	-1,84211*	,22792	,000	-2,4366	-1,2476

Бираз канааттандырат	Канааттандырбайт	,55000	,22623	,077	-,0401	1,1401
	Канааттандырат	-,46471*	,13756	,005	-,8235	-,1059
	Толугу менен канааттандырат	-1,29211*	,17325	,000	-1,7440	-,8402
Канааттандырат	Канааттандырбайт	1,01471*	,20213	,000	,4875	1,5419
	Бираз канааттандырат	,46471*	,13756	,005	,1059	,8235
	Толугу менен канааттандырат	-,82740*	,14033	,000	-1,1934	-,4614
Толугу менен канааттандырат	Канааттандырбайт	1,84211*	,22792	,000	1,2476	2,4366
	Бираз канааттандырат	1,29211*	,17325	,000	,8402	1,7440
	Канааттандырат	,82740*	,14033	,000	,4614	1,1934
*. Орточо айырмасы 0,05 деңгээлинде маанилүү						

Апостериордук тести коллегаларынын кесипкөйлүгү менен “Канааттандырылбаган” мугалимдердин “Канааттандырылган” жана “Толугу менен канаатандырылган” мугалимдерден -1,014 жана -1,842 орточо айырмалары менен билимдин сапаты менен азыраак канааттандырылганын аныктады.

Мындан тышкары, коллегаларынын кесипкөйлүгү менен “Бираз канааттандырылган” мугалимдердин “Канааттандырылган” жана “Толугу менен канаатандырылган” мугалимдерден -,464 жана -1,292 орточо айырмалары менен билимдин сапаты менен азыраак канааттандырылганы аныктады.

Коллегаларынын кесипкөйлүгү менен “Канааттандырылган” мугалимдердин “Толугу менен канаатандырылган” мугалимдерден -,827 орточо айырма менен азыраак канааттандырылганы анык болду.

3.2.3. Мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордо сабак учурунда колдонулган методдорго байланыштуу

Т-тестинин жыйынтыктары ЖОЖдордо сабак учурунда колдонулган методдор мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапатына таасиринин тийгизбээрин аныктады. Т-тестинин жыйынтыктарын Таблица 2.39. көрүүгө болот.

Таблица 2.39. ЖОЖдордо сабак учурунда колдонулган методдоруна байланыштуу Т-тестинин жыйынтыктары

Методдор	Сигма	Орточо айырма
Лекция	.463	.12527
Практика	.767	0.4510
Лабораторлук сабак	.509	.11241
Маселе чыгаруу	.056	-.26533
Интерактив	1.000	.000
Реферат, доклад	.789	-.03681

ЖОЖдо сабак учурунда колдонулган методдордун таасири тууралуу кросстабуляция анализинин жыйынтыктарын Таблица 2.40. көрүүгө мүмкүн.

Таблица 2.40. ЖОЖдордо сабак учурунда колдонулган методдордун таасири тууралуу кросстабуляция анализинин жыйынтыктары

			Канааттануу-сапат			
			Канааттандырбайт	Бираз канааттандырат	Канааттандырат	Толугу менен канааттандырат
$methods[b]	Окутуу-лекция	Саны	1	14	53	13
		% $methods	1,2%	17,3%	65,4%	16,0%
	Окутуу-практика	Саны	3	14	49	19
		% $methods	3,5%	16,5%	57,6%	22,4%
	Окутуу-лаборат.	Саны	1	4	13	4
		% $methods	4,5%	18,2%	59,1%	18,2%
	Окутуу-маселе чыгаруу	Саны	1	4	23	13
		% $methods	2,4%	9,8%	56,1%	31,7%
	Окутуу-интерактив	Саны	4	11	42	19
		% $methods	5,3%	14,5%	55,3%	25,0%
	Окутуу-реферат, доклад	Саны	1	12	43	15
		% $methods	1,4%	16,9%	60,6%	21,1%

Кросстабуляция анализи лекция түрүндө сабак өткөн мугалимдердин 65,4% билимдин сапаты менен канааттандырылганын аныктады. Практика түрүндө сабак өткөн мугалимдердин 57,6% билимдин сапаты менен канааттандырылган жана 22,4% билимдин сапаты менен толугу менен канааттандырылган болуп чыкты. Лабораториялык сабак өткөндөрдүн 59,1%

билимдин сапаты менен канааттандырылган болуп чыкты. Маселе чыгаруу методдорун колдонгон мугалимдердин 56,1% билимдин сапаты менен канааттандырылганы жана 31,7% толугу менен канааттандырылганы анык болду. Сабакты интерактивдүү түрдө өткөн мугалимдердин 55,3% жана 25,0% билимдин сапаты менен канааттандырылган жана толугу менен канааттандырылган болуп чыкты. Сабак учурунда реферат жана доклад методдорун колдонгон мугалимдердин 60,6% жана 21,1% билимдин сапаты менен канааттандырылганы жана толугу менен канааттандырылганы аныкталды.

3.2.4. Мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордогу группалардын арасындагы мамилелерге жана биргелешкен ишке байланыштуу. ЖОЖдордогу группалардын арасындагы мамилелер менен биргелешкен иштин арасында корреляция бар болууда.

Т-тестинин жыйынтыктары (Тиркеме 9:192) төмөнкү жыйынтыктоолорго алып келди:

1) ЖОЖдордогу мугалимдердин арасындагы мамилелер кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизээри (маанилүүлүгү 0,038 болуп табылды).
2) ЖОЖдордогу мугалимдердин жана студенттердин арасындагы мамилелер кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизбээри (маанилүүлүгү 0,119 болуп табылды).
3) ЖОЖдордогу мугалимдердин жана администрациянын арасындагы мамилелер кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизбээри (маанилүүлүгү 0,033 болуп табылды).
4) ЖОЖдордогу мугалимдердин жана административдик персонал арасындагы мамилелер кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизээри (маанилүүлүгү 0,026 болуп табылды).

Корреляция анализи ЖОЖдордогу группалардын арасындагы мамилелердин жана биргелешкен иштин арасында начар байланыш болгонун аныктады. Корреляциянын жыйынтыктарын Таблица 2.41. көрүүгө мүмкүн.

Таблица 2.41. ЖОЖдордогу болгон группалардын арасындагы мамилелердин жана биргелешкен иштин арасындагы корреляция анализи

		Биргелешкен иш-сапат	Мугалим-мугалим мамилеси	Мугалим-админист. мамилеси	Мугалим-студент мамилеси	Мугалим – персонал мамилеси
Биргелешкен иш-сапат	Пирсондун корреляциясы	1	,063	-,138	-,136	-,217*
	Мааниси (эки тараптуу)		,506	,142	,147	,020
	N	115	115	115	115	115

*. Корреляция 0,05 деңгээлинде маанилүү (двухсторонняя).

**. Корреляция 0,01 деңгээлинде маанилүү (эки тараптуу)

4. СТУДЕНТТЕРДИН ЖАНА МУГАЛИМДЕРДИН КАБЫЛ АЛЫНГАН БИЛИМДИН САПАТЫНА ТААСИРИНИН ТИЙГИЗГЕН ФАКТОРЛОР

Диссертациянын бул бөлүгүндө студенттердин кабыл алынган билимдин сапаты менен мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты каралууда.

4.1. Студенттердин Кабыл Алынган Билимдин Сапатына Таасиринин Тийгизген Факторлор

Студенттердин кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизген факторлорду аныктоо үчүн жана ошол факторлордун арасында болгон байланышты изилдөө үчүн регрессия анализи колдонулду. Факторлор студенттердин жынысын, мектепти бүтүргөн аймакты, Жалпы республикалык тестирлөөдөгү упайларды, окуган ЖОЖду, окуган ЖОЖду тандаганынын себеби, окуган жылын, окуган бөлүмүн, бөлүмдүн популярдуулугунун билимдин сапатына тийгизген таасирин, тандалган кесиптин билимдин сапатына тийгизген таасирин, ЖОЖдун материалдык-техникалык базасын, ЖОЖдун ичинде болгон мамилелерди, студенттерге кылынган колдоону жана мугалимдердин профессионалдуулугу менен канааттануну камтыды. Жогорку факторлорду анализдегенден кийин студенттер тарабынан кабыл алынган билимдин сапаты төмөнкүдөй [III] болуп табылды (Тиркеме 10:195):

$$\boldsymbol{y = 1,489 - 0,063x_1 + 0,098x_2 + 0,478x_3 - 0,207x_4 + 0,162x_5}$$

у- ЖОЖдордогу студенттердин кабыл алынган билимдин сапаты

x_1 –окуган ЖОЖду тандаган себеби

x_2 – студенттерге жасалган колдоону

x_3- мугалимдердин профессионалдуулугу

x_4- студенттер менен администрация арасындагы мамилелер

x_5- ЖОЖдун материалдык-техникалык базасы

Жогорку теңдемеден студенттердин кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизген факторлор окуган ЖОЖду тандаган себеби, студенттерге жасалган колдоо, мугалимдердин профессионалдуулугу, студенттер менен администрация арасындагы мамилелер жана ЖОЖдун материалдык-техникалык базасы болуп аныкталды.

Анализден чыгарылган факторлор төмөнкү факторлорду камтыды: студенттердин жынысы, мектепти бүтүргөн аймак, Жалпы республикалык тестирлөөдөгү упайлар, окуган ЖОЖ, окуган жыл, окуган бөлүм, бөлүмдүн популярдуулугунун билимдин сапатына тийгизген таасири, тандалган кесиптин билимдин сапатына тийгизген таасири, ЖОЖдун ичинде болгон студенттер арасындагы, студенттер жана мугалимдер арасындагы, студенттер жана персонал арасындагы жана студенттер жана кураторлор арасындагы мамилелер.

Регрессия теңдемесинен студенттердин кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизген факторлордон тышкары болжол менен канааттандырылбаган болуп чыкты. Константа (1,489) “Такыр канааттандырбайт” жана “Канааттандырбайт” интервалында жайгашып, x_1, x_2, x_3, x_4, x_5= 0 болгондо, студенттердин кабыл алынган билимдин сапатынын маанисин билдирмекчи. Бирок, ошол эле учурда жогорку жыйынтык тандоого тийиштүү болушу мүмкүн, анткени тандалган алты ЖОЖдордун студенттеринин баарын сурамжылоодон өткөргөнгө шарт түзүлгөн эмес. Ошондуктан ЖОЖдордогу студенттердин арасынан 221 студенттин анкетасы изилденген, студенттердин тандоосу болсо репрезентативдүү болгонуна аракет жасалган.

Регрессия теңдемесиндеги x_1 бир бирдикке азайтылган учурда студенттердин кабыл алынган билимдин сапаты 0,063 азайтылат; x_2 бир бирдикке көбөйтүлгөн учурда студенттердин кабыл алынган билимдин сапаты 0,098 көбөйтүлөт; x_3 бир бирдикке көбөйтүлгөн учурда студенттердин кабыл алынган билимдин сапаты 0,478 көбөйтүлөт; x_4 бир бирдикке азайтылган учурда студенттердин кабыл алынган билимдин сапаты 0,207 азайтылат жана x_5 бир бирдикке көбөйтүлгөн учурда студенттердин кабыл алынган билимдин сапаты 0,162 көбөйтүлөт.

Ликерт шкаласы боюнча билимдин сапаты менен канааттануунун эң көп 5 “Толугу менен канааттандыраарлык” болууга ыктымаалдыгы бар болчу.

ЖОЖдордогу студенттердин кабыл алынган билимдин сапаты эң көп таасирин тийгизген факторлордон мугалимдердин профессионалдуулугу (коэффициент=0,478) болуп аныкталды. Мугалимдердин профессионалдуулугу бешке көбөйтүлгөн учурда (0,478*5), ЖОЖдордогу студенттердин кабыл алынган билимдин сапаты 2,39 бөлүккө көбөйүп канааттандыраарлыка жакындайт.

Мындан тышкары, студенттердин кабыл алынган билиминин сапатына терс таасирин тийгизген факторлор катары окуган ЖОЖду тандаган себеби фактору (коэффициент = -0,063) жана студенттер менен администрация арасындагы мамилелер фактору (коэффициент = -0,207) болуп аныкталды. Акыркы коэффициент бешке көбөйтүлгөн учурда (0,207*5=1,035), ЖОЖдордогу студенттердин кабыл алынган билимдин сапаты 1,035 бөлүккө азайып такыр канааттандырбайт деген жыйынтыкка жакындайт.

Демек, жогорку факторлор студенттин кабыл алынган билимдин сапатын азайтышы ыктымал. Ошондуктан жогорку окуу жай өзүнүн имиджине, рекламасына жана популярдуулугуна, мындан сырткары студенттин администрация менен болгон мамилесине көбүрөөк көңүл бурушу керек.

Студенттердин кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизген дагы бир фактор катары ЖОЖдун материалдык-техникалык базасы болуп аныкталды (коэффициент=0,162). ЖОЖдун материалдык-техникалык базасынын коэффициентин бешке көбөйткөн учурда (0,162*5=0,81), ЖОЖдордогу студенттердин кабыл алынган билимдин сапаты 0,81 бөлүккө көбөйүп, бираз канааттандыраарлыка жакындайт.

Студенттерге жасалган колдоо (0,098*5=0,49) студенттердин кабыл алынган билимдин сапатын 0,49 бөлүккө көбөйтсө да билимдин сапатын өзгөртүүгө таасирин тийгизбейт, ал эми ЖОЖду тандоо (0,063*5=0,315) студенттердин кабыл алынган билимдин сапатын 0,315 бөлүккө азайтып такыр канааттандырбайт деген жыйынтыкка жакындайт.

Билимдин сапатына эң көп таасир тийгизген факторлор катары мугалимдердин профессионалдуулугу жана студенттер менен администрация арасындагы мамилелер болуп аныкталды.

Башка таасирин тийгизген факторлор катары ЖОЖдун материалдык-техникалык базасы жана ЖОЖду тандоо болуп аныкталды.

4.2. Мугалимдердин Кабыл Алынган Билимдин Сапатына Таасиринин Тийгизген Факторлор

Мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизген факторлорду аныктоо үчүн жана ошол факторлордун арасында болгон байланышты изилдөө үчүн регрессия анализи колдонулду. Факторлор мугалимдердин жынысын жана жашын, иштеген ЖОЖду, иштеген ЖОЖдордогу тажрыйбасын, иштеген бөлүмүн, илимий даражасын, биргелешкен иштин билимдин сапатына тийгизген таасирин, окутуучулуктун билимдин сапатына тийгизген таасирин, бөлүмдүн популярдуулугунун билимдин сапатына тийгизген таасирин, тандалган кесиптин билимдин сапатына тийгизген таасирин, сабакта колдонулган ыкмаларды, ЖОЖдун материалдык-техникалык базасын, ЖОЖдун ичинде болгон мамилелердин жана мугалимдердин профессионалдуулугу менен канааттануусун камтыды. Жогорку факторлорду анализдегенден кийин мугалимдер тарабынан кабыл алынган билимдин сапаты төмөнкүдөй [IV] болуп табылды (Тиркеме 11:199):

$$\boldsymbol{y = 1,818 - 0,147x_1 + 0,187x_2 + 0,249x_3 - 0,287x_4 - 0,211x_5 + 0,586x_6}$$

у- ЖОЖдордогу мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты

x_1 –биргелешкен иш

x_2 – окутуучулук

x_3- бөлүмдүн популярдуулугу

x_4- тандалган кесип

x_5- мугалимдер менен административдик персонал арасындагы мамиле

x_6- мугалимдердин профессионалдык деңгээли

Жогорку теңдемеден мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизген факторлор биргелешкен иш, окутуучулук, бөлүмдүн популярдуулугу, тандалган кесип, мугалимдер менен административдик персонал арасындагы мамиле жана мугалимдердин профессионалдык деңгээли болуп аныкталды.

Анализден чыгарылган факторлор төмөнкү факторлорду камтыды: мугалимдердин жынысы жана жашы, иштеген ЖОЖу, иштеген ЖОЖдогу тажрыйбасы, иштеген бөлүмү, илимий даражасы, сабакта колдонулган ыкмалары, ЖОЖдун материалдык-техникалык базасы, ЖОЖдун ичинде болгон мугалимдердин арасында болгон, мугалимдер менен администрация арасында болгон жана мугалимдер менен студенттер арасында болгон мамилелери.

Регрессия теңдемесинен мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизген факторлордон тышкары болжол менен канааттандырылбаган болуп чыкты. Константа (1,818) “Такыр канааттандырбайт” жана “Канааттандырбайт” интервалында жайгашып, x_1, x_2, x_3, x_4, x_5, x_6= 0 болгондо, мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапатынын маанисин билдирмекчи. Бирок, ошол эле учурда жогорку жыйынтык тандоого тийиштүү болушу мүмкүн, анткени тандалган алты ЖОЖдордогу мугалимдеринин баарын сурамжылоодон өткөргөнгө шарт түзүлгөн эмес. Ошондуктан ЖОЖдордогу мугалимдердин арасынан 115 мугалимдин анкетасы изилденген, мугалимдердин тандоосу болсо репрезентативдүү болгонуна аракет жасалган.

Регрессия теңдемесиндеги x_1 бир бирдикке азайтылган учурда мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты 0,147 азайтылат; x_2 бир бирдикке көбөйтүлгөн учурда мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты 0,187 көбөйтүлөт; x_3 бир бирдикке көбөйтүлгөн учурда мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты 0,249 көбөйтүлөт; x_4 бир бирдикке азайтылган учурда мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты 0,287 азайтылат, x_5 бир бирдикке азайтылган учурда мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты 0,211 азайтылат жана x_6 бир бирдикке көбөйтүлгөн учурда мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты 0,586 көбөйтүлөт.

Ликерт шкаласы боюнча билимдин сапаты менен канааттандыруу эң көп 5 “Толугу менен канааттандыраарлык” болууга ыктымалдуулук бар болчу.

ЖОЖдордогу мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапатына эң көп таасирин тийгизген факторлордон мугалимдердин профессионалдык деңгээли (коэффициент=0,586) болуп аныкталды. Мугалимдердин профессионалдык деңгээли бешке көбөйтүлгөн учурда (0,586*5=2,93), мугалимдердин кабыл алынган билиминин сапаты 2,93 бөлүккө жогорулап, ЖОЖдордогу мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты толугу менен канааттандыраарлыка жакындайт.

Экинчи маанилүү фактор болуп тандалган кесиптин билимдин сапатына тийгизген таасири болуп аныкталды (коэффициент = -0,287). Тандалган кесиптин коэффициенти бешке көбөйтүлгөн учурда (0,287*5= 1,435), мугалимдердин кабыл алынган билиминин сапаты 1,435 бөлүккө төмөндөп, ЖОЖдордогу мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты такыр канааттандырбайт болушу ыктымал.

Үчүнчү маанилүү фактор болуп бөлүмдүн популярдуулугу болуп табылды (коэффициент = 0,249). Бөлүмдүн популярдуулугунун коэффициенти бешке көбөйтүлгөн учурда (0,249*5 =1,245), мугалимдердин кабыл алынган билиминин сапаты 1,245 бөлүккө жогорулап, ЖОЖдордогу мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты канааттандыраарлыка өзгөрөт.

Төртүнчү маанилүү фактор болуп мугалимдер менен административдик персонал арасындагы мамиле болуп аныкталды (коэффициент = -0,211).

Мугалимдер менен административдик персонал арасындагы мамиленин коэффициенти бешке көбөйтүлгөн учурда (0,211*5= 1,055), мугалимдердин кабыл алынган билиминин сапаты 1,055 бөлүккө төмөндөп, ЖОЖдордогу мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты такыр канааттандырбайт болушу ыктымал.

Акыркы таасирин тийгизген факторлор катары окутуучулук (коэффициент=0,187) жана биргелешкен иш (коэффициент = -0,147) болуп аныкталды. Окутуучулук коэффициенти бешке көбөйтүлгөн учурда (0,187*5= 0,935) мугалимдер менен кабыл алынган билимдин сапаты 0,935 бөлүккө жогорулап, кабыл алынган билимдин сапатын бираз канааттандырат дегенге жакындатат. Бирок биргелешкен иштин коэффициенти бешке көбөйтүлгөн учурда (0,147*5 = 0,735) мугалимдер менен кабыл алынган билимдин сапаты 0,735 бөлүккө төмөндөп, кабыл алынган билимдин сапаты такыр канааттандырбайт болуп калат.

Жогорку регрессия теңдемесинен мугалимдердин кабыл алынган билиминин сапатына терс таасирин тийгизген факторлор катары биргелешкен иш фактору (коэффициент = -0,147), тандалган кесип фактору (коэффициент = -0,287) жана мугалимдер менен административдик персонал арасындагы мамилелер фактору (коэффициент = -0,211) болуп аныкталды. Терс таасирин тийгизген факторлор мугалимдин кабыл алынган билимдин сапатын азайтышы ыктымал. Ошондуктан жогорку окуу жай билим берүү мекемесиндеги маданиятка, кесипти тандоодо ориентацияны жана мугалимдин администрация менен болгон мамилесине көбүрөөк көңүл бурушу керек.

Жогорку теңдемеден билимдин сапатына эң көп таасирин тийгизген фактор катары мугалимдердин профессионалдык деңгээли болуп аныкталды. Мындан тышкары, билимдин сапатына таасирин тийгизген маанилүү факторлор катары тандалган кесип, бөлүмдүн популярдуулугу жана мугалимдер менен административдик персонал арасындагы мамиле болуп аныкталды.

5. КЕЙСТЕРДИ САЛЫШТЫРУУ МЕТОДУ МЕНЕН АНАЛИЗДӨӨ

Бул диссертацияда билим берүүнүн сапатын аныктоо үчүн жалаң гана сандык көрсөткүчтөр эске алынбай, статистикалык анализ менен ченелбеген, сапаттык көрсөткүчтөр да эске алынууда. Сапаттык анализ катары Кейстерди салыштыруу методу менен анализдөө тандалды. Кейстер университеттердин сайттарынан гана алынбастан, студенттердин жана мугалимдердин арасында жүргүзүлгөн сурамжылоолорунан алынган окуу жайдын ичинде болгон көйгөйлөр тууралуу маалыматты камтыйт.

5.1. Кыргыз-Түрк “Манас” Университети

Кыргыз-Түрк «Манас» университети 1995-жылы 30-сентябрда Кыргыз Республикасы жана Түркия Республикасынын Өкмөттөрү тарабынан эл аралык келишимдин негизинде ачылган. 1997-жылы биринчи студенттерге билим бере баштаган. Жогорку жайдын ичинде билим берүү акысыз жүргүзүлөт, ошондуктан абитуриенттер сынак аркылуу тандалат. Алдыңкы студенттерге стипендия берилет. Билим берүү кыргыз жана түрк тилинде жүргүзүлөт.

Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин миссиясы сапат багытын камтыйт. Мындан тышкары жогорку окуу жай TS EN ISO 9001:2008 сапатты башкаруу системасын колдонуп, билим берүү ISO стандарттарынын үстүндө негизделген. Жогорку сапатты башкаруу системасынын негизинде “Манас” университети атаандаштык, тунуктук, отчёттуулук, билим деңгээли жогору жаңы муунду тарбиялоо шарттарын түзүүгө аракет кылууда.

КТМУнун башкаруусу камкорчулар кеңеши тарабынан аткарылат. Камкорчулар кеңеши 7 мүчөдөн турат. Мындан тышкары университетте башкаруу кеңеши орунду алган. Башкаруу кеңеши болсо 17 мучөдөн турат. Алар: ректор, биринчи проректор жана бөлүмдөрдүн декандары. Башкаруу кеңешинен тышкары камкорчулар кеңеши аракет кылат Жогорку кеңештерден тышкары окумуштуулар кеңеши, текшерүү комиссиясы, ар кандай комиссиялар жана илимий изилдөө долбоорлору иштейт (http://manas.edu.kg/index.php/kg/bk).

Азыркы учурда “Манас” университетинде 9 бөлүм, 3 колледж, 1 кесиптик лицей, 2 институт жана 7 изилдөө борбору орунду алат. Алардын ичинде 10 кесиптик программалары, 41 бакалавр программасы, 27 магистратура программасы жана 12 докторантура программасы бар. Студенттердин 84,42% Кыргыз Республикасынын жараандары, 7,86% Туркиянын жараандары жана 7,72% башка өлкөлөрдүн жараандары. Жалпы жогорку окуу жайдын ичинде “Манас” университетинин статистикасына таянсак 2018-жылы 670 адам иштейт, алардын ичинен 56% мугалимдер жана илимий кызматкерлерди, ал эми болсо 44% административдик кызматкерлерди түзөт. Ошондой эле мугалимдер жана илимий кызматкерлердин арасында 59 профессор жана 39 доцент иштейт.

“Манас” университетинин бүтүрүүчүлөр менен байланыш түзгөн бөлүмүнүн маалыматы боюнча 2018-жылы бүтүрүүчүлөрдүн 94,1% менен байланыш түзүлдү. Алардын ичинен жумуш менен камсыз болгон бүтүрүүчүлөрдүн саны 41,30% түзүп; өзүнүн кесиби менен иштегендердин саны 72,8% түздү (manas.edu.kg).

Сурамжылоонун жыйынтыктары

Жалпысынан мугалимдер жана студенттер ЖОЖдун ичинде көйгөй жок экендигин белгилешти. Көбүнчө мугалимдер наарызычылыгын билдирген жок, ал эми студенттер болсо тескерисинче бир нече көйгөйдү белгиледи.

Студенттердин сурамжылоосу

Студенттер арасында өткөрүлгөн сурамжылоо студенттердин көз карашы менен бир нече көйгөй аныктоого жардам берди. Жалпысынан студенттер көйгөй жок экендигин аныктаса да, арасында бир нече студент сабак учурунда жалаң гана теория берилээрин, практика түрүндө сабак өтпөгөндүгүн белгиледи. Мындан тышкары сынактар жалаң гана жазуу түрүндө өтүп, ооз эки сынактардын жок болгондугун айтып кетишти. Кээде студенттер да мугалимдер да чыдамсыз болгондугу аныкталды.

Башка бир көйгөйлөрдүн бири бул кампус ичинде интернетке кирүү мүмкүндүгүнүн жок болушу. Интернет үзгүлтүксүз иштебегендигин айтып кетишти. Андан тышкары университет ичинде окутуу кыргыз тилинде болгондугу үчүн, кыргызча китептер аз болгондугун студенттер аныктады.

Мындан тышкары тамактын баасы кымбаттап жана дем алыш күндөрү ашканалардын иштебегендиги студенттерди наразы кылууда. Жатаканадагы студенттердин дем алыш күндөрү тамактануусу көйгөйлөрдүн ичине кирди.

Мугалимдердин сурамжылоосу

Мугалимдер арасында жүргүзүлгөн сурамжылоо “Манас” университетинин ичинде мугалимдердин көз карашы менен болгон көйгөйлөрдү аныктоо үчүн жасалды. Бирок мугалимдердин көбү көйгөйлөр тууралуу суроону бош калтырды. Көйгөйлөр тууралуу суроого жооп бергендердин арасында ЖОЖдун физикалык жабдууларднын жетишсиздиги менен наразы болгондор болду. Мугалимдер студенттер үчүн принтерлер жана сканерлер жок болгонун, компьютердик лабораториялар аз экендигин жана болгон лабораторияларда кезекчилер жок болгонун белгилеп кетишти.

Мындан тышкары, окутуу сааттары көп болуп, илимий изилдөөгө убакыт калбай калаарын айтып кетишти.

5.2. Борбордук Азиядагы Америка Университети

1991-жылы Советтер Союзу жоюлгандан кийин, Борбордук Азиядагы мамлекеттер көз карандысыздыкка ээ болду. 1993-жылы Кыргыз Мамлекеттик Улуттук университетинин базасында Кыргыз-Америка Бөлүмү (КАФ) ачылды.

Жакынкы бир нече жыл ичинде Кыргыз-Америка Бөлүмү абдан тез өнүккөнү үчүн көз карандысыз мекемеге айлануу зарылчылыгы чыкты. 1997-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин декрети аркылуу Кыргыз-Америка Бөлүмү Кыргызстандагы Америка университетине (КАУ) айландырылды. Андан тышкары жогорку окуу жайды башкаруу үчүн эл аралык камкорчулар кенеши түзүлгөн.

Борбордук Азиядагы Америка университетинин кызматы Кыргыз Республикасын билим берүү тармагына караган ченемдик укуктук актыларынын, жогорку окуу жайдын Уставы жана Кыргыз Республикасынын Илим жана Билим

Министрлиги тарабынан берилген лицензиялардын үстүндө жүргүзүлөт: БААНун статусу Кыргыз Республикасынын Илим жана Билим Министрлиги тарабынан берилген буйругу аркылуу аттестацияны өткөндөн кийин берилген сертификаттар менен аныкталат.

БААУнун жетекчилиги эл аралык Камкорчулар кеңеши, ЖОЖдун Президенти, профессордук-педагогикалык курум жана административдик бөлүмү тарабынан аткарылат.

Борбордук Азиядагы Америка университетинин бүтүрүүчүлөрү тууралуу маалымат Бүтүрүүчүлөр бөлүмүнөн алынган. Жалпысынан 1997-жылдан 2018-жылга чейин 3441 киши окуу жайды бүтүрүп кетти. Бүтүрүүчүлөр эң көп Бизнести башкаруу, Экономика, Саясат жана Укук бөлүмдөрүн бүтүргөн.

296 бүтүрүүчү окусун улап кетип, 264 бүтүрүүчү MBA (Master of Business Administration) окуусун окуду. 2014-жылдан тартып 1248 бүтүрүүчүлөрдүн иш менен камсыз болгондордун саны 87% түзөт.

Иштеген бүтүрүүчүлөрдүн көбү Кыргызстан менен АКШда иштейт. Борбордук Азиядагы Америка университетинин кыргыз жана америка түрүндөгү дипломдордун берилиши себепкер болушу ыктымал.

Бүтүрүүчүлөр эң көп бизнести өнүктүрүү жана билим берүү тармагында иштейт. Андан тышкары инженерия, операциялык иш жана проекттерде иштеген бүтүрүүчүлөрдүн саны жогору. Ал эми окуусун улап магистратураны бүтүргөн бүтүрүүчүлөрдүн саны 42% түзөт, ошол эле убакытта PhD даражасына бүтүрүүчүлөрдүн 2% гана ээ. Биринчи жылдары Ph.D.ни окугандардын пайызы 24,90% жана 51% болсо, акыркы жылдары 0% түзөт (auca.kg).

Сурамжылоонун жыйынтыктары

Жалпысынан мугалимдер менен студенттер белгилеген көйгөйлөр имарат ичинде орундун жетишсиздиги жана мугалимдер менен студенттердин билиминин сапаты төмөндөй баштагандыгы белгиленди.

Студенттердин сурамжылоосу

Студенттердин арасында жүргүзүлгөн сурамжылоонун бир себеби, жогорку окуу жайдын ичинде болгон көйгөйлөрдү студенттердин көз карашы менен аныктоо болчу. Окуучулардын көбү БААУда маани бериле турган көйгөйлөр жок экендигин белгилешти. Ал эми белгиленген көйгөйлөрдүн арасында төмөнкү көйгөйлөр аныкталды.

Эң негизги студенттердин анкеталарынан аныкталган көйгөйлөрдүн бири мугалимдердин квалификациясы жана билим берүү сапатынын начар болгондугу болууда. Жогорку окуу жай америкалык окуу жайы болгондуктан, сабак күчтүү англис тилинде өтүлүшү керек болгондугу анык. Ошентип студенттер чет өлкөлүк мугалимдердин саны аз болгондугун жана аларга Кыргыз Республикасынын айлык акысы атаандаштык болбогондугу үчүн, университетке келген чет өлкөлүк адистердин квалификациясы канааттандыраарлык болбоодо. Анын үстүнө бир студент сабак учурунда берилген кейстер өтө жеңил болуп, Кыргыз Республикасына тиешеси аз болгондугун айтып кетти. Бул көйгөйгө абитуриенттердин билими начар болгондугу жана кирүү сынагы жеңил болгонун кошуп кетсек болот.

Мындан тышкары БААУ чакан болгондугун белгилеп кетти. Айтылып кеткен көйгөй эс алуу жерлери бош эместиги, түшкү тамак учурунда тамактануу жерлери бош эместиги жана ар кандай иш-чаралар өткөзүлүп жатканда ызы-чуу көп болгонун белгилешти. Анын үстүнө мектеп окуучулары жана студенттер бир имараттын ичинде болгондуктан, студенттер тарабынан наარазы болгондор болду.

Акыркы студенттер тарабынан белгиленген көйгөй окуу төлөмү жогору болгондугу. Анын үстүнө жалпы окуу жайдын ичиндеги тамактануу жерлер кымбат болгондугу белгиленди.

Мугалимдердин сурамжылоосу

Мугалимдердин арасында жүргүзүлгөн сурамжылоонун бир себеби, жогорку окуу жайдын ичинде болгон көйгөйлөрдү мугалимдердин көз карашы менен аныктоо болчу. Сурамжылоонун жыйынтыгы катары кийинки көйгөйлөр аныкталды.

Жогорку окуу жайдын саясаты жана администрациясы акыркы жылдары тез өзгөрүп жаткандыгын бир нече мугалим белгиледи. Бул көйгөйгө кошумчалуу жумушка алуу политикасында кыйынчылыктар тууралуу айтылып кетти. Мындан тышкары мугалимдер англис тили начар студенттер акыркы учурда алынып, окуу жайдын имиджи бузулганын айтып кетишти.

Андан ары мугалимдер жана окуу жайдын кызматкерлери БААУнун ичинде орун аз болгондугун аныктады. Мугалимдер иш орду кененирээк болбогондугуна, ар кандай программалар чогу отургандыгына жана аудиториялар жетишпегендигине нааразы болушту.

Мындан тышкары кээ бир мугалимдердин жүктөмөсү жогору болгондугун белгиленип кетти. Анын үстүнө изилдөөлөргө көп маани берилбегендиги жана макалаларды жазууда кемчилик болгондугун дагы бир көйгөй деп белгилешти. Ал эми, ошол эле учурда суралган мугалимдердин жарымы көйгөйлөр жок экендигин айтып кетти.

5.3. М. Рыскулбеков Атындагы Кыргыз Экономикалык Университети

Кыргыз экономикалык университети 2010-жылдын 30-октябрынан баштап КЭУ деп атала баштаган. Учурда КЭУ экономикалык жана башкаруучулук профилдеги кадрларды даярдоодо. 2004-жылдан баштап КЭУ Болон процессинин принциптеринде адистерди даярдайт.

Мындан тышкары университетте 580 кв. метрге жакын окуу жана илимий аянттар, 418 к.м ачык спорт аянтчасы курулган. Студенттер жана окутуучулар үчүн 708,14 кв.м аянтта интеллектуалдык борбордун, ошондой эле жабык -427,5 кв м., ачык- 418 кв.м. заманбап спорт аянтчалардын курулушу долбоорлон (http://www.keu.kg/index.php?show=8&id=20).

Кыргыз экономикалык университетинде жалпы 4000ден көп студент окуйт. Академиялык курамы болсо 250дөн көп окутуучудан турат. Алардын ичинде 28 илимдин доктору жана 67 илимдин кандидаты иштөөдө (http://www.keu.kg/index.php?show=8&id=23).

КЭУда төмөнкү Нормативдик-укуктук актылар колдонулат:

- Кыргыз Республикасынын мектепте жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты;
- «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү мекемелери жөнүндө жобосу;
- Кыргыз Республикасындагы кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты жөнүндө жобосу;
- Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүүдө билим берүү мекемелеринде студенттерге академиялык өргүү берүү, чыгаруу, кайра окутуу жана которуу тартиби жөнүндө жобосу;
- Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүүдө билим берүү мекемелеринде студенттерди кабыл алуу тартиби;
- Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүүдө билим берүү мекемелеринде студенттердин өндүрүштүк практикасы жөнүндө жобосу;
- Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүүдө билим берүү мекемелеринде бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтык мамлекеттик аттестациясы жөнүндө жобосу;
- Билим берүү чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга караштуу Мамлекеттик аккредитациялык кеңеш жөнүндө токтому;
- Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүүнүн окуу-методикалык кеңеши жөнүндө жобосу.

Университеттин башкаруусу ректор, камкорчулар кеңеши жана окумуштуулар кеңеши тарабынан аткарылат. Университетте 4 институт орунду алат:

Сурамжылоонун жыйынтыктары

Мугалимдер баары университет ичине көйгөй жок болгонун белгиледи, ал эми студенттер болсо тескерисинче бир нече көйгөйдү белгилеп кетти.

Студенттердин сурамжылоосу

Студенттердин арасында жүргүзүлгөн сурамжылоо ЖОЖдордо бир нече көйгөй болгондугун аныктады. Эң негизги көйгөйлөрдүн бири академиялык кадрлардын профессионалдуу болбогондугу белгиленди. Студенттер мугалимдер күчтүү эмес жана жоопсуз болуп, сабак учурунда материалды толугу менен бербегендиги, так жана тыкан болбогондугун айтып кетишти. Мындан сырткары, сабак учурунда креативдүүлүк жок экендиги далилденди.

Дагы бир чоң көйгөй катары университеттеги антисанитария аныкталды. Студенттер ашканаларда идиш-аяктар абдан эски жана дааратканалар кир болгондугун белгиледи.

Мындан тышкары материалдык-техникалык базасы начар болгондугу белгиленди. Мындай көрүнүш интернетке кирүүгө эркин мүмкүндүк жок, эс алуу зоналары жок, ошондуктан китепканада ызы-чуу көп жана спортзал жок болгондугуна түздөн түз таасирин тийгизет.

Акыркы көйгөй сабак убакыты 1 саат 40 мүнөт болгондугун студенттер айтып кетти.

Мугалимдердин сурамжылоосу

Мугалимдердин баары Кыргыз экономикалык университетинин ичиниде көйгөйлөр жок болгондугун белгилешти. Бир гана көйгөй унаа токтотуучу жер тар болгондугу болуп чыкты.

5.4. Ж. Баласагын Атындагы Кыргыз Улуттук Университети

КУУнун жалпы тарыхын айтып кетсек, ал 1932-жылы М.В.Фрунзе атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институт болуп ачылган. 1951-жылы Кыргыз мамлекеттик университетине айланды. Андан кийин 1972-жылы СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университети болуп, 1993-жылы Кыргыз мамлекеттик улуттук университетине айланды. Ал эми болсо 2002-жылдан тарта Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине өзгөрдү (https://www.knu.kg/ky/index.php?option=com_content&view=article&id=50:2010-02-26-09-48-16&catid=46:cat-obshiesvedeniya&Itemid=74).

Билимдин сапаты тууралуу Лицензиялаштыруу, аккредитациялоо жана мониторинг бөлүмү жооп берет. Университетте сапатты башкаруу структурасы иштейт; ошондой эле структура бөлүмдөрдө да бар. Сапатты башкаруунун ыкмалары сабактын сапатын жакшыртууга байланышкан ыкмаларды ишке ашырат. Университеттин ичинде мугалимдердин профессионалдык өнүгүүсүнө көп көңүл бурулат. КУУнун ISO 9001:2008 жана аккредитацияны өткөн сертификаттары бар. Келечекте IT-технологияларды өнүктүрүү каралууда. КУУнун бүтүрүчүлөр менен байланыш түзүү адиси менен маектешүүдөн алынган маалыматына таянсак, КУУнун бүтүрүүчүлөрүнүн 60%-80% иш орундары менен камсыз болот. Бүтурүүчүлөр шаардык жана региондук ишканаларга орношот. Билим берүүнүн сапатын баалоо үчүн эксперттер чакырылат. Мындан тышкары, ар бир семестрдин аягында студенттер баа берет жана 5 жылда бир “Ednet” жана “ННАР” аккредитациялоо борборлорунан аккредитация жүргүзүлөт.

КУУнун жетекчилиги ректор, камкорчулар кеңеши жана профсоюз тарабынан жасалат. Мындан тышкары окумуштуулар кеңеши тарабынан сунуштар берилет.

Сурамжылоонун жыйынтыктары

Мугалимдер да, студенттер да жогорку окуу жай ичинде болгон бир нече көйгөйдү белгилеп кетти.

Студенттердин сурамжылоосу

Студенттердин арасында жүргүзүлгөн сурамжылоо көптөгөн көйгөйлөрдү аныктады. Эң негизги көйгөйлөрдүн бири окуу имараттарынын эскириши, аудиториялар Советтер Союзунан бери калып, парталар сынык, кээ бир аудиторияларда тактарлар жок болуп, бор окшош керектүү нерселер жок болгондугу белгилүү болду. Көбүнчө студенттер КУУнун материалдык-техникалык базасы начар болгонун айтып кетти. Алардын сөзүнө таянсак, университетте окууга жана сапаттуу билим алууга шарттар түзүлгөн эмес. Студенттер кээ бир окуу имараттарында китепканалардын, спортзалдын жана жыйындар залдын, эс алуу зоналардын жана ашканалардын жок болушуна наразычылык билдиришти. Болгон китепканалар болсо эрте жабылып, жаңы китептер менен камсыз болбогондугу билинди. Мындан тышкары, компьютерлер эски болуп, интернетке кошулуу мүмкүнчүлүгү түзүлгөн эмес.

Анын үстүнө мугалимдердин студенттерге болгон мамилеси жаман же нейтралдуу болгондугу үчүн студенттерге эч ким дем бербегендиги үчүн, студенттердин окуганга каалоосу жокко чыгууда. Студенттер кээ бир мугалимдердин компетенциясы абдан начар болгондугун, алардын тартипсиз жана так болбогондугун белгилеп кетишти. Билим берүүнүн сапаты текшерилбей, билим начарлай баштагандыгына студенттер нааразы болушту. Студенттердин арасында эмнеге жылына 40 миң төлөгөнүн түшүнбөгөндөр көп болду.

Мындан сырткары, КУУнун ичинде коопсуздук түзүлбөй, окуу имараттарына каалагандардын баарына кирүүгө мүмкүнчүлүк түзүлдү. Үлгү катары окуу жайдын ичинде диний секталардын өкүлдөрү кармалган.

Мугалимдердин сурамжылоосу

Мугалимдердин арасында жүргүзүлгөн сурамжылоо бир нече ички көйгөйдү айкын кылды. Эң негизги көйгөйлөрдүн бири окуу имараттарынын эски болгондугу болуп аныкталды. Мугалимдер аудиториялардын эскиришин, даараткананалардын кир болгонун айтып кетти. Мындан сырткары, КУУнун материалдык-техникалык базасы начар болгондугун белгилеп кетишти. Мугалимдер компьютерлер жакшы иштебегендигин жана интернетке кошулуу мүмкүнчүлүгү жок болгонуна нааразы болушту. Эс алуу зоналары да жетишсиз болгону дагы бир көйгөй катары белгиленди.

Мындан тышкары мугалимдер сурамжылоодо квалификациясы жогору кадрлардын жетишпегендигин жана практиктер аз болгонун белгилеп кетти. ЖОЖдордо эмгек акысы аз болгондугу үчүн квалификациялуу кадрлар башка тармактарда иштегенди тандап кетет. Анын үстүнө мугалимдер окуу китептер менен камсыз болбой, спорт секциялары жана англис тилин үйрөнүү ийримдеринин жок болгондугуна нааразы болду.

5.5. К. Тыныстанов Атындагы Ысык-Көл Мамлекеттик Университети

Ысык-Көл мамлекеттик университети Каракол шаарында жайгашкан. Ал Кыргыз ССРдин Элдик Комиссарлар Кеңешинин мыйзамы аркылуу 1940-жылы мугалимдер үчүн эки жылдык институт катары түзүлгөн (http://main.iksu.kg/33-2/).

Университеттин башкаруусу Байкоочу кеңеши жана Окумуштуулар кеңеши тарабынан кылынат. Окумуштуулар Кеңешинде кабыл алынган чечимдердин аткарылышы ректорат тарабынан жүргүзүлүп, Байкоочу кеңеш тарабынан көзөмөлдөнөт. Окумуштуулар кеңешине ректор, проректорлор, окуу бөлүмдөрүнүн башчылары, кафедралардын башчылары жана башка мүчөлөр кирет. Ал эми Байкоочу кеңеш 11 мүчөдөн турат (http://main.iksu.kg/%D1%83%D1%87%D0%B5%D0%BD%D1%8B%D0%B9-%D1%81%D0%BE%D0%B2%D0%B5%D1%82/)

Университетте билим берүүнүн сапатынын башкаруусу көзөмөлдөө бөлүмү окуу-жана инспекциялык бөлүмү тарабынан аткарылат. Сапатты башкаруу системасы катары AVN системасы эсептелет. Мындан тышкары, окуу жайдын ISO сертификаты бар. Бүтүрүүчүлөр менен мамиле түзгөн адистердин айтышы боюнча бюджетте окуган бүтүрүүчүлөр 100% иш менен камсыз болот, ал эми контрактта окугандар 90% иш менен камсыз болот. Билим берүүнүн сапатын баалоо үчүн сырттан эксперттер чакырылбайт.

Сурамжылоонун жыйынтыктары

Мугалимдер да, студенттер да жогорку окуу жай ичинде болгон бир нече көйгөйдү белгилеп кетти.

Студенттердин сурамжылоосу

Студенттердин сурамжылоосу эң негизги көйгөй катары жылуулук системасы начар болгондугун аныктады. Мындан тышкары, студенттер электрондук доскалар жетишсиз болуп, аудиториялар заманбап талаптарга жооп бербегендигин жана интернетте иштөө мүмкүнчүлүгү жок болгондугун белгилеп кетишти. Жатаканада калган студенттер болсо жатаканада шарттар начар болгондугуна наразы болушту. Жалпысынан студенттердин көбү университетте көйгөй жок деп жооп беришти.

Мугалимдердин сурамжылоосу

Мугалимдердин арасында жүргүзүлгөн сурамжылоо окуу жайдын техникалык базасы анча жакшы эмес болгондугун аныктады. Интернет байланышы жок болуп, аудиторияларда проекторлор жетишсиз болуп, интерактивдүү окутууну жокко чыгарууда. Мындан сырткары, жаш мугалимдерге насаатчылык жок болгондугуна мугалимдер наразычылык билдирди.

5.6. Ош Мамлекеттик Университети

Ош мамлекеттик университети 1939-жылы Ош мугалимдер институту катары ачылган. 1951-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтуна өзгөргөн. 1992-жылдан тарта Ош мамлекеттик университети болуп иштеп келе жатат (https://www.oshsu.kg/univer/?lg=2&id_parent=5502).

ОШМУнун профессордук-окутуучулук курамы 1747 мугалимди түздү. Анын арасында 381 илимдин кандидаты, 61 илимдин доктору, 14 PhD дипломдуулар эмгектенишүүдө (https://www.oshsu.kg/univer/?lg=2&id_parent=1185).

Сурамжылоонун жыйынтыктары

Ош мамлекеттик университетинде жүргүзүлгөн сурамжылоо мугалимдердин жана студенттердин көз карашы менен бир нече көйгөйлөрдү аныктады.

Студенттердин сурамжылоосу

Студенттердин арасында көйгөй тууралуу графасын бош калтыргандар көп болду. Ал эми жооп берген студенттер төмөнкү көйгөйлөрдү аныктады:

Биринчиден, окуу аудиториялары жетишпейт. Ошондуктан кээ бир сабактар өтүлбөй калат.

Экинчиден, мугалимдердин билими начар болуп, кээ бир мугалимдер интернеттен алынган тексттерди окуп сабак өткөрөт. Мындан тышкары, кээ бир мугалимдер тил билбейт жана өзүн тез эле жоготуп салат. Сабак учурунда практика аз болуп, теория тескерисинче көп өтүлөт.

Үчүнчүдөн, материалдык-техникалык база өтө жакшы эмес. Ашканалардын абалы начар, спорт аянтчасы баардык окуу имараттарында жок, китеп жетишпейт. Мындан тышкары, компьютерлер начар абалда жана интернет жакшы иштебейт.

Жалпысынан студенттер ОшМУну заманбап талаптарга жооп бере албайт деп айтып кетишти.

Мугалимдердин сурамжылоосу

Мугалимдер арасында жүргүзүлгөн сурамжылоо мугалим менен студенттин мамилесин жакындатуу зарылчылыгы болгондугу тууралуу жана жаш жана жаңы окууну бүтүрүп келген мугалимдерге жакшы көңүл бөлүнбөгөнү тууралуу айтып кетти. Эмгек акысы аз болгондугуна кээ бирөө наразы болуп чыкты.

Мындан сырткары, материалдык-техникалык база жакшы болбой, компьютерлер эскирип, интерактивдүү доскалар жана аудиториялар жетишпей, жалпысынан студенттердин берилген билимине камкордук жок болгондугун айтып кетти.

3-БӨЛҮМ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНА БАЙЛАНЫШТУУ КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖАНА ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗИНДЕ ЖАСАЛГАН ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА СУНУШТАР

Бул илимий эмгектин эң негизги максаттарынын ичинде Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын мисалында билим берүүнүн сапатын аныктоо, жогорку окуу жайларында болгон көйгөйлөрдү аныктоо жана билим берүүнү башкаруу болчу.

Билим берүүнүн сапатын аныктоо үчүн сапат, сапатты башкаруу деген түшүнүктөр тууралуу изилдөө жүргүзүлүп, билим берүүдө сапатты кантип башкаруу мүмкүн болгондугун, кандай моделдер билим берүү тармагына ыңгайлуу келгенин жана дүйнө жүзүндө бул тармакта эмнелер кылынгандыгы анализденди.

Мындан тышкары Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларындагы билимге тийиштүү маалыматтар изилденип, мамлекеттин билим берүүдө кандай багытта реформа жүргүзгөнү, кандай стратегияга таянганы жана билим берүү тармагына канча каражат жумшаганы анализденди. Ошондой эле, Кыргыз Республикасы Евразиялык экономикалык биримдигине мүчө болгондон кийинки билимге тийгизген таасири каралып чыкты.

Мамлекеттик статистикалык комитетинин маалыматтарынын үстүндө Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайлары тууралуу түзүлгөн статистика аркылуу жогорку билим берүү тармагы тууралуу жалпы маалыматтар түзүлдү. Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларындагы билим берүүгө тиешелүү стандарттар, аккредитация жана университеттердин официалдуу рейтингдери каралып чыкты.

Жогорку окуу жайларында болгон билимдин сапаты тууралуу жана көйгөйлөр тууралуу анализди жасоо үчүн Кыргыз Республикасынын алты университети тандалды. Тандалган жогорку окуу жайларда сурамжылоо өткөрүлгөндөн соң сандык жана сапаттык ыкмаларды колдонуп анализ жүргүзүлдү. Сандык анализ кросстабуляция, Т-тестин, ANOVA тестин, апостериордук тестин (Тьюки), корреляцияны жана регрессияны камтыды. Сапаттык анализ болсо тандалган ЖОЖдордун кейстерин салыштыруу методу менен анализдөөнү камтыды. Ошондо жогорку окуу жайларында болгон билимдин сапаты статистикалык ыкмаларды да, сапаттык ыкмаларды да камтыды.

Жалпысынан 295 студенттин жана 115 мугалимдин сурамжылоо аркылуу алынган жооптору анализденди. Студенттер үчүн жана мугалимдер үчүн даярдалган суроолор бири-биринен айырмаланып, студенттердин билимдин сапатына болгон көз карашын жана мугалимдердин билимдин сапатына болгон көз карашын табууга жардам берди. Ошондой эле, студенттердин кабыл алынган билимдин сапатын аныктоо үчүн жана мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапатын аныктоо үчүн эки түр гипотезалар түзүлдү. Биринчиден, студенттерге түзүлгөн гипотезаларга жооп табууга аракет кылынды ([I]:43). Студенттерге тиешелүү гипотезаларын анализденгенден кийин мугалимдерге тиешелүү гипотезалары каралып чыкты ([II]:45).

Андан кийин, студенттердин жана мугалимдердин регрессия аркылуу билим берүүнүн сапатын аныктоочу факторлор тууралуу салыштырма жасалды. Регрессия аркылуу салыштырма анализи билим берүүнүн сапатын билим берүүчү жана билим алуучу тараптардан анализдөөгө мүмкүнчүлүк берди.

Сурамжылоодогу көйгөйлөр тууралуу суроолордун үстүндө тандалган университеттердин кейстери курулуп, ЖОЖдор салыштырылды.

Андан сырткары, тандалган ЖОЖдордун ичинде сурамжылоо өткөрүлдүгү учурда администрациянын буйругу менен мугалимдердин көйгөйлөрү тууралуу айтуусуна чек коюлушу чектөөлөрдүн арасында кирет.

Мамлекет форматындагы чектөөлөргө жогорку билим берүүнүн сапаты тууралуу маалымат аз болгондугу, жабык болгондугу жана маалыматтардын эскиргендиги кирди.

Келечекте бул илимий изилдөөнүн уландысы катары жана билим берүү тармагын толугу менен көрүү үчүн жалаң жогорку билим берүүнүн сапатын карабастан, жалпы, кыргызстандык жарандардын бала бакчадан башталган билимге тийиштүү ар бир кадамын анализдөө пландалууда.

1. СТУДЕНТТЕРГЕ ТИЕШЕЛҮҮ ИЗИЛДӨӨНҮН АНАЛИЗИ

Студенттердин арасында жүргүзүлгөн сурамжылоо аркылуу абитуриенттердин ЖОЖду тандоодо таасирин тийгизген факторлор тууралуу, студенттердин жеке өбөлгөлөрүнүн кабыл алынган билимдин сапатына тийгизген таасири тууралуу жана ЖОЖдордогу кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизген факторлор тууралуу жооп табууга аракет кылынды.

Биринчиден, абитуриенттердин ЖОЖду тандоодо тийгизген факторлор каралып чыкты. Бул гипотеза ЖРТде алган упайлар, мектепти бүтүргөн аймак жана абитуриенттердин жынысы ЖОЖду тандоодо таасирин тийгизеби деген гипотезаларды камтыды.

Экинчиден, студенттердин жеке өбөлгөлөрүнүн кабыл алынган билимдин сапатына тийгизген таасири каралып чыкты. Бул суроо ичинде студенттердин жынысына байланыштуу, студенттердин мектепти бүтүргөн аймагына байланыштуу жана студенттердин окуган жогорку окуу жайына байланыштуу айырмачылыктар болуп болбогону анализденди.

Үчүнчүдөн, ЖОЖдордогу кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизген факторлор тууралуу гипотезасы ЖОЖдун материалдык-техникалык базасы, колдоо, группалар арасында болгон мамилелер жана мугалимдердин профессионалдуулугу тууралуу гипотезаларын камтыды.

Студенттерге тиешелүү гипотезалардын статистикалык анализи төмөнкүдөй жыйынтыктарга алып келди:

Гипотеза 1. Абитуриенттердин ЖОЖду тандоодо таасирин тийгизген факторлор.

а. Абитуриенттердин ЖОЖду тандоосу Жалпы республикалык тестирлөөдө алган упайларга байланыштуу

Анализдин жыйынтыктары Жалпы республикалык тестирлөө ЖОЖду тандоого таасирин тийгизбээрин аныкталды. Алгачкы божомол менен Жалпы республикалык тестирлөөдө алынган упайлар түздөн-түз ЖОЖду тандоодо таасирин тийгизээрин ойлогонбуз. Ошентип, ЖРТде жогорку упайларды алган абитуриенттер популярдуу жана заманбап жогорку окуу жайларды тандаарына ишенгенбиз. Бирок ЖРТ менен ЖОЖду тандоо ортосунда байланыш жок экендиги белгиленди.

Жалпы республикалык тестирлөө Россияда жыл сайын өткөн Мамлекеттик сынактын (Единный государственный экзамен) Кыргыз Республикасында болгон аналогу катары саналат. Ал эми Россиядагы Мамлекеттик сынагы тууралуу изилдөөлөр сынак ЖОЖду тандоого таасирин тийгизбээрин көрсөтүүдө. Мамлекеттик сынак (ЕГЭ) киргизиле элек учурда абитуриенттер ЖОЖдор өткөргөн сынакка катышуусу керек болчу. Студенттер мектепти бүтүрө электе тандаган ЖОЖдун сынактарына даярданчы, демек мектепти бүтүрөйүн деген окуучулар сынакка чейин эле ЖОЖду тандаган болчу (Прахов, 2012:87). Мамлекеттик сынак киргенден кийин деле окуучулар сынакка чейин ЖОЖду тандаганы аныкталды. Кыргыз Республикасында өткөрүлгөн Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыктары жогорку факторго байланыштуу болушу мүмкүн.

б. Абитуриенттердин ЖОЖду тандоосу мектепти бүтүргөн аймакка байланыштуу

Анализдин жыйынтыктары мектепти бүтүргөн аймак ЖОЖду тандоодо таасирин тийгизээрин аныктады. Кошумча апостериордук тести жасалгандан кийин, ЖОЖду тандоодо айырмачылык Бишкек шаарынын студенттери менен Ош аймагынын студенттери жана Ысык-Көл аймагынын студенттери ортосунда чыкты. Демек, божомол менен региондордо мектепти бүтүргөн окуучулар ЖОЖду тандоодо аймак факторун да эске алууда.

Мектеп бүтүрүүчүлөрдүн алдында ЖОЖду тандоо үчүн 5-10 жылдык турмуштук программасын түзүү керек болууда (Гурарий, 2015:2). Мектеп бүтүрүүчүсү ким болгусу келгенин, кайсы окууга тапшыраарын аныкташ керек.

Аймактарда мектепти бүтүргөн ЖОЖдо окуйм деген окуучулар өзүнүн регионунда калаарын же Бишкек шаарына келип окуурун чечиши керек. Мисалы Каракол шаарында мектепти бүтүргөн же Бишкек шаарында мектепти бүтүргөн окуучу Бишкек шаарындагы ЖОЖду тандоого бирдей шарттарга ээ эмес. Аймактан келген абитуриенттер жашаган жери, стипендия, тамак аш тууралуу факторлор жөнүндө да ойлонушу керек. Изилдөөнүн жыйынтыктары аймактар менен Бишкек арасында айырма бар экендигин аныктады.

Мындан тышкары, Бишкек жана Таластан башка аймактардан мектепти бүткөн студенттер ЖОЖду тандоодо биринчи фактор катары сапаттуу билимге карагандыгы анык болду, ал эми Бишкек шаарында мектепти бүткөн жана Таласта мектепти бүткөн студенттердин көбү ЖОЖду тандоодо негизги фактор катары ЖОЖдун репутациясын белгилешти. Бул жыйынтык Бишкек шаарынын жана Талас аймагынын окуучуларынын баалулуктарына байланыштуу болушу ыктымал. Кошумча, Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин бир нече студенти ЖОЖду тандоодо негизги факор катары окуу жайында окуу акысы жок болгонун белгилеп кетти.

в. Абитуриенттердин ЖОЖду тандоосу абитуриенттердин жынысына байланыштуу

Анализдин жыйынтыктары ЖОЖду тандоодо абитуриенттердин жынысы маанилүү эмес экендигин аныктады.

Бул тармактагы илимий изилдөөлөрдүн анализи абитуриенттердин жынысы ЖОЖду тандоодо эмес, кесипти тандоодо таасирин тийгизээрин аныктады. Ошентип, жынысы эркек жана жынысы аял болгондордун арасында эң чоң айырма инженерия, билим берүү жана медицина бөлүмдөрүндө байкалууда (Akyol жб., 2017:17). Ал эми тандалган ЖОЖдордун тизмесин карасак, ЖОЖдордун ичинде Кыргыз мамлекеттик медициналык академиядай же Кыргыз техникалык университетиндей тар кесиптерде адистерди даярдашпайт. Тандалган ЖОЖдордун ичинде көнүмүш кесиптердеги адистер даярдалууда, ошондуктан студенттердин жынысы таасирин тийгизбөөдө.

Жалпысынан абитуриенттердин ЖОЖду тандоодо таасирин тийгизген факторлордон жалаң мектепти бүтүргөн аймак таасирин тийгизээри аныкталды.

Гипотеза 2. Студенттердин жеке өбөлгөлөрүнүн кабыл алынган билимдин сапатына тийгизген таасири

а. Студенттердин жынысына байланыштуу билимдин сапатын сезүүдө айырмачылык бар болууда

Изилдөөнүн жыйынтыктары студенттердин жынысы билимдин сапатын сезүүдө таасирин тийгизбээрин аныктады. Чехия менен Словакиядагы студенттердин арасында жүргүзүлгөн изилдөө тескерисинче студенттердин жынысына байланыштуу айырма болгонун аныктоодо (Çera жб., 2018:10). Изилдөөнүн жыйынтыктарынын негизинде Чехия менен Словакиянын жынысы аял болгон студенттер жогорку билимдин сапатын жынысы эркек болгон студенттерге караганда көбүрөөк канааттандыраарлык деп белгилешти. Европада өткөрүлгөн изилдөө менен Кыргыз Республикасында өткөн изилдөөнүн айырмачылыгы өлкөлөрдүн өнүккөндүгүнө, маданий жана жеке баалуулуктарга жана башка көптөгөн факторлорго байланыштуу болушу мүмкүн.

б. Студенттердин мектепти бүтүргөн аймагына байланыштуу билимдин сапатын сезүүдө айырмачылык бар болууда

Анализдин жыйынтыктары мектепти бүтүргөн аймакка байланыштуу билимдин сапатын сезүүдө айырмачылык бар экендигин аныктады. Алгачкы божомол менен Бишкек шаарында мектепти бүтүргөн окуучулар менен региондордо же айыл жергесинде мектепти бүтүргөн окуучулар арасында айырма болушу керек деген гипотеза коюлган. Апостериордук тести билимдин сапатын сезүүдө Бишкек менен Ош жана Ысык-Көл аймактарында айырмачылык бар экендигин аныктады. Бул жыйынтык Бишкектик жана башка аймактардан келген студенттердин кабылдоосунда айырмачылык болгонун түшүндүрүшү мүмкүн. Бишкек шаарында мектепти бүтүргөн окуучулардын билимдин сапатына байланыштуу күтүүлөр аймактарга караганда көбүрөөк болоору божомолдонгон. Бийик күтүүлөр билимдин сапатын сезүүдө айырма жаратышы ыктымал.

Мындан тышкары, Бишкек шаарындагы окуучулар маалымат булактарына аймактардагы окуучуларга караганда алда канча өйдө. Бишкектеги окуучулар аймактардагы окуучуларга караганда өнүккөн инфраструктурада жашап, ар түрдүү улуттагы адамдар менен бирдикте аракеттешип, айырмаланган сапатты ченеген таразага ээ болгон.

Бишкекте мектепти бүтүргөн студенттердин көбү ЖОЖдордогу билим берүүнүн сапаты бираз канааттандыраарлык деп көрсөттү. Бишкектен тышкары Нарын аймагында мектепти бүтүргөн жана Жалал-Абад аймагында мектепти бүтүргөн студенттердин 26,9% бираз канааттандыраарлык деп чыкты. Жогорку үч региондон башкалары билим берүүнүн сапатына ыраазы болгону аныкталды.

в. Студенттердин окуган ЖОЖго байланыштуу билимдин сапатын сезүүдө айырмачылык бар болууда

Изилдөөнүн анализи окуган ЖОЖго байланыштуу билимдин сапатын сезүүдө айырмачылык бар экендигин аныктады. Билимдин сапатын сезүүдө апостериордук тести аркылуу Кыргыз улуттук университетинде айырма бар болгону аныкталды. КУУнун студенттери Манас университетинен, БААУдан, ОшМУдан жана ЫМУдан Кыргыз улуттук университетинде берилген билим менен нааразы болгону аныкталды.

Сапаттык анализдин жыйынтыктары КУУнун ичинде көптөгөн көйгөйлөр бар экендигин аныктады. Ошентип студенттер академиялык кадрлар менен, жогорку окуу жайдын ичиндеги мамилелер менен, материалдык-техникалык база менен жана коопсуздук менен нааразы болгону аныкталды. Жогорку көрсөтүлгөн факторлор студенттер үчүн маанилүү болгондугу үчүн, алардын начар абалда болушу билимдин сапатын сезүүдө нааразычылык жаратууда.

Мындан аркы анализ КУУдан башка университеттердеги студенттер билимдин сапаты менен канааттандырылганын аныктады. Анализ аркылуу алынган жыйынтыктар университеттер ичинде болгон билимдин сапатын сезүүдө окшош болбогондугун аныктады, ошентип, бир эле жогорку окуу жайдын ичинде билимдин сапаты толугу менен канааттандырат дегендер да болду, бираз канааттандырат дегендер да болду.

Жалпысынан студенттердин жеке өбөлгөлөрүнүн кабыл алынган билимдин сапатына тийгизген таасири каралса, кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизген жеке өбөлгөлөрү катары мектепти бүтүргөн аймакты жана окуган ЖОЖду ажыратса болот.

Гипотеза 3. ЖОЖдордогу студенттердин кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизген факторлор

а. Студенттердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдун материалдык-техникалык базасы менен канааттанууга байланыштуу

Анкетада материалдык-техникалык базасы катары китепкананын электрондук ресурстары, китепкананын ресурстары жана китептердин жетиштүүлүгү, китепканадагы кызмат, окуу залындагы шарттар, компьютерлерди колдонуу мүмкүнчүлүгү, интернетте иштөө мүмкүнчүлүгү, аудиториялардагы шарттар, буфеттер жана ашканалар жана эс алуу аймактары каралды.

Анализдин жыйынтыктары ЖОЖдордогу материалдык-техникалык база студенттердин кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизээрин аныктады. Анкеталардагы ЖОЖдордогу көйгөйлөр тууралуу ачык суроодо студенттер спорт аянтчасынын жок болгонун, ашканалардын жана эс алуу зоналардын жетишсиздигин, имараттардын эскиришин жана интерактивдүү доскалардын, компьютерлердин, проекторлордун жетишсиздигин белгилеп кетишти. Студенттер интернетке кошулуу мүмкүнчүлүгү жана электрондук булактарга кирүү мүмкүнчүлүгү маанилүү болгонуна басым жасашты. Студенттердин жогорку факторлорго басым жасагандыгы материалдык-техникалык база билимдин сапатына таасирин түздөн-түз тийгизүүдө. Студенттер таза, жаңы, жабдылган жана заманбап ЖОЖдордо окугусу келгени анык болду. Казахстандагы билим берүү тармагына тийиштүү изилдөөнүн жыйынтыктары катары билим берүүнүн сапатына эң көп таасирин тийгизген факторлордун арасында материалдык-техникалык базасы белгиленип кетти (Есенбаева жб., 2016:3-4).

Апостериордук тести студенттердин арасындагы материалдык-техникалык базасы менен канааттануу группадан группага айырмаланаарын аныктады.

Жалпысынан ЖОЖдун материалдык-техникалык базасы менен азыраак канааттандырылган көбүрөөк канааттандырылган студенттерге салыштырмалуу билимдин сапаты менен да азыраак канааттандырылганы аныкталды.

Бул жыйынтыкка үч нерсе себепкер болушу мүмкүн: биринчиси, материалдык-техникалык база чындыгында кабыл алынган билимдин сапатына чоң таасирин тийгизээри мүмкүн; экинчиси, материалдык-техникалык базага көңүл бурган студенттер көңүл бурбаган студенттерге караганда билимдин сапатына да көбүрөөк кыйкымчыл болушу мүмкүн; жана үчүнчүсү, жалпысынан нааразы болгон студенттер билимдин сапаты менен да нааразы болушу мүмкүн.

б. Студенттердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордогу колдоо менен канааттанууга байланыштуу

Анкетада ЖОЖдордогу колдоо материалдык колдоону, студенттик бөлүмүнүн колдоосун, куратордун колдоосун, студенттик иш чараларга жана спорттук жашоого катышуу мүмкүнчүлүктөрүн, бүтүрүүчүлөргө кеңеш берүүнү жана аларды ишке орноштурууну жана медициналык тейлөөнү камтыды.

Изилдөөнүн жыйынтыктары ЖОЖдордогу колдоо менен канааттануу студенттердин кабыл алынган билимдин сапатына таасиринин тийгизээрин аныктады. Бул жыйынтык студенттер жалаң билим алууга муктаж болбостон, өзүн университеттик иш-чараларда реализациялоого жана ар түрдүү байланыштарды курууга муктаж болгонун аныктады. Студенттер ар тараптан колдоону баалап, окууну бүтүргөндөн кийин да колдоого муктаж экендиги аныкталды.

Мындан сырткары, ЖОЖдордогу колдоо менен азыраак канааттандырылган студенттер көбүрөөк канааттандырылган студенттерге салыштырмалуу билимдин сапаты менен азыраак деңгээлде канааттандырылганын аныктады. Бул жыйынтыкка эки нерсе себепкер болушу мүмкүн: биринчиси, ЖОЖдогу студентке көрсөтүлгөн колдоо чындыгында кабыл алынган билимдин сапатына чоң таасирин тийгизээри мүмкүн; экинчиси, жалпысынан нааразы болгон студенттер билимдин сапаты менен да нааразы болушу мүмкүн.

в. Студенттердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордогу группалардын арасындагы мамилелерге байланыштуу

ЖОЖдордогу группалар арасындагы мамилелер катары студент жана мугалим арасындагы мамиле, студент жана куратор арасындагы мамиле, студент жана администрация арасындагы мамилелер, студент жана административдик персонал арасындагы мамилелер каралып чыкты.

Маалыматтардын анализи ЖОЖдордогу *студенттердин арасында* болгон мамилелер кабыл алынган билимдин сапатына таасиринин тийгизээрин аныктады. Апостериордук тести студенттердин арасындагы ак ниеттүү мамиле нейтралдуу мамилеге караганда студенттерди ЖОЖдогу билимдин сапаты менен көбүрөөк канааттандырганын далилдеди.

Маалыматтардын анализи ЖОЖдордогу *студенттердин жана мугалимдердин* арасында болгон мамилелер кабыл алынган билимдин сапатына таасиринин тийгизээрин аныктады. Апостериордук тестинин жыйынтыктары студенттердин жана мугалимдердин арасындагы ак ниеттүү мамиле нейтралдуу жана терс мамилелерге караганда көбүрөөк канааттандыраарлык болгонун далилдеди.

Маалыматтардын анализи ЖОЖдордогу *студенттердин жана кураторлордун* арасында болгон мамилелер кабыл алынган билимдин сапатына таасиринин тийгизээрин аныктады. Апостериордук тестинин жыйынтыктары студенттердин жана кураторлордун арасындагы ак ниеттүү мамиле нейтралдуу жана терс мамилелерге караганда көбүрөөк канааттандыраарлык болгонун далилдеди.

Маалыматтардын анализи ЖОЖдордогу *студенттердин жана администрация* арасында болгон мамилелер кабыл алынган билимдин сапатына таасиринин тийгизээрин аныктады. Апостериордук тестинин жыйынтыктары студенттердин жана администрация арасындагы ак ниеттүү мамиле нейтралдуу жана терс мамилелерге караганда көбүрөөк канааттандыраарлык болгонун далилдеди.

Маалыматтардын анализи ЖОЖдордогу *студенттердин жана административдик персонал* арасында болгон мамилелер кабыл алынган билимдин сапатына таасиринин тийгизээрин аныктады. Апостериордук тести студенттердин арасындагы ак ниеттүү мамиле нейтралдуу мамилеге караганда студенттерди ЖОЖдордогу билимдин сапаты менен көбүрөөк канаатандырганын далилдеди.

Диссертациянын жыйынтыктары ЖОЖдордогу студенттин катышуусу менен ар түрдүү группалардын студентин кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизээрин аныктады. Илимий изилдөөлөрдө тиркеме жасасак, көбүнчө студент менен мугалим ортосундагы мамиленин билимдин сапатына болгон таасири изилденип келиптир. Ошентип студент менен мугалим ортосундагы мамиле жогорку билим берүүдө маанилүү аспекттердин арасында кирүүдө, анткени бул мамиле студенттин ийгиликтүү окушуна таасирин тийгизет (Hagenauer, Volet, 2014:13). Изилдөөлөр жалаң студент менен мугалим ортосундагы мамилени көрсөтсө дагы, студенттин куратор менен, башка студенттер менен, администрация жана административдик персонал менен түзгөн мамилелери маанилүү болууда. Студент университетке келгенде маанайын эч нерсе бузбаса ал билимдин сапаты менен көбүрөөк канаатандырылган болот.

Корреляция анализи ЖОЖдордогу ар кандай группалар арасындагы корреляция жалпысынан начар болгонун аныктады. Жалаң гана студенттер-администрация жана студенттер-административдик персонал арасындагы корреляция бир аз күчтүү болуп чыкты (корреляция коэффициенти ,558). Демек студенттер жана администрация группасы менен студенттер жана административдик персонал группасы арасында байланыш бар, ошондо бир группанын мамилеси алмашса, экинчи группага таасирин тийгизет.

г. Студенттердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордогу мугалимдердин профессионалдуулугуна байланыштуу

Анализдин жыйынтыктары ЖОЖдордогу мугалимдердин профессионалдуулугу студенттердин кабыл алынган билимдин сапатына таасиринин тийгизээрин аныктады. Ошентип канчалык мугалимдердин профессионалдуулугу билимдин сапатына таасирин көбүрөөк тийгизет деген сайын, билимдин сапаты менен канааттануу да көбөйүүдө. Гипотезалар түзүлгөндө мугалимдердин профессионалдуулугу кабыл алынган билимдин сапатына тийгизген таасири көп болгондугу божомолдонгон. ANOVA тестинин жыйынтыктары божомол менен дал келди. Адам ресурстарынын билим берүүдө чоң ролу бар болгонун Казахстанда жасалган изилдөөдө көрүүгө мүмкүн. Казак изилдөөчүлөрү анкета аркылуу билимдин сапатына таасирин тийгизген эң маанилүү ички фактор катары мугалимдердин профессионалдуулугун белгилеп кетишти (Есенбаева жб., 2016:4).

Жалпысынан анализдин жыйынтыктарынын үстүндө ЖОЖдордогу кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизген факторлор катары материалдык-техникалык базаны, ЖОЖдогу колдоо менен канааттанууну, группалардын арасындагы мамилелерди жана мугалимдердин профессионалдуулугун эсептөөгө мүмкүн болууда.

2. МУГАЛИМДЕРГЕ ТИЕШЕЛҮҮ ИЗИЛДӨӨНҮН АНАЛИЗИ

Мугалимдердин арасында жүргүзүлгөн сурамжылоо аркылуу ЖОЖдордогу мугалимдердин демографиялык өбөлгөлөрү жана ЖОЖдун материалдык-техникалык базасы кабыл алынган билимдин сапатына кандай таасирин тийгизээрин табууга аракет кылынды.

Биринчиден, ЖОЖдордогу мугалимдердин жынысы жана жашы, мугалимдердин эмгек кылган жогорку окуу жайы жана ошол ЖОЖдордогу тажрыйбасы, иштеген бөлүмү жана илимий даражасы, бөлүмдүн популярдуулугу менен тандалган кесиптин байланышы кабыл алынган билимдин сапатына тийгизген таасири каралып чыкты.

Экинчиден, ЖОЖдун материалдык-техникалык базасы менен канааттануу, коллегалардын кесипкөйлүгү менен канааттануу, сабак учурунда колдонулган методдордун жана ЖОЖдун ичинде болгон группалар арасындагы мамилелер тууралуу суроолор каралып чыкты.

Мугалимдерге тиешелүү гипотезалардын статистикалык анализи төмөнкүдөй жыйынтыктарга алып келди:

Гипотеза 1. ЖОЖдордогу мугалимдердин демографиялык өбөлгөлөрүнүн алардын кабыл алынган билимдин сапатына тийгизген таасири

а. Мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордогу мугалимдердин жынысына жана жашына байланыштуу

Изилдөөнүн жыйынтыктары ЖОЖдордогу мугалимдердин жынысы жана ЖОЖдордогу мугалимдердин жашы кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизбээрин аныктады. Бул жыйынтыктардын себеби Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунда мугалимдердин жынысына же жашына байланыштуу артыкчылыгы жок болгондугу үчүн мугалимдер жогорку эки факторду маанисиз көрүүсүндө болушу мүмкүн. Бирок ошол эле учурда, Борбордук Азиядагы Америка университетинде кесиптик түгөнүү тууралуу жүргүзүлгөн изилдөө (Momunalieva, Serinkan, 2018) мугалимдердин жашы өткөн сайын кесиптик түгөнүү азыраак боло баштаганын аныктады. Кесиптик түгөнүү ошол эле учурда кабыл алынган билимдин сапатынын бир көрсөткүчү болушу мүмкүн.

б. Мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты мугалимдердин иштеген жогорку окуу жайына жана ошол жердеги тажрыйбасына байланыштуу

Анализдин жыйынтыктары мугалимдердин иштеген жогорку окуу жайы жана ошол ЖОЖдордогу тажрыйбасы кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизбээрин аныктады. Сапат окшош түшүнүктөрдүн өздөштүрүлүүсү өмүр бою чогултулган тажрыйбага тийиштүү болууда. Кыргыз Республикасында сапат жалпысынан кабылданып, ЖОЖго же ошол ЖОЖдордогу мугалимдин тажрыйбасына байланыштуу болбогондугу божомолдонгон. ANOVA тестинин жыйынтыктары божомол менен дал келди, анткени, мисалы, Кыргыз-Түрк “Манас” университетинен мугалимди Кыргыз улуттук университетине которуп койсо, ал мугалим сапатты башкача кабыл албайт. Ал мугалимдин түшүнүгүндө сапат тууралуу сүрөт түзүлүп калган.

в. Мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордогу мугалимдердин иштеген бөлүмүнө байланыштуу

Ошондой эле ЖОЖдордогу мугалимдердин иштеген бөлүмү кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизбээри аныкталды. Бул жыйынтык ЖОЖ жана ЖОЖдордогу тажрыйба тууралуу жыйынтыктарга окшош болууда. Сапат- бул жалпысынан кабыл алынган түшүнүк.

г. Мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордогу мугалимдердин илимий даражасына байланыштуу. Бөлүмдүн популярдуу болгону менен тандалган кесиптин арасында корреляция бар болууда.

Мындан сырткары, ЖОЖдордогу мугалимдердин илимий даражасы кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизбээри аныкталды. Америка Кошмо Штаттарында өткөрүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктары жана мугалимдердин сертификациялоо жыйынтыктары мугалимдин илимий даражасы статистикалык маанисиз болгонун аныктады (Goldhaber, Brewer, 1996: 9).

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасында илимий даражага болгон мамиле ишенимдүү эмес болушу мүмкүн, анткени кээ бир учурларда дипломдор сатып алынган болууда. Ошондуктан жумуш берүүчүлөр жумушка алганда кыргыз доктордук дипломдон чет өлкөлүк магистратуралык дипломун тандоодо. Ал эми сапаттык анализ мамлекеттик ЖОЖдордо илимий даражага ээ болгон академиялык кадрлардын көбүнө карабастан, билимдин сапаты начар абалда болууда.

Бөлүмдүн популярдуулугу менен тандалган кесиптин арасында байланыш бираз күчтүү болуп чыкты (корреляция коэффициенти 0,539 түздү). Демек, бир фактордун өзгөрүлүшү экинчи фактордун өзгөрүлүшүнө алып келет.

Жалпысынан алганда ЖОЖдордогу мугалимдердин демографиялык өбөлгөлөрү алардын кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизбээри аныкталды. Ошондуктан, мугалимдердин жынысы жана жашы, иштеген ЖОЖу жана ошол жердеги тажрыйбасы, иштеген бөлүмү жана илимий даражасы билимдин сапатына таасирин тийгизген факторлордун арасына кирбегени аныкталды.

Гипотеза 2. ЖОЖдордогу мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизген факторлор

а. Мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдун материалдык-техникалык базасы менен канааттанууга байланыштуу

Мугалимдердин анкетасында материалдык-техникалык база китепкананын электрондук ресурстарын, китепкананын ресурстарын жана китептердин жетиштүүлүгүн, китепканадагы кызматты, окуу залындагы шарттарды, компьютерлерди колдонуу мүмкүнчүлүгүн, интернетте иштөө мүмкүнчүлүгүн, аудиториялардагы шарттарды, буфеттерди жана ашканаларды, эс алуу аймактарын жана иш орундун бар болушун камтыды.

Анализдин жыйынтыктары ЖОЖдун материалдык-техникалык базасы менен канааттануу мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапатына таасиринин тийгизээрин аныктады. Апостериордук тести ЖОЖдордогу материалдык-техникалык база канчалык деңгээлде көбүрөөк канааттандырса, ошончолук билимдин сапаты менен канааттануу көбөйөөрүн көрсөттү.

Бул жыйынтык күтүлгөн жыйынтык болчу. Сапаттык анализде мугалимдер техникалык жабдуулар жана аудиториялардын жабдылганы маанилүү болгонун айтып кетишти. Мугалимдер студенттердей эле заманбап, таза ЖОЖдордо сабак өтүүгө муктаж болгондугу анык болду.

б. Мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордогу мугалимдердин коллегаларынын кесипкөйлүгү менен канааттануусуна байланыштуу

Изилдөөнүн жыйынтыктары ЖОЖдордогу мугалимдердин коллегаларынын кесипкөйлүгү менен канааттануусу мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапатына таасиринин тийгизээрин аныктады. Россиялык адистер мугалимдин профессионалдуулугу студенттердин билиминин сапатына түздөн-түз таасирин тийгизет деп аныктоодо (Грунтовский, 2013:5).

Апостериордук тести коллегаларынын кесипкөйлүгү менен канааттандырылбаган мугалимдердин көбүрөөк канааттандырылган мугалимдерге салыштырмалуу билимдин сапаты менен азыраак канааттандырылганын аныктады. Бул жыйынтык коллегалардын кесипкөйлүгү кабыл алынган билимдин сапатына байланыштуу маанилүү факторлордун катарына кирээрин аныктады.

в. Мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордо сабак учурунда колдонулган методдорго байланыштуу

Анализдин жыйынтыктары ЖОЖдордо сабак учурунда колдонулган методдор мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапатына таасиринин тийгизбээрин аныктады. Демек мугалимдер сабак учурунда колдонулган методдорду экинчи даражадагы фактор катары сезүүдө. Бирок бул темадагы изилдөөлөр сапаттуу окутуу студентке ылайыкташтырылган жана багытталган болушун керек экендигин көрсөтүүдө. Студентке басым жасалганда студент ийгиликтүү болот (Jalbani, 2014:7).

Мындан сырткары, билимдин сапаты менен канааттануу сабак учурунда колдонулган методдорго карабастан ар кандай болушу мүмкүн болгондугу аныкталды.

г. Мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапаты ЖОЖдордогу группалардын арасындагы мамилелерге жана биргелешкен ишке байланыштуу. ЖОЖдордогу группалардын арасындагы мамилелер менен биргелешкен иштин арасында корреляция бар болууда.

ЖОЖдордогу мугалимдерге тийиштүү группалар катары мугалимдер арасындагы мамиле, мугалим жана студент арасындагы мамиле, мугалим жана администрация арасындагы мамиле жана мугалим жана административдик персонал арасындагы мамиле каралып чыкты. Жыйынтык катары мугалим жана студент арасындагы мамиледен башка мамилелер кабыл алынган билимдин сапатына таасиринин тийгизээри аныкталды. Корреляция анализи ЖОЖдордогу группалардын арасындагы мамилелердин арасында байланыш начар болгонун аныктады.

Жалпысынан ЖОЖдордогу мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизген факторлор катары ЖОЖдун материалдык-техникалык базасы, ЖОЖдордогу мугалимдердин коллегаларынын кесипкөйлүгү менен канааттануу жана ЖОЖдордогу группалар арасындагы (студент-мугалим мамилесинен башка) мамилелер аныкталды.

3. СТУДЕНТТЕРДИН ЖАНА МУГАЛИМДЕРДИН КАБЫЛ АЛЫНГАН БИЛИМДИН САПАТЫН АНЫКТАГАН РЕГРЕССИЯ ТЕҢДЕМИСИНИН АНАЛИЗИ

Студенттердин жана мугалимдердин анкеталары анализденгенден кийин, студенттердин көз карашы менен билимдин сапатын эмне аныктаганынын жана мугалимдердин көз карашы менен билимдин сапатын эмне аныктаганынын регрессия аркылуу изилдөө жасалды.

Студенттердин кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизген факторлордун анализи [III:75] ЖОЖдордогу студенттердин кабыл алынган билимдин сапаты канааттандырбаарын аныктады. Демек, студенттердин көз карашы менен ЖОЖдордогу билимдин деңгээли начар абалда болууда.

Студенттердин кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизген факторлордун анализи студенттердин көз карашы менен эң негизги жана маанилүү фактор катары мугалимдердин профессионалдуулугун аныктады. Андан тышкары, студенттер менен администрация арасындагы мамилелер жана ЖОЖдун материалдык-техникалык базасы маанилүү факторлор катары аныкталды. ANOVA тесттеринин жыйынтыктары дагы мугалимдердин профессионалдуулугу, ЖОЖдун материалдык-техникалык базасы жана группалар арасындагы мамилелер кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизээрлик болуп аныктаган. Ошондуктан, ЖОЖдордогу билимдин сапатын жогорулатуу үчүн академиялык кадрларга көңүл бурулушу керек. Кадрлардын профессионалдуулугун жогорулатуу үчүн эмгек акысы көбөйтүлүшү керек, окутуучулуктун наркы көтөрүлүш керек, мугалимдер үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлүшү керек. Мындан тышкары, студенттер менен администрация арасындагы мамилелерди түзүп, администрация студенттерге жеткиликтүү болушу керек. ЖОЖдор өзүнүн материалдык-техникалык базасын күчтөндүртүп, студенттерге билим алганга керектүү шарттарды түзүп бериши пайдалуу болмок. Жогорку окуу жайлардын администрация тарабынан студенттерди тартуу үчүн жана мурунтан окуган студенттерди канааттандыруу үчүн жогорку окуу жайга профессионалдар тартылып келиши керек; заманбап инфраструктура түзүлүшү керек жана администрация менен студент арасында болгон мамиле дүйнөлүк тажрыйбаны колдонуп өзгөртүлүшү керек.

Мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизген факторлордун регрессия анализи [IV:77] мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизген факторлордон тышкары билим берүүнүн сапаты болжол менен канааттандырылбаганын аныктады.

ЖОЖдордогу мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапатына эң көп таасирин тийгизген фактор болуп мугалимдердин профессионалуулугу аныкталды. Мындан тышкары, маанилүү факторлор катары тандалган кесип, бөлүмдүн популярдуулугу жана мугалимдер менен административдик персонал арасындагы мамиле болуп аныкталды.

Мугалимдердин көз карашы менен жогорку окуу жайларындагы билимдин сапатын жогорулатуу үчүн мугалимдердин профессионалдык деңгээли жогорулатылышы керек. Мугалимдер жана студенттер үчүн жасалган регрессия анализи мугалимдер менен студенттердин арасында билимдин сапатына болгон көз караш бир багытта болгонун аныктады. Билим алуучулар да, билим берүүчүлөр да окутуучунун профессионалдык деңгээли эң негизги билимдин сапатын өлчөгөн фактор катары аныктады. Бирок, студенттерге жана мугалимдерге маани берген экинчи факторлор бир бирине дал келген жок. Мугалимдер билимдин сапатын тандалган кесипке жана бөлүмдүн популярдуулугуна байланыштырды. Ошол эле учурда студенттер жогорку факторлорду маанилүү деп эсептеген жок. Мугалимдер административдик персонал менен мамиле билимдин сапатына таасирин тийгизээрине ишенсе, студенттер администрация менен мамиле таасирин тийгизээрине ишенүүдө. Мамилелерде болгон көрсөткүчтөр жогорку эки группада көйгөйлөр болгондугун аныкташы мүмкүн. Ошентип, мугалимдер менен административдик персонал арасында кагылыштар жана нааразычылык болсо, ушул факторго мугалимдер көбүрөөк маани бериши ыктымал. Студенттердин администрация менен мамилесинде наразычылык болсо, жалпы кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизээрине ишенич пайда болот. Жогорку көйгөйдү чечүү үчүн сапатты ар бир кадамда контролдогон бөлүмдөр өзүнүн ишин кайрадан карап чыгышы керек.

Мындан тышкары ЖОЖдун менеджменти кабыл алынган билимдин сапатына терс таасирин тийгизген факторлорго көбүрөөк көңүл бурушу керек, анткени терс таасирин тийгизген факторлор түздөн түз кабыл алынган билимдин сапатын азайтышы мүмкүн. Ошентип, жогорку окуу жайлар окуу жайдын позитивдүү имиджине, окуу жайдын ичиндеги мамилелерге, абитуриенттерге студенттерге кесиптик багыт берүүгө жана мекеме ичиндеги маданиятка көңүл бурушу керек.

4. КЕЙСТЕРДИ САЛЫШТЫРУУ МЕТОДУ МЕНЕН АНАЛИЗДӨӨ

Бул диссертацияда билим берүүнүн сапатын аныктоо үчүн жалаң гана сандык көрсөткүчтөр эске алынбай, статистикалык анализ менен ченелбеген, сапаттык көрсөткүчтөр да эске алынууда. Сапаттык анализ катары Кейстерди салыштыруу методу менен анализдөө тандалды. Кейстер тандалган алты жогорку окуу жайлар үстүндө жазылган. Маалымат ЖОЖдун сайттарынан алынып, сурамжылоодон алынган суроолорду камтыйт.

ЖОЖдорду салыштырып келсек, Кыргыз-Түрк “Манас” университетинен жана Борбордук Азиядагы Америка университетинен башкалары көп жыл мурун ачылып, трансформация процесстеринен өтүп, азыркы калыбына келген. Ал эми КТМУ менен БААУ 1990-чу жылдары биринчи студенттерди тозуп алган.

Тандалган университеттердин ичинде бакалавр жана магистратура бөлүмдөрү иштейт. БААУдан башка университеттеринде докторантура программалары иштейт. Баары ISO сертификаттарына ээ жана ар биреөндө билимдин сапатын башкаруу структуралары орун алат. Ошол эле учурда, анкетанын көйгөйлөр тууралуу ачык суроолору ЖОЖдордо болгон бир нече көйгөйдү аныктады. БААУ менен КТМУда көйгөйлөр башка университеттерге салыштырмалуу айырмаланып чыкты.

Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде суралган студенттердин жана мугалимдердин көбү билимдин сапатына наразычылыгын билдирген жок, бирок ошондо да мугалимдер билимдин сапаты менен студенттерге салыштырмалуу канааттандырылгандыгы аныкталды.

Студенттер сабак учурунда колдонулган методдор менен канааттандырылбаганы аныкталды. Сабак көп учурларда лекция түрүндө өтүп, сынактар болсо жалаң жазуу түрүндө өткөнүнө наразы болушту. Ошол эле учурда, мугалимдердин жоопторунда негизделген статистикалык анализ сабак учурунда колдонулган методдор мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизбейт деп көрсөттү, демек мугалимдер колдонулган методдордо көйгөй көрбөгөндүгүн болжолдой алабыз. Бирок студенттер сабак жалаң лекция түрүндө өтүүсү билимдин сапатына таасирин тийгизээрин айтып кетишти. Ошондуктан, КТМУда лекциядан башка үйрөтүү методдору киргизилиши керек.

Башка көйгөйлөрдүн арасына материалдык-техникалык базага байланыштуу болуп чыкты. Жалпы студенттер кампус ичинде интернетке кирүү мүмкүндүгү начар болгонун жана студенттерге арналган эс алуу зоналарынын жетишсиздигин айтып кетишти. Мындан тышкары, студенттер кыргызча китептердин аз болгондугун аныктады. Мугалимдер болсо жалпысынан КТМУда түзүлгөн шарттар менен канааттандырылганы аныкталды.

Борбордук Азиядагы Америка университетиндеги сурамжылоо студенттер менен мугалимдер жалпысынан билимдин сапаты менен канааттанганын аныктап кетти. Бирок студенттер мугалимдердин квалификациясы начарлай баштагандыгын айтып кетишти. Жогорку окуу жай америкалык прототип менен иштегендиктен, студенттер сабакка чет өлкөлүк мугалимдердин катышуусу керек, программа күчтүү болушу керек деген ойдо болууда.

Андан сырткары, контракт акысы аз болбогондуктан, окуу имараттары да кенен болсо жакшы болмок деген студенттер болду.

Мугалимдер болсо БААУнун саясаты жана администрациясы акыркы жылдары тез өзгөрүп жаткандыгын бир нече мугалим белгиледи. Бул ишенич мугалимдердин арасында белгисиздикти жаратууда. Мугалимдердин мотивациясы жоголууда.

Кыргыз экономикалык университетиндеги сурамжылоо мугалимдердин көз карашы менен университет ичинде көйгөй жок болгонун аныктады. Бул жыйынтык өзү эле бир чоң көйгөй болушу мүмкүн. Мунун далили катары студенттердин көбү тескерисинче бир нече көйгөйдү белгилеп кеткени болушу мүмкүн.

КЭУнун мугалимдери авто унааны токтотчу жер жок дегенден башка көйгөй жок деп жооп беришти. Бул жыйынтык КЭУнун эл алдындагы имиджин бузбоого администрация тарабынан колдонулган политикага тийиштүү болушу ыктымал. Ошол эле учурда көйгөйлөрдүн жок болуусу стагнацияга алып келиши мүмкүн.

Студенттер болсо эң негизгиси мугалимдердин профессионалдуулугу начар болгонун белгилеп кетишти. Мындан тышкары, интернетке кошулуу мүмкүнчүлүгү жок болгонун, эс алуу зоналары жок болгонун жана ЖОЖдордогу антисанитария тууралуу айтылды.

Кыргыз улуттук университетиндеги сурамжылоо көптөгөн көйгөйлөрдү аныктады. Мугалимдер да, студенттер да жогорку окуу жай ичинде болгон бир нече көйгөйдү белгилеп кетти.

Мугалимдер биринчиден окуу жай ичиндеги түзүлгөн шарттарга нааразы болушту. Алар имараттардын жана компьютерлердин аябай эскиришин, кээ бир аудиторияларда такта менен бор болбогондугун, антисанитарияны белгилеп кетишти. Экинчиден, мугалимдер коллегалардын профессионалдуулугу менен нааразы болду.

Студенттер да мугалимдердей болуп имараттардын эски болгонуна нааразы болушту. Алар сабак өтүүгө керектүү жабдуулардын болбогондугун айтып кетишти. Мындан тышкары, студенттер ЖОЖдордогу мугалимдер менен түзүлгөн мамиле тууралуу жана ЖОЖдордогу коопсуздук тууралуу наразычылыгын билдирип кетти.

Ысык-Көл мамлекеттик университетинде мугалимдер жана студенттер бир нече көйгөйдү белгилеп кетишти. Студенттер интернетте иштөө мүмкүнчүлүгү жок болгондугун жана аудиториялар заманбап талаптарга жооп бербегендигин айтып кетишти. Бирок заманбап талаптар катары ЫМУнун студенттери электрондук доскаларга окшош жабдууларды ойго алышкан. Мугалимдер дагы интернет жана жабдуулар тууралуу айтып кетишти.

Ош мамлекеттик университетинде жүргүзүлгөн сурамжылоо мугалимдердин жана студенттердин көз карашы менен бир нече көйгөйлөрдү аныктады. Мугалим менен студент арасындагы мамилени өзгөртүү керекчилиги болгонун айтып кетишти. Ошондой эле окуу жайдын материалдык-техникалык базасы начар болгонун айтып кетишти.

Студенттер болсо жалпысынан билимдин сапаты менен канааттандырылган болгону аныкталды. Бирок көйгөйлөр тууралуу жооп берген студенттер мугалимдердин билими начар болуп, кээ бир мугалимдер интернеттен алынган тексттерди окуп сабак өтөөрүн айтып наразы болушту. Мындан тышкары, ЖОЖдун материалдык-техникалык базасы өтө жакшы эмес экендигин белгилеп кетишти.

Жалпысынан караганда тандалган ЖОЖдордогу студенттер жана мугалимдер экинчил көйгөй катары интернетке кошулууну жана аудиториялардагы заманбап жабдуулардын жетишсиздигин, китептердин эскиришин жана жетишсиздигин, эс алуу зоналардын, ашкана имараттарынын жана спорт аянтчалардын жетишсиздигин аныкташты. Жогорку көйгөйлөр өтө маанилүү көрүнбөшү мүмкүн, бирок сапатты башкаруу экинчил көйгөйлөрдү дагы жокко чыгарууга аракет кылышы керек. Ошентип, жаңы технологиялар заманында маалыматтар негизинен интернет аркылуу алынууда, сабак заманбап технологиялардын колдонуусу менен өтүүдө. Азыркы заманда интернет дүйнө жүзүнө кирүүчү эшик болгону анык. Бирок Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорундагы окуучулар ошол эшикке кирүү мүмкүнчүлүгү дээрлик жок десек жаңылышпайбыз. Жумуш берүүчүлөр дагы бүтүрүүчүлөр жаңы технологиялардан артта калбай, колдоно билүүнү күтүүдө.

Мындан сырткары, ЖОЖдордун көбүндө китептер эскирип кеткенин студенттер белгилеп кетти. Бул көйгөй окутуу кыргыз тилинде өткөн ЖОЖго байланыштуу болушу ыктымал. Бүгүн дүйнө англис тилинде сүйлөйт, ошондуктан дүйнөлүк маалымат менен алмашуу англис тилинде өтөт. Кыргыз Республикасында болгон практика китептерди, отчётторду, макалаларды жана башка маалыматтарды орус тилинен кыргыз тилине которулушун камтыйт. Ошол эле учурда маалыматтар англис булактарынан орус тилине которулат. Ортодо бир нече жылдар өтөт. Бул чынжырдын аягында студенттердин билими турат. Тандалган ЖОЖдун арасынан бир гана БААУнун студенттери англис булактарга жеткиликтүү болууда.

Анын үстүнө ачык суроолор аркылуу студенттер эс алуу шарттарына зар болгондугу аныкталды. Студенттер жалаң окууга көңүл бурбай, окуу имараттарында студенттерге арналган эс алуу жайлардын болушуна, ашканалардын жетиштүү жана сатылган тамактардын баасы ыңгайлуу болушуна, спорт аянтчалардын болушуна көңүл бураары аныкталды. Бул экинчилик факторлор студенттердин канааттануусуна себепкер болуп, аягында билимдин сапатына таасирин тийгизүүдө.

Тандалган жогорку окуу жайлардын салыштырмалуу анализи, ошол окуу жайларында болгон көйгөйлөрдү аныктаганга жардамчы болду. Жалпысынан караганда Кыргыз Республикасындагы эски ЖОЖдордогу көйгөйлөр жаш ЖОЖдорго караганда көбүрөөк болуп аныкталды. Ар бир жогорку окуу жайдын өзгөчөлүктөрүнө жараша экинчилик көйгөйлөр айырмаланса дагы, жалпысынан ЖОЖдордогу болгон көйгөйлөр окшош болуп чыкты. Тандалган алты жогорку окуу жайдын ичиндеги студенттер жана мугалимдер арасындагы сурамжылоо негизги көйгөй катары мугалимдердин профессионалдуулугун аныктады. Ошол эле учурда ЖОЖдордогу материалдык-техникалык база начар болгонун белгилеп кетишти.

Студенттерге тиешелүү регрессия анализи [III:75] аркылуу табылган теңдемеде студенттердин кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизген негизги фактор болуп мугалимдердин профессионалдуулугу аныкталган. Мындан тышкары, маанилүү фактор катары ЖОЖдун материалдык-техникалык базасы аныкталган. Мугалимдерге тиешелүү регрессия анализи [IV:77] аркылуу табылган теңдемеде мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизген негизги фактор болуп мугалимдердин профессионалдык деңгээли аныкталган. Мугалимдердин профессионалдык деңгээлинен башка билимдин сапатына таасирин тийгизген фактор катары окутуучулуктун таасири аныкталган.

Регрессия теңдемелеринен студенттердин жана мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизген факторлор начар абалда болгону аныкталды. Эки тарапка тең таасирин тийгизген фактор катары мугалимдердин профессионалдуулугу болуп аныкталды. Мыкты кадрлардын жетишсиздиги жалаң гана тандалган ЖОЖдордо эмес, Кыргыз Республикасынын бүтүн жогорку окуу жайларына тийиштүү көйгөйлөрдүн бири болууда. Профессионалдар билим берүү системасынын ар бир баскычында, бала бакчаларында берилген билимден баштап аспирантурага чейин, жетишсиз болгону Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагына залакасын тийгизүүдө. Мамлекеттик билим берүү окуу жайларында айлык акысы аз болуп, мугалимдик кесиптин статусу төмөн болууда. Аз айлык акысы коррупцияны жаратууда; ЖОЖго өткөрүү көйгөйү ЖРТ аркылуу дээрлик чечилсе, ЖОЖдордогу сынак учурунда студенттерден пул алынууда. Профессионалдуулугу канааттандырбаган академиялык кадрлар кийинки муундагы мугалимдерди даярдоодо. Мугалимдердин билимин ченеген мамлекеттик сынак жок болууда. Мугалимдер ар кандай курстар жана семинарлар аркылуу квалификациясын жогорулатса да, алардын билиминин баалоо системасы ЖОЖдон ЖОЖго айырмаланып, кээ бир учурларда кагаз үстүндө болгону анык. “Управление в системе образования Кыргызской Республики» аналитикалык серебинде (2017:5-6) Третьякова жб. өлкөнүн билим берүү системасынын өнүгүшү жана билим берүүнүн сапатынын жогорулашы ошол өлкөнүн атаандаштыгына байланыштуу болгондугун белгиледи. Билим берүү системасынын дүйнө жүзүндө болгон тенденцияларга жана инновацияларга жооп бере билген маселелердин калыптанышы өлкөнүн экономикалык, социалдык жана демографиялык абалына тыгыз байланыштуу.

5. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ТАРМАГЫНА ТИЙИШТҮҮ КӨЙГӨЙЛӨРҮ

Мындан тышкары, бүтүрүүчүлөрдүн билиминин сапаты рыноктун талаптарына жооп бербегенин адистер байкоодо. Жумушка алган уюмдар бүтүрүүлөрдү кайрадан үйрөтүүгө дуушар болгонун белгилешти. Престиждүү саналган багыттарда бүтүрүүчүлөрдүн көп болушу жана мамлекет талап кылган багыттарда бүтүрүүчүлөрдүн аз болгону көйгөй жаратууда. Абитуриенттер ЖОЖго кирген учурда ЖРТнин жыйынтыктарынын үстүндө чечим кабыл алынат, бирок ЖОЖду бүтүргөн учурда студенттин билиминин деңгээли текшерилбөөдө; студенттин рыноктун талаптарына жооп берип-бербегенин эч ким ченебөөдө. Мисал катары Борбордук Азиядагы Америка университетин келтирсе болот: ал жогорку окуу жайда сөзсүз түрдө студент бакалавр бөлүмүн аяктагандан кийин англис тили (TOEFL) сынагына кирет. Сынактын жыйынтыктары англис тилинин деңгээлинин жогорулашын ченейт. Бирок ошол эле учурда кесипке тийиштүү көндүмдөр текшерилбөөдө.

Эксперттер Кыргыз Республикасында “өмүр бою” (life-long learning) үйрөнө турган билим берүү системасы жакшы түзүлө элек экендигин айтып кетти. Дүйнөлүк трендке таянсак заманбап адистер ар дайым атаандаштыкка ээ болушу үчүн кошумча билим алууга мүмкүнчүлүгү болушу керек (Третьякова жб., 2017:5-6). Жаңы технологиялардын өнүгүшү менен кээ бир кесиптер жоголууда, жаңы кесиптер пайда болууда. ЖОЖду бүтүргөндөн кийин бүтүрүүчүлөр билимин жогорулатпагандыгы үчүн атаандаштыкка билими жетпөөдө.

Мындан сырткары, билимдин сапатына терс таасирин тийгизген фактор катары билим берүү тармагына бюджеттен жумшалган каражаттардын айкындуулугу болууда. Кыргыз Республикасында жогорку билим берүү тармагына билим берүүгө жумшалган бюджеттен пропорциялуу эң көп каражат жумшалууда. Мамлекеттик бюджеттен келген каражаттар КР Билим жана илим министрлиги жана КР Каржы министрлиги менен каралат. Министерстволор арасында азыркы учурда макулдашуулар начар аткарылып жаткандыгын адистер айтып кетмекчи (Токтогулова жб., 2016:53). Билим берүү тармагынын каржылоосу эффективдүү түрдө аткарылбай, ачык статистикалык маалыматка карапайым калк жеткиликтүү болбогону анык.

Мындан сырткары, диссертациянын негизинде табылган жыйынтык катары, тандалган мамлекеттик ЖОЖдордо студенттер контракт акысы кайсы чыгымдарга кеткени белгисиз болгондугун аныктады. Орточо алганда мамлекеттик ЖОЖдордо контракт акысы 40 миң сомдун тегерегин түздү. Студенттер университеттин материалдык-техникалык базасы жана мугалимдердин профессионалдуулугу менен наразы болуп, төлөнгөн контракт акысы эмнеге жумшалып жатат деп айтууда. Демек, студенттерге ачык-айкын жана жеткиликтүү маалымат берилбөөдө. Балким андай маалымат берилсе, бул көйгөй жокко чыгарылмак.

Окуучулардын эл аралык баалоо программасынын (Programme for International Student Assessment) изилдөө жыйынтыктары окуучулардын жетишүүчүлүгү регионго жараша ар кандай болгонун далилдейт (Всемирный банк, 2014:52). Изилдөө окуучулардын китеп окуганын анализдеген, бирок бул жыйынтык жалпы билим берүү тармагына тиешелүү болгондугу ыктымал. Анкета аркылуу алынган маалымат региондордо мектепти бүткөн окуучулардын ЖРТде алынган упайлары Бишкек шаарында бүткөн окуучуларга салыштырмалуу төмөн болгонун көрсөттү. Ошентип башка аймактардан келген студенттердин саны көбөйүп, Бишкек шаарында кайсы болбосун жогорку окуу жайга каалабаган кесипке тапшырып, келечекте өз кесиби менен иштегиси келбеген студенттердин саны көбөйүүдө. Аймактарда ЖОЖдордо болгон билим берүүнүн сапатына көңүл көбүрөөк бурулса, абитуриенттерге өз жергесинде сапаттуу билим алууга мүмкүнчүлүк түзүлмөк.

Билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясында жогорку окуу жайлар тармагына байланыштуу актуалдуу көйгөйлөрүнөн бири билим берүү системасынын эффективдүү болбогону айтылууда (Стратегия, 2012:40). Ошентип лицензиялоо жана аттестациялоо механизмдери чала иштегени жазылууда. Мындан тышкары, көз карандысыз аккредитациянын ыңгайлуу стандарттары жана критерийлери жок болууда. Жогорку окуу жайларындагы аккредитацияга тиешеси бар адистер жана мугалимдер аккредитация декларативдүү түрдө өткөрүлгөнүнө жана аккредитация учурунда студенттердин билими текшерилбегенине нааразычылык билдирүүдө. Билим берүү системасынын акыркы чынжыры студент болгондуктан, эң негизги критерий катары студенттин билими текшерилиши керек, бирок аккредитацияны өткөргөн комиссия студенттер менен такыр аракеттешпегендиги көйгөй жаратууда.

Мындан тышкары, МАРА тарабынан жасалган жогорку окуу жайлардын рейтинги айкын болгону күмөндүү эмес экени болжолдонууда. МАРАнын рейтингдери боюнча 21 багыттын ичинен Ош мамлекеттик университети 7 багыт боюнча 1-чи орунга, Кыргыз улуттук университети 1 багыт боюнча 1-чи орунга, Ысык-Көл мамлекеттик университети 1 багыт боюнча 1-чи орунга жана Кыргыз-Түрк «Манас» университети 1 багыт боюнча 1-чи орунга ээ болду. Демек, көз карандысыз рейтингдин жыйынтыктары боюнча лидерлик позицияга ээ болгон университет болуп Ош мамлекеттик университети аныкталды. Бирок бул диссертациянын жыйынтыктары МАРАнын жыйынтыктарына дал келбегени анык болду. Диссертациянын жыйынтыктары боюнча салыштырмалуу көйгөйлөр аз болгон жогорку окуу жайлар болуп Борбордук Азиядагы Америка университети жана Кыргыз-Түрк «Манас» университети аныкталган. ОшМУда болсо студенттер тарабынан да, мугалимдер тарабынан да бир нече көйгөй аныкталган. Ошол эле учурда көз карандысыз рейтинг боюнча ОшМУ эң мыкты университет катары аныкталды. Ошол эле учурда, Европа илимий-өнөр жай палатасы тарабынан жасалган изилдөөдө эң мыкты университет катары Кыргыз-Түрк “Манас” университетин аныктады, Борбордук Азиядагы Америка университети болсо 4-чү орунга ээ болду. Европа илимий өнөр-жай палатасы тарабынан жасалган рейтингдин негизинде, бүтүрүүчүлөрдүн муктаждыгы жана ишке алгандардын мүнөздөмөлөрү болууда; рейтинг, билим берүү системасынын акыркы чынжыры болгон студенттерге басым жасоодо. Мындан сырткары, Улуу Британиялык компаниясынын өнүгүп келе жаткан Европа жана Борбордук

Азиядагы өткөрүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде курулган QS EECA University Rankings 2020 рейтингдери боюнча (https://www.topuniversities.com/university-rankings/eeca-rankings/2020) Борбордук Азиядагы Америка университети 163-орунга ээ болуп, Кыргыз-Түрк “Манас” университети 190-орунга ээ болууда. Жогорку рейтингдин тизмесинде Ош мамлекеттик университети кездешпөөдө. Ошентип эки көз карандысыз рейтингдеринин жыйынтыктары МАРАнын жыйынтыктарынан айырмаланууда. МАРА менен европалык рейтингдеринин айырмачылыктары чыгууда. Көйгөй Мамлекеттик аккредитация жана рейтинг агентствосу колдонулган критерийлер эскирип, өнүккөн өлкөлөрдө колдонулбай калгандыгында болушу мүмкүн же болбосо саясий агымдарга тиешелүү болушу ыктымал.

Кыргыз Республикасында көз карандысыз рейтинг агентствосу жок болууда. Бул көйгөй жалаң билим берүү тармагына тиешелүү болбостон, башка тармактарга да тиешелүү. Жалпысынан алганда, жергиликтүү уюмдардын айкын, эл аралык стандарттарга жооп берген, рейтинги жок. Чет өлкөлүк донорлор жана инвесторлор ынанган рейтинг болгон күнү инвестицияларды тартып келүүгө оңоюраак болмок.

Мындан сырткары, билим берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн Кыргыз Республикасында билим берүү тармагындагы билим деңгээли жогору эксперттик группалардын жана илимий уюмдардын түзүлүшү пайдалуу болмок. Эксперттик группалар жана илимий уюмдар КР Билим жана илим министрлиги менен чогуу иштешип 10-15 жыл алдыга прогноз куруп, келечекте актуалдуу боло турган кесиптерди иштеп чыгышы рынок талап кылган адистерди даярдоого жардамын тийгизмек. Кыргыз Республикасында бул функцияны Стратегиялык изилдөөлөр институту аткарууда. Институт билим берүү тармагынын мониторингин кылып, тармакка тиешелүү саамалыктарды, тренддерди жана динамикаларды көзөмөлдөө функциясын аткарып, эксперттик уюм катары билим берүү тармагына көзөмөл болуусу талап кылынууда.

6. ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗИНДЕ ЖАСАЛГАН ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА СУНУШТАР

Бул диссертациянын негизги максаты Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайларынын сапаттын аныктоо жана аныкталган сапатты башкаруу болчу. Жалпы билим берүү тармагынын жана тандалган ЖОЖдордун ичинде жасалган изилдөөлөрдүн статистикалык анализи төмөнкүдөй жыйынтыктарга алып келди:

1. Абитуриенттердин ЖОЖдорду тандоодо таасирин тийгизген факторлордон жалаң мектепти бүтүргөн аймак таасирин тийгизээри аныкталды.

2. Студенттердин жеке өбөлгөлөрүнүн кабыл алынган билимдин сапатына тийгизген таасири каралса, кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизген жеке өбөлгөлөрү катары мектепти бүтүргөн аймакты жана окуган ЖОЖду ажыратса болот.

3. ЖОЖдордогу кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизген факторлор катары ЖОЖдордогу материалдык-техникалык базаны, ЖОЖдордогу колдоо менен канааттанууну, группалардын арасындагы мамилелерди жана мугалимдердин профессионалдуулугун эсептөөгө мүмкүн.

4. Мугалимдердин демографиялык өбөлгөлөрү алардын кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизбээри аныкталды. Ошондуктан, мугалимдердин жынысы жана жашы, иштеген жогорку окуу жайы жана ошол жердеги тажрыйбасы, иштеген бөлүмү жана илимий даражасы билимдин сапатына таасирин тийгизген факторлордун арасына кирбегени аныкталды.

5. ЖОЖдордогу мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизген факторлор катары ЖОЖдун материалдык-техникалык базасы, ЖОЖдордогу мугалимдердин коллегаларынын кесипкөйлүгү менен канааттануу жана ЖОЖдордогу группалар арасындагы (мугалим-студент жана мугалим-администрация мамилелеринен башка) мамилелер аныкталды.

Жогорку жыйынтыктардан тышкары, студенттер менен мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизген факторлор анализденди. Ошентип, студенттердин кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизген факторлордун анализи, студенттердин көз карашы менен, эң негизги жана маанилүү фактор катары мугалимдердин профессионалдуулугун аныктады. Андан тышкары, студенттер менен администрация арасындагы мамилелер жана ЖОЖдун материалдык-техникалык базасы маанилүү фактор катары аныкталды.

Мындан сырткары, ЖОЖдордогу мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапатына эң көп таасирин тийгизген фактор болуп мугалимдердин профессионалдык деңгээли аныкталды. Мындан тышкары, маанилүү факторлор катары тандалган кесип, бөлүмдүн популярдуулугу жана мугалимдер менен административдик персонал арасындагы мамиле болуп аныкталды.

Статистикалык анализден тышкары, ЖОЖдордун кейстеринин анализи мамлекеттик ЖОЖдордо мугалимдердин профессионалдуулугу жана мамлекеттик ЖОЖдордо материалдык-техникалык базасы начар болгондугун аныктады.

Мындан тышкары, бул диссертациянын негизинде жасалган изилдөө Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагына тиешелүү бир нече көйгөйлөрдү аныктаганга себеп болду. Ошентип бүтүрүүчүлөрдүн билиминин сапаты рыноктун талаптарына жооп бербегендиги жана окуучулардын жетишүүчүлүгү регионго жараша ар кандай болгондугу аныкталды.

Мындан сырткары, билим берүү системасында англис тилинде сабак өтүү мүмкүнчүлүгү дээрлик жок болуп, англис тилинде үйрөнүүгө шарттар түзүлбөгөнү анык болууда.

Мындан тышкары, билимдин сапатына терс таасирин тийгизген фактор катары билим берүү тармагына бюджеттен жумшалган каражаттардын айкындуулугу, тандалган мамлекеттик ЖОЖдордо студенттер контракт акысы кайсы чыгымдарга кеткени белгисиз болгондугу аныкталды.

Дагы бир көйгөй катары билим берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагындагы билим деңгээли жогору эксперттик группалар жана илимий уюмдардын дээрлик жок болушу көйгөй жаратууда.

Андан сырткары лицензиялоо жана аттестациялоо механизмдери чала иштегени жана көз карандысыз аккредитациянын ыңгайлуу стандарттары жана критерийлери жок болгону аныкталды.

Дагы бир жыйынтык катары МАРА тарабынан жасалган жогорку окуу жайлардын рейтинги айкын болгону күмөндүү эмес экени болжолдонууда. Ал эми Кыргыз Республикасында көз карандысыз рейтинг агентствосу жок болууда.

Изилдөө аркылуу табылган жыйынтыктар жана көйгөйлөр төмөнкүдөй сунуштарга алып келүүдө.

Жогорку билим берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн билимдин сапатына таасирин тийгизген эң маанилүү факторду, мугалимдердин профессионалдуулугун жогорулатуу жогорку билим берүүнүн сапатынын өсүүсүнө алып келиши ыктымал. Мугалимдердин профессионалдуулугун көбөйтүү үчүн мугалимдик кесиптин статусун жогорулатып, мугалимдик кесипти престиждүү кылуу аркылуу ишке ашырылышы мүмкүн. Мугалимдер жогорку билимдин системасына кирүү үчүн аттестациядан өткөнү пайдалуу болмок. Мындай практика Бириккен Араб Эмираттарында (https://www.government.ae/en/information-and-services/education/school-education-k-12/joining-k-12-education/qualifications-to-be-a-teacher), Канада (https://www.oct.ca/becoming-a-teacher/requirements), АКШ (https://www.alleducationschools.com/teacher-certification/) окшош өнүккөн өлкөлөрдө кезигет. Ал өлкөлөрдө ЖОЖдордо сабак берүү үчүн магистратура менен докторантура дипломдорунан тышкары кошумча билим тууралуу сертификаттар болушу керек. Мисалы үчүн Туркияда мугалим болгонго чейин адистер ЖОЖдордо иштеген мугалимге ассистент болуп бекитилип, жарым жылдай мугалимдин сабак өткөнүн көрүп, тажрыйба топтойт. Тажрыйба топтогондон кийин гана мугалим болгонго мүмкүнчүлүгү пайда болот. Канчалык жогорку билим берүү тармагына кирүү мугалимдер үчүн татаал болсо, ошончолук мугалим болуу престиждүү болоор эле. Ал өз учурунда айлыктын жогорулатышына алып келиши ыктымал.

Мугалимдер жогорку билим берүү системасына кирип, сабак өтө баштагандан кийин, сапатты башкарууга милдеттүү органдар тарабынан сапатты жогорулатуу үчүн ар кандай иш-чаралардын өткөрүлүшү пайда алып келээри ыктымал. Мисалы үчүн, Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде Академиялык жетишкендикти баалоо жана шыктандыруу системасы иштөөдө. Жогорку система мугалимдердин макала, китеп, патент жана башка жетишкендиктеринин өркүндөтүүсүнө жана жогорулатуусуна алып келүү максатында жана университеттин престиждүү болуусуна алып келүү максатында курулган. Демек мугалимдер ар дайым жетишкендиктерин өркүндөтүүгө керек болууда. Бирок жогорку система мугалимдиктин философиясын жоготууга жана мугалимдин “машина” окшош болушуна алып келиши мүмкүн.

Мындан тышкары, сунуш катары, жогорку окуу жайлар студенттердин арасынан таланттуу кадрларды ажыратып, мугалимдикке даярдаса дурус болмок. Мындай практика Советтер Союзу учурунда көп колдонулуп, билим берүүдө күчтүү адистердин жана мугалимдердин кызмат кылуусуна себеп болгон.

Профессионалдуу академиялык кадрлардан тышкары, жогорку билим берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн ЖОЖдордогу материалдык-техникалык базасы күчтүү жана заманбап болушу керек. Сунуш катары мамлекеттик жогорку окуу жайлардын өзүн-өзү каржылоого которулушу материалдык-техникалык базасынын калыбына келтирүүсүнө алып келиши ыктымал. Эл аралык ЖОЖдун каржылоосу тууралуу изилдөө, Европада жогорку билим берүү системасында толугу менен мамлекеттик, жеке жана каржылоосу мамлекет менен жеке булактардан жасалган системалар бар экендигин аныктады (Бумагина, 2010: 161-167). Изилдөө ар бир мамлекетти өзүнчө кароого керек болгондугун аныктады. Мисалы, Англияда ЖОЖдор мамлекет тарабынан жана жеке булактардан каржылануула, Германия менен Испанияда жогорку билим дээрлик мамлекеттик болууда, ал эми АКШда университеттер көбүнчө жеке болуп, өзүн-өзүн каржылоодо. Кыргыз Республикасында жогорку билим системасы мамлекет жана жеке булактардан жасалып келет. Билим берүүнү өнүктүрүү Стратегиясында (2012:11) республикадагы өзүн-өзүн каржылаган ЖОЖдордун санын көбөйтүү тууралуу айтылып келет. 2014-2015-жылдарга Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын тарамын оптималдаштыруу Концепциясын бекитүү жөнүндө Токтомунда (2014-жылдын 2-майы № 277) республикадагы кээ бир ЖОЖдордун өзүн-өзүн каржылоо системасына которуу тууралуу жазылган.

Кыргыз Республикасынын каржылоо системасы аралаш типтеги система болуп, ЖОЖдор мамлекет тарабынан жана жек булактардан дагы каржыланууда, бирок республикалык багыт өзүн-өзү каржылаган ЖОЖдордун санын көбөйтүүдө болууда. Ошол эле учурда өзүн-өзү каржылоого мамлекеттик маанидеги ЖОЖдорду өткөрүүгө болбогондугун адистер айтууда, анткени ЖОЖдор өзүн-өзү каржылаганда акысыз бюджеттик орундар жоголот. Мисалы, Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде билим алуу толугу менен акысыз. Жогорку университетти өзүн-өзү каржылоого азыркы учурда мүмкүн эмес, анткени акы төлөнгөн факультеттер жок.

Бирок илимий иштин негизинде Кыргыз Республикасында өзүн-өзү каржылоону өнүктүрүү маанилүү болушу мүмкүн. Мисалы, Кыргыз Экономикалык университети 2012-жылы өзүн-өзү каржылоого өткөрүлгөн. Жогорку окуу жайдын мугалимдери менен маектешүүдөн акыркы жылдары университет салыштырмалуу жакшы өнүгүп кеткени байкалууда. Ошондуктан өзүн-өзү каржылоо системасы мамлекеттик мааниге ээ болбогон ЖОЖго ылайык келиши мүмкүн. ЖОЖдордогу өзүн-өзү каржылоо хоз.расчёттун негизинде болушу ыктымал. Мисалы, Кыргыз Республикасынын бир ЖОЖунда төрт миңден көп студент окуйт. Контракттык орундун акысы 40 миң сомду түзөт. Жыл сайын 160 млн. сом пайда болот. Мындан сырткары, ЖОЖ негизги каражаттарды арендага берип пайда көрсө болот: мисалы үчүн, конференция залын кыска мөөнөткө арендага берсе болот, ар кандай уюмдарга бөлмөлөрдү берсе болот. Мындан тышкары, ЖОЖдор материалдык эмес активдерден пайда көрсө болот: мисалы, интеллектуалдык менчик укуктарынан. Анын үстүнө Жогорку окуу жай салым ишкердиктен алынган кирешени пайдаланышы мүмкүн. ЖОЖ амортизациялык фондду жана резервдерди банкка депозит катары салып, пайда көрмөк. Ошол эле учурда, узак мөөнөткө каражаттарды тартып келүү максатында облигацияларды чыгаруу мүмкүн. Аларды финансылык компаниялар аркылуу таратууга мүмкүн болмок. Мындан сырткары, өзүн-өзү каржылоо системасында гранттарды тартуу пайда көрсөтмөк. Мамлекеттик университеттер өзүн-өзү каржылоого акырындан өтсө, университет өзүнүн каражаттарын колдонгонго ээ болмок. Ошол каражаттардын ичинен атайын реконструкция, ремонт, техниканы жаңыртуу деген муктаждыктарга жана эң негизгиси мугалимдердин айлык акысын көбөйтүү үчүн фонддордун түзүлүшү жогорку көйгөйлөрдү чечүүгө жардам көрсөтүшү ыктымал. Каражаттарды башкаруунун айкын болушу ЖОЖдордогу автоматизациянын өнүгүшү менен, адамдык факторлордун азайтылышы менен жетилиши мүмкүн.

Студенттердин билиминин деңгээлин жогорулатуу үчүн жана текшерүү үчүн ЖОЖду бүтүргөн жылы жалпы сынак өткөрүү пайда көрсөтмөк. Мектептеги билимди өлчөө үчүн Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыктарын эсептөөгө мүмкүн. ЖРТнин жыйынтыктары биринчи жыл окуган студенттердин билимин аныктаганда мүмкүнчүлүк берет. Ал эми ЖОЖду аяктаганда жалпы алынган билиминин сапаты ченелбейт. Ошондуктан, республика боюнча бүтүрүүчүлөр үчүн өзүнүн сынактын уюштурулушу студенттердин атаандаштыгына жардам көрсөтмөк. Жогорку сынак жогорку окуу жай тарабынан эмес, көз карандысыз агентствосу тарабынан уюштурулуп, бүтүрүүчүлөрдүн жалпы билимин жана кошумча өзүнүн багытындагы билимин текшерүүгө мүмкүнчүлүк жаратаары ыктымал. Жалпы сынактын жыйынтыктары жумуш берүүчүлөргө бүтүрүүчүнүн жеке рейтинги катары болмок. Анын үстүнө сынактын жыйынтыктары ЖОЖду жаңы бүткөн, тажрыйбасы жок, бүтүрүүчүлөргө жумушка орношконго жардам көрсөтмөк. Мындай практика Индияда өткөрүлүүдө (https://bihog.com/job-exams-after-graduation-competitive-exams-after-graduation-for-jobs/). Индияда бүтүрүүчү жогорку окууну аяктагандан кийин өзүнүн багытындагы мамлекеттик сынагына кирет. Кыргыз Республикасында да бүтүрүүчүлөр билим берүүдө мамлекеттик стандарттар (ГОС) аткарылганы тууралуу сынакка кирет, бирок сынактын жыйынтыктары көп учурда объективдүү түрдө бүтүрүүчүлөрдүн билимин өлчөбөөдө. Ошол эле заманда, ар бир жогорку окуу жайында англис тили күчтү түрдө үйрөтүлүшүнүн керектүү болгону анык. Англис тили 21-кылымдын тили болуп саналат, ошондуктан Кыргыз Республикасынын студенттери англисче эркин сүйлөп, маалыматтарды англис тилинде алууга мүмкүнчүлүгү болсо, кыргыз студенттерин дүйнө жүзүндөгү студенттерге атаандаш кылмак.

Ал эми кыргыз рыногу талап кылган адистерди чоңойтуу үчүн, ЖОЖдордо керектүү бөлүмдөрдүн ачылышы пайда көрсөтмөк. Азыркы учурда кыргыз жогорку билим берүү тармагы окшош эле багытта адистерди даярдоодо, ошондуктан кээ бир багыттарда конкуренция жогору болуп, кээ бир багыттарда адистердин жетишсиздиги көйгөй жаратууда. Технологиялар өнүккөн сайын, кээ бир кесиптер жоголууда жана көптөгөн кесиптер пайда болууда. Ошондуктан ар бир ЖОЖдун ичинде кошумча билим берүү борборлордун ачылышы, квалификацияны жогорулатуу үчүн же башка квалификациядагы адис болууга мүмкүнчүлүк түзүп берүү үчүн пайда көрсөтмөк. Өмүр-бою үйрөнүү дүйнө жүзү боюнча кеңири колдонулууда. Мындан сырткары, ЖОЖдун ичинде англис тилинде сабак өтүү шарттары түзүлүп, студенттер жана мугалимдер сабактан тышкары ар кандай англис тилиндеги дебаттарга жана иш-чараларга катышууга мүмкүнчүлүк түзүлсө, Кыргыз Республикасынын студенттерине жана мугалимдерине эл аралык профессионалдардын арасына кирүүгө шарт түзүлмөк.

Мындан тышкары, жогорку билим берүү тармагын өнүктүрүү үчүн региондордогу жогорку окуу жайлардын өнүктүрүүсү жок татаал болууда. Демек билим берүү тармагына жумшалган каражаттар эң эле тыкан жана абийирдүү каралышы, региондордогу ЖОЖдун өнүгүүсүнө алып келип, абитуриенттердин өз аймактарында калуусуна себеп болушу ыктымал. Мындан тышкары, Бишкек шаарында билим алууга шарттары жок болгон жергиликтүү элдин балдары жогорку билим алууга мүмкүнчүлүгүнүн көбөйүшүнө алып келиши мүмкүн. Ал өз учурунда бир нече социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө да себеп болушу ыктымал. Региондордогу жогорку билимдин Бишкек шаарындагы билимдин деңгээлине тең болгон учурда, Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагынын ынанымдуулугунун жогорулашына алып келиши мүмкүн.

Кыргыз Республикасында лицензиялоо жана аттестациялоо процесстери айкын болбогону көйгөй жаратууда. Анын үстүнө көз карандысыз аккредитация декларативдүү түрдө өткөрүлүүдө. Мисалы үчүн ЖОЖдун бөлүмдөрү аккредитацияны өткөн учурда, аккредитация борборлору өзүнүн стандарттарынын негизинде чечим кабыл алууда. Ошол эле учурда аккредитациянын стандарттары Европа стандарттарына окшоштурулуп жасалса да, Кыргыз Республикасындагы жогорку билим берүүнү ченөөгө жакшы ылайыкташтырылбай, декларативдүү түрүндө өткөрүлөт. Жогорку билимдин сапатын аныктоочу көрсөтмө – бул студент. Студенттин билими биринчи маанидеги ээ болушу керек. Бирок аккредитация борборлору студенттин билимин сынак аркылуу ченебөөдө, студенттер менен маектешпөөдө. Өнүккөн мамлекеттерде жогорку билимдин сапатын жогорулатуу үчүн дайыма студенттердин өкүлдөрү чечим кабыл алууга тартылууда. Ошондуктан, КР Билим жана илим министрлиги көз карандысыз аккредитация борборлоруна болгон талаптарды калыбына келтирип катуулатышы керек болууда. Аккредитация өткөрүлдүгү учурда студенттердин өкүлдөрү аккредитациялоо процессине катылышы өз пайдаларын алып келмек.

Акыркы сунуш катары Кыргыз Республикасында көз карандысыз рейтинг агентствосунун түзүлүшү жогорку билим берүү системасынын өнүгүүсүнө пайда көрсөтмөк. Рейтинг агентстволор жалаң билим берүү тармагында эмес, ар бир тармакта түзүлүүсү керектик жаратууда. Азыркы МАРАнын рейтинги шек чыгарууда. Бул диссертациянын жыйынтыктарына МАРАнын жыйынтыктарына такыр дал келбей ал шекти ырастоодо. Ал эми Улуу Британиялык компаниясынын өнүгүп келе жаткан Европа жана Борбордук Азиядагы өткөрүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде курулган QS EECA University Rankings 2020 рейтингдери боюнча (https://www.topuniversities.com/university-rankings/eeca-rankings/2020) БААУ 163-орунга ээ болуп, КТМУ 190-орунга ээ болууда. Жогорку рейтингдин жыйынтыктары МАРАнын жыйынтыктарынан айырмаланууда.

Бүгүнкү күнгө чейин Кыргыз Республикасында билим берүү тармагы мамлекет тарабынан жана донорлор тарабынан каржыланган изилдөөлөр аркылуу каралып келген. Жогорку булактар жалпы республиканын билим берүү тармагынын мүнөздөмөлөрүн жана статистикалык маалыматтарын камтыган. Ал эми ЖОЖдор, ЖОЖдордогу билимдин сапаты өзүнчө каралган эмес. Мындан тышкары, студенттердин жана мугалимдердин кабыл алынган билиминин сапаты каралган эмес. Ошондуктан, диссертациянын анализинин негизинде табылган жыйынтыктар жогорку билим берүү тармагына жаңылык болуп, ЖОЖдордогу билим берүүнүн сапатына таасирин тийгизген факторлорду аныктаганда салым кошту. Келечекте бул илимий изилдөөнүн уландысы катары топтолгон маалыматтары башка сапатты башкарууда колдонулган моделдер аркылуу анализдөө пландалууда. Мындан сырткары акыркы учурда ургалдуу өнүгүп келе жаткан так эмес берилгендерди анализдөө үчүн колдонулган Так эмес көптүктөр (Fuzzy sets) теориясы аркылуу анализ жасоо пландалууда.

КОРУТУНДУ

Бул илимий эмгектин негизги максаты Кыргыз Республикасындагы ЖОЖдун ичинде болгон билим берүүнүн сапатын статистикалык ыкмалардын негизинде аныктоо жана башкаруу болчу. Ошондуктан жогорку билим берүүнүн сапатын аныктоо үчүн ЖОЖдордогу студенттер үчүн жана ЖОЖдордогу мугалимдер үчүн гипотезалар түзүлгөн ([I]:43, [II]:45).

Анализ сандык жана сапаттык методдору аркылуу жасалды. Сандык анализ Кросстабуляция, Т-тести, ANOVA тести, Апостериордук тести, Корреляция жана Регрессия ыкмаларын камтыды. Мындан тышкары тандалган жогорку окуу жайларындагы көйгөйлөр салыштыруу методу менен анализденди.

Бул илимий иштин чектөөлөрүнүн катарына тандалган ЖОЖдордун ичинде сурамжылоо өткөрүлдүгү учурда администрациянын буйругу менен мугалимдердин көйгөйлөр тууралуу айтуусуна чек коюлушу чектөөлөрдүн арасында кирди.

Мындан тышкары, ЖОЖдордогу билимдин сапатына тийгизген факторлордун баарын камтыганга мүмкүн эмес болгону дагы бир чектөө болду. Бул чектөө баарынан мурун сапатты өлчөгөнгө белгиленген бир критерий жок болгондугу үчүн жана ар бир адамдын сапат тууралуу ой-пикири уникалдуу болгондугу үчүн чыкты. Бирок, анализ жасалганда ЖОЖдордогу билимдин сапатына таасирин тийгизген факторлор катары дүйнө жүзүндө анализденген факторлор кирди.

Мамлекет форматындагы чектөөлөргө жогорку билим берүүнүн сапаты тууралуу маалымат аз болгондугу, жабык болгондугу жана маалыматтардын эскиргендиги кирди.

Студенттерге тийиштүү маалыматтардын анализи абитуриенттердин ЖОЖду тандоодо таасирин тийгизген факторлордон жалаң мектепти бүтүргөн аймак таасирин тийгизээрин; студенттердин кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизген жеке өбөлгөлөрү катары мектепти бүтүргөн аймак жана окуган ЖОЖ таасирин тийгизээрин; ЖОЖдордогу кабыл алынган билимдин сапатына ЖОЖдордогу материалдык-техникалык база, ЖОЖдордогу колдоо менен канааттануу, группалардын арасындагы мамилелер жана мугалимдердин профессионалдуулугу таасирин тийгизээрин аныктады.

Ошол эле учурда, ЖОЖдордогу мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизген факторлор катары ЖОЖдун материалдык-техникалык базасы, ЖОЖдордогу мугалимдердин коллегаларынын кесипкөйлүгү менен канааттануу жана ЖОЖдордогу группалар арасындагы (студент-мугалим мамилесинен башка) мамилелер аныкталды.

Регрессия аркылуу жасалган анализ студенттердин кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизген эң негизги жана маанилүү фактор катары мугалимдердин профессионалдуулугун аныктады. Студенттердин кабыл алынган билимдин сапатына таасирин тийгизген факторлор катары студенттер менен администрация арасындагы мамилелер жана ЖОЖдун материалдык-техникалык базасы болуп аныкталды.

Мугалимдер үчүн жасалган регрессия анализи ЖОЖдордогу мугалимдердин кабыл алынган билимдин сапатына эң көп таасирин тийгизген фактор катары мугалимдердин профессионалдык деңгээли аныктады. Мындан тышкары, маанилүү факторлор катары тандалган кесип, бөлүмдүн популярдуулугу жана мугалимдер менен административдик персонал арасындагы мамиле болуп аныкталды.

Сапаттык анализ мамлекеттик ЖОЖдордо мугалимдердин профессионалдуулугу жана материалдык-техникалык базасы начар болгондугун аныктады.

Диссертациянын негизинде жасалган изилдөө бүтүрүүчүлөрдүн билиминин сапаты рыноктун талаптарына жооп бербегендигин жана окуучулардын жетишүүчүлүгү регионго жараша ар кандай болгондугун; билим берүү тармагына бюджеттен жумшалган каражаттардын айкындуулугун жана тандалган мамлекеттик ЖОЖдордогу студенттердин контракт акысынын айкындуулугун; КР билим берүү тармагындагы билим деңгээли жогору эксперттик группалар жана илимий уюмдардын дээрлик жок болгонун; лицензиялоо жана аттестациялоо механизмдери чала иштегенин жана көз карандысыз аккредитациянын ыңгайлуу стандарттары жана критерийлери жок болгонун; жана МАРА тарабынан жасалган жогорку окуу жайлардын рейтинги айкын болгону күмөндүү эмес экенин белгиледи.

Диссертациянын негизинде жасалган анализ жогорку билим берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн төмөнкүдөй кадамдарды жасоо пайдалуу болушу мүмкүн болгондугун аныктады.

Мугалимдердин профессионалдуулугун көбөйтүү үчүн мугалимдик кесиптин статусун жогорулатып, мугалимдик кесипти престиждүү кылуу билим берүү тармагына пайда алып келээри ыктымал. Мугалимдер жогорку билимдин системасына кирүү үчүн аттестациядан өткөнү пайдалуу болмок. Ошондой эле ЖОЖдун администрациясы студенттердин арасынан таланттуу кадрларды ажыратып, мугалимдикке даярдашы билим берүүнүн сапатынын жогорулашына жардамын тийгизмек.

ЖОЖдордогу материалдык-техникалык базаны күчтүү жана заманбап кылуу үчүн жана мугалимдердин айлык акысы тууралуу көйгөйлөрдү чечүү максаты менен мамлекеттик жогорку окуу жайлардын өзүн-өзү каржылоого которулушу пайда тийгизээри ыктымал. ЖОЖдун каражаттары контракт акысы, штраф, интеллектуалдык менчик укуктары, аренда жана суб-аренда, грант, облигация жана депозит аркылуу келиши мүмкүн. Мындан сырткары, материалдык-техникалык базаны жаңыртуу үчүн амортизациялык фонддун түзүлүшү материалдык-техникалык база тууралуу көйгөйдү чечкенге пайда көрсөтмөк.

Мындан тышкары студенттердин билиминин деңгээлин жогорулатуу үчүн жана текшерүү үчүн ЖОЖду бүтүргөн жылы көз карандысыз агентствосу тарабынан жалпы жана студенттин өз багытындагы сынакты өткөрүү бүтүрүүчүлөрдүн билиминин деңгээлин аныктоого мүмкүнчүлүк бермек. Ал эми ар бир жогорку окуу жайында англис тилинин күчтүү түрдө үйрөтүлүшү студенттердин дүйнөлүк маалыматка жеткиликтүү болушуна мүмкүнчүлүк жаратаар эле.

Ал эми кыргыз рыногу талап кылган адистерди чоңойтуу үчүн, ЖОЖдордо керектүү бөлүмдөрдүн ачылышы жана ЖОЖдун ичинде кошумча билим берүү борборлорунун ачылышы ошол талапты азайтууга себепкер болушу ыктымал.

Андан сырткары, региондордогу жогорку окуу жайларды өнүгүүсү Кыргыз Республикасындагы жалпы жогорку билим берүү тармагынын өнүгүүсүнө алып келиши мүмкүн.

КР Билим жана илим министрлиги көз карандысыз аккредитация борборлоруна болгон талаптарды калыбына келтирүү жана аккредитация өткөрүлдүгү учурда студенттердин өкүлдөрү аккредитациялоо процессине катышууга мүмкүнчүлүк куруу жана Кыргыз Республикасында көз карандысыз рейтинг агентствосунун түзүлүшү жогорку билим берүүнүн өнүгүүсүнө пайдалуу болмок.

Келечекте бул илимий изилдөөнүн уландысы катары топтолгон маалыматтары теоретикалык бөлүмүндө каралып чыккан моделдерге келтирүү пландалууда. Билимдин сапаты жана сапатты кабыл алуу ар бир адамдын психологиясына байланыштуу болгондугу үчүн, акыркы учурда өнүгүп келе жаткан жана так эмес берилгендерди анализдөө үчүн колдонулган, чогултулган маалыматтарды Так эмес көптүктөр (Fuzzy sets) теориясы аркылуу анализдегенге аракет жасалат.

TEZİN TÜRKÇE ÖZETİ

EĞİTİMDE KALİTE YÖNETİMİ: KIRGIZİSTAN YÜKSEK ÖĞRETİM KURUMLARININ ÖRNEĞİ

Tez araştırmasının konusu. Tezin konusu olarak Eğitimde Kalite Yönetimi: Kırgızistan Yüksek Öğretim Kurumlarını Örneği olarak belirlenmiştir.

Tez konusunun önemi. Şu anda, dünya genelinde gelişmekte olan ülkelerde eğitimde kalite yönetimi popüler olmaya eğilimi var. Teknolojik ilerleme ve gün geçtikçe artan yenilikler insan kaynaklarını öne çıkarıp uzmanlar ve yöneticiler eğitimin kalitesine daha fazla önem vermeye başlıyorlar. Zamanın geçişi ile insanların yüksek öğretimin ne kadar önemli olduğunu farkına varınca yüksek öğretim için talep günden güne artmaktadır (Aydın, 2015:1). Yüksek öğretime olan ihtiyacı karşılamak amacıyla dünya genelinde birçok yeni yüksek öğrenim kurumları açılmaktadır.

Şu anda, yüksek öğretim sisteminde ‘yetenekli’ yaklaşımı daha çok kullanılmaya başladı. Bunun nedeni olarak eğitime yönelik genel bir yaklaşımın değişmesi, mezunların sadece bilgi sahibi olmaları değil, aldıkları bilgileri gerektiğinde kullanabilme imkanı önemli olarak tespit edilmektedir (Мединцева, 2012:215). Aynı zamanda, eğitim sektöründe yeni paradigmalar oluşmaktadır. Uzmanlar yaşam boyu öğrenme ve yeni iletişim yöntemleri kullanarak eğitim almaya geçerek, uzmanların bağımsız ve esnek olmaları gerekmektedir (Мединцева vb. 2016:2-3).

Bu nedenle, Kırgız Cumhuriyeti'nde yüksek öğrenim sektörüne ilişkin uygun yeni paradigmaları tanımlama zarureti, yüksek öğretim kurumlarının kalite yönetimi ile bağlantılı bilimsel araştırmaların hemen hemen hiç olmaması ve eğitim Kırgızistan’da sadece pedagojik yönden bakıldığı için bu bilimsel çalışmayı güncel kılmaktadır.

Kırgız Cumhuriyeti’nin yüksek eğitim müesseselerindeki eğitim kalitesi yönetiminde ilk adımlar yeni atılmaktadır. Buna bağlı olarak bu ilmî çalışmanın ana hedefi, Kırgızistan’daki yüksek eğitim kurumları arasında eğitim kalitesini net istatistiksel yöntemlere dayanarak tespit etmek ve yönetmektir.

Tez konusunun araştırma seviyesi. Uzmanlar 21. yüzyılın sonuna kadar eğitim sisteminin imalat sektörü haline geleceğini bildiriyorlar. Eğitim sektörü yatırım olarak kabul edilecek ve bu da kendi zamanında dünyanın birçok ülkesinde eğitimin devlet siyasetindeki hakimiyetine yol açacaktır (Rezeanu, 2011:3). Tüm dünyada, ülke ekonomisinin eğitim kalitesinden etkilendiği anlayışı doğacak. Bugünlerde, küreselleşme çağında sınırlar silinmeye başladığında eğitim kalitesine olan talepler de değişmeye başladı: Yüksek öğretim kurumları başka ülkelerdeki üniversiteler ile yakın temas kurmaları gerek olduğu, uzmanlar coğrafi konumuna bakmadan yüksek eğitime sahip olmaları, kendi alanlarında tam olarak bilirkişi olmaları gerektiğinin zamanı gelmiştir.

“Uzun bir süre kalite maddi olmayan bir kavram olarak sayılırdı, fakat şimdiki zamanda kaliteyi “ölçmek”, "izlemek" ve "yönetmek" mümkün olduğu ispat edildi (Massy, 1997:4). Böylece, yukarıdaki yazara atıfta bulunursak aynı ilkeleri eğitimin kalitesini ölçmek için de kullanmak mümkündür.

“21. Yüzyıl Dünya Yüksek Eğitim Bildirgesi” yüksek öğretim kalitesini, öğretim ve akademik programları, araştırma ve bursları içeren, personel, malzeme ve teknik altyapı ile sağlanan çok boyutlu bir kavram olarak tanımlar (Дейчман vb. 2016:58).

Rjevskaya’nın araştırmasında “kalite kontrolü dört eylemin sonucunda belirlenir: kaliteyi sağlama, standardizasyon, metroloji ve uygunluğu değerlendirme (Ржевская, 2009:23).

Kalite kavramı, sadece eğitim alanında çalışanlarla değil, bu sektörde alakası olmayan insanlarla da bağlantılı olarak kullanılır. "Kalite" çoğu zaman tartışmalı bir kavram olarak anlaşılır; eğitimle farklı yönlerden ilişiği olan birden fazla anlam oluşturur.

Kırgız Cumhuriyeti'nde eğitim kalitesini iyileştirmek için "Kırgız Cumhuriyeti’nde eğitim sisteminin gelişiminin stratejik yönleri üzerinde" K.C. Hükümeti’nin, 23 Mart 2012 tarihli ve 201 sayılı kararındaki 2012-2020 yılları eğitim geliştirme Konsepti, Stratejisi ve Eylem Planı kabul edildi. Hükümetin kararına uygun olarak Stratejinin uygulanması Kırgız Cumhuriyeti Çalışma, Göç ve Gençlik Bakanlığı tarafından kontrol edilmektedir ("Kırgız Cumhuriyeti’nde eğitim sisteminin gelişiminin stratejik yönleri üzerinde" K.C. Hükümeti’nin, 23 Mart 2012 tarihli ve 201 sayılı kararı).

Bunun dışında, K.C. eğitim sistemi Avrupa Birliği tarafından “K.C. eğitim alanındaki reformlara ivme kazandırma ve izleme” projesi analitik vizyon ve değerlendirmeleri (2016), K.C. Stratejik Araştırmalar Devlet Enstitüsü tarafından yayınlanan raporlar (2013), K.C. Devlet İstatistik Komitesi’nin eğitim alanındaki raporlar (2014) ve Dünya Bankası tarafından finanse edilen raporları (2014) içerir.

Yukarıda belirtilen kaynaklarda genel olarak, okul öncesi eğitimden yüksek öğretime kadarki bilgiler incelendi. Yüksek eğitim sektörü hakkında ve üniversitelerdeki eğitim yönetimi hakkında araştırmalar bulunamadı.

Kırgız Cumhuriyeti’nde eğitim alanı ile ilgili genel bilgiler. Günümüzde, Kırgızistan’ın GSYH 2018 yılında 557,11 milyar Som’u (8,08 milyar ABD Doları) oluşturdu. GSYH’dan 30,85 milyar Som eğitim alanına yönlendirildi (http://www.stat.kg/ru/opendata/category/). GSYH yıldan yıla artmaktadır, eğitim sistemine yönlendirilen harcamaların miktarı artmaktadır. GSYH’dan eğitim alanına yönlendirildiği haraketi Şehil 1’de görülebilir.



Şehil 1. GSYH'dan eğitim alanına yönlendirildiği haraketi

Devlet İstatistik Komitesinin bilgilerine dayanırsak, faiz olarak GSYH'dan eğitim için harcanan miktar 2014'te %4,9, 2015'te %5,3, 2016'da %5,9, 2017'de %5,7 ve 2018'de %5,5 oluşturdu.

Dünya Bankası'nın istatistiğine göre (https://databank.worldbank.org/data/reports.aspx?source=Education%20Statistics) GSYH'dan eğitim için harcanan miktarın 2014'te %5,5, 2015'te %6,0, 2016'da %6,6, 2017'de %7,2 olduğu görülmektedir. Karşılaştırmak için dünyada GSYH'dan eğitime yönlendirilen harcamaların oranı ABD'de 2014 yılında %5,0, İngilterede 2014'te %5,7, Norvej'de 2014 yılında %7,7, Finlanda'da 2014 yılında %7,2, İsveçre'de 2014'te %5,1, Türkiye Cumhuriyeti'nde 2014 yılında %4,4 ve Rusya'da 2014'te %4,1'ini teşkil etmiştir.

Eğitim sektörüne GSYH'dan tahsis edilen harcamaların miktarı gelişmiş ülkelerde olduğu gibi %5,5 olsa dahi, kişi başına GSYH'dan eğitime harcanan miktar

5040 Som'u oluşturmaktadır (http://www.stat.kg/kg/opendata/category/27/). Karşılaştırmalı olarak Amerika'da 2730 Doları oluşturmaktadır (https://data.worldbank.org/indicator/NY.GDP.PCAP.CD).

Aynı zamanda GSYH içinde eğitim sektörü için harcanan paranın tamamı eğitim sektöründe dağıtılır. Dünya uygulamasında ve Kırgızistan fonların büyük bir kısmı yüksek öğrenim sektöründe devlet üniversitelerine yönlendirilmektedir.

Ülke içindeki yüksek eğitim ile ilgili istatistiklere bakılırsa, Kırgız Cumhuriyeti'nin 2018 eğitim yılında 51 yüksek mesleki eğitim müessesesi kayda alınmıştır. (http://www.stat.kg/ru/opendata/category/279/). Bunlardan 34'ü devlete ait ve 17'si ise özel kurum statüsündeki okul olarak belirlenmiştir.

Avrasya Ekonomik Birliği'nin eğitimin kalitesine olan etkisi. Kırgızistan Avrasya Ekonomik Birliği'ne (AEB) 12 Ağustos 2015 tarihinde girdi. Eğitim alanına olan etkisi, Ekonomik Bilimler uzmanı, Prof. Dr. W.W. Perskaya'nın " Avrasya Ekonomik Birliği'nde Kırgızistanın rolü" başlıklı makalesinde (Перская, 2016) incelenmiştir. 2016 yılında Sovyet Sosyalist Cumhuriyetler, Sovyetler Uzay Birliği'nin dağılmasının ardından Yazar SSCB'nin dağılımından sonra Sovyetler alanında yer alan ülkeler 3 eğilime sahip olduklarını belirlemiştir (2016:2):

1. Ulusal eğitim sistemlerini hep birden dönüştürme;
2. Bologna sürecine erişim;
3. Eğitimde statik eğilimi koruma.

Kırgızistan'ın yüksek eğitim kurumları statik eğilimden Bologna Sürecine son on yılda geçmiştir. Ancak, Bologna sistemi şimdilik tüm eğitim kurumları tarafından henüz benimsenmemiştir.

Bunun dışında, Avrasya Ekonomik Komisyon Kurulunun başkanı Sarkisyan Kırgızistan'ın Avrasya Ekonomik Birliği'ne girmiş olması, ekomomik sonuçları açısından olumlu olduğunu Orta Asya portalında (CA-portal) belirtmiştir (Перская, 2016:6). Kurul Başkanı, Avrasya Ekonomik Birliği'ne giren ülkelerde göçmenlerin çocukları kreşlere gidebildiklerini ve yasal olarak eğitim alma imkânına sahip olduklarını belirtmiştir. AEB sözleşmesi kapsamında üye ülkeler birbirlerinin diplomaları kabul etmeleri gerektiğini ifade etmektedir.

Kırgız Cumhuriyeti Başbakanlığı Devlet Göç Hizmeti'nin istatitiklerine göre resmi göçmen sayısı yalnız Rusya Federasyonu'nda 640 bin kişi, Kazakistan'da 35 bin kişidir (http://ssm.gov.kg/kg/полезная-информация/статистика/). Bu verileri analiz edersek Kırgızistan'ın AEB'ne girmesi eğitim kalitesini olumlu yönden etkilemiştir. Çünkü göçmenlerin çocukları eğitim sisteminin dışında kalmadan, eğitime erişim imkanına sahip olmaktadırlar. Demek Kırgızistan'ın eğitim kurumlarına gelen yeni öğrencilerin öğreniminin kalitesi de yükselmektedir. Buna ek olarak, her bir alanın standartlarının sıkılaştırılması beklenmektedir.

Avrasya Ekonomik Birliği'nin Kırgızistan için bir başka etkisi tarım ve hafif sanayinin gelişmesinde olabilir. Bahse konu sektörlerin gelişmesinde yüksek öğretim kurumlarında yeni mesleklerin ortaya çıkmasına yol açabilir. Mesleki alanlar Kırgızistan'da pek popüler olmadığına göre yeni programların açılması gerekmektedir.

Kırgız Cumhuriyeti'nde yüksek öğrenim sektörüne ilişkin standartlar Kırgız Cumhuriyetinnin 30 Nisan 2003 tarih ve 92 sayılı "Eğitim hakkında" yasası eğitimde devlet politikasının temellerini, eğitimin düzenini belirler, aynı şekilde hukuki bir temel oluşturur. Bahse konu yasanın 5. maddesinde devletin eğitim standartları ifade edilmektedir. Devlet eğitim standartları yüksek öğretim kurumları tarafından uygulanmak zorundadır. Bu nedenle devlet standartları eğitimin asgari kalite değerlendirme aracı olarak sayılabilir.

Standartlar süreçlere değil (konu, içerik v.b.) eğitimin sonuçlarına asgari gereksinimleri belirler. Yeni standartların bir yönü olarak devlet standartlarını geliştirmek için düzenlenmiş eğitim-metot kurumları (EMK) tarafından eğitimde beklenen sonuçları Dublin göstergelerine dayalı geliştirilmiştir. Dublin göstergeleri

Avrupada'ki eğitimde kullanılan kalifikasyonların temeli olarak sayılır. Yukarıda söz konusu olan yöntem Kırgızistan'daki lisans ve yüksek lisans programlarında eğitim niteliklerinin Avrupa, Rusya ve Kazakistan ile karşılaştırılabilirliğini sağlamalıydı, ancak bu yöntem EMK'ların hazırlığı yetersiz olması nedeniyle tam olarak gerçekletirilemedi. Evrensel yeterliliklerin formülasyonu Soros Vakfı-Kırgızistan tarafından desteklenen bir proje kapsamında yapılmıştır (Дейчман vb., 2016:63).

Devlet standartlarına uygun olarak yüksek eğitim kurumları, öğrencilere kendi programını düzenleme imkanını vermesi gerekir. Öğrenciler de eğitim zamanı içinde belirli dersleri seçmek için bir fırsatı olacaktır. Buna ek olarak, öğrencilerin kendi eğitim kariyerlerini belirlemek için yüksek eğitim kurumundan danışmanlık hizmetini alma hakkına sahiptir.

Kırgız Cumhuriyeti'de yüksek eğitim sektörüne ilişkin akreditasyon Yüksek eğitim kurumlarında öğretim alanındaki politikayı geliştirme görevi Kırgızistan'da tamamıyla K.C. Eğitim ve İlim Bakanlığı'na ait olmasına rağmen bakanlığın bu politikayı etkili bir şekilde gerçekleştirme mekanizmaları yoktur. Kırgız Cumhuriyeti'nin 'Eğitim' yasasına uygun olarak 4 Ağustos 2014 tarihinde "Eğitim alanında yetkili devlet kurumuna bağlı oılarak Ulusal Akreditasyon Konseyi" hakkında karar alınmıştır. Bu karara uygun olarak K.C. Eğitim ve İlim Bakanlığı'nın bünyesinde Ulusal Akreditasyon Konseyi teşkil edilmiştir. Konseyin amacı akreditasyon ajanslarının faaliyetlerini bağımsız ve tarafsız olarak kabul edilmesini sağlamak (Дейчман vb., 2016:73).

Avrupa ve Kırgızistan'ın standartlarının karşılaştırılmasında, Avrupa Kırgızistan'a göre eğitim kalitesine daha büyük ehemmiyet verdiği çok açıktır. Avrupa'nın bu alandaki standatları 3 parçadan ibarettir; Kırgızistan'da ise kriterler 7 bölümden oluşmaktadır. Bakarsak, Avrupa ve Kırgızistan'ın kriterlerinin unsurları her iki yerde de bulunur. Ancak, Avrupa standartları, sadece iç kaliteyi değil, dış kaliteyi de sağlamaktadır. Avrupa standartlarının 3 bölümü birbiriyle bağlantılı ve Avrupa kalitesini sağlama yapısının temelini oluşturmaktadır. Dış kaliteyi sağlamakla birlikte iç kaliteyi sağlama da göz önüne alınır. Böylece yüksek eğitim kurumlarının iç ve dış faaliyetleri ile dış kaliteyi sağlama prosedürleri arasındaki tutarlılık ile temin edilir.

Aynı şekilde akreditasyon ajansları için yazılan standartlar dış kaliteyi sağlama ile uygun hale getirilmiştir. Kırgızistan'da ise vurgu yüksek eğitim kurumlarının programlarının iç kalitesine yapılmıştır. Bunun dışında, Kırgızistan’da kalite ölçümü ve değerlendirilmesi kriterleri beyan türünde yazılmıştır; yani geri dönüşüm kötü çalışmaktadır. Buna ek olarak, Avrupa’da öğrenci-öğretmen ilişkisine daha büyük ehemmiyet verilirken Kırgızistan’da profesör-öğretim üyesi üzerinde daha fazla dikkat yoğunlaştırılmaktadır.

Günümüzde K.C. akreditasyon ajanslarının Devlet siciline bakıldığında ülkede 4 kurum devlet izni temelinde akreditasyon gerçekleştirebilir. Bunlardan ikisi Bişkek’te, 1’i Oş’ta ve 1’i de Kazakistan’da, Astana şehrinde yer almaktadır. Bahse konu akreditasyon ajansları, Ulusal akreditasyon konseyi tarafından kontrol edilmektedir. Her bir ajansın özel kriterleri vardır, fakat bu kriterler devlet standartlarına uygun olmalıdır. Bağımsız bir değerlendirme yapabilmek için Kırgızistan genelinde aynı yıl içinde 21 kurum müracaat etmiş, ancak 4 yüksek eğitim kurumu bilgileri hatalı verdiği için kabul edilmemiştir. Eğitim programlarını ilk kez sıralamasından sonraki sonuçlar 8 Haziran 2018 tarihinde K.C. Eğitim ve İlim Bakanlığı Ulusal Akreditasyon Konseyinin toplantısında ele alınmıştır. Toplantının katılımcıları bağımsız değerlendirmesinde Kırgızistan’ın yüksek eğitim kurumlarının çeşitliliğini göz önüne alarak bunun eğitimin kalitesinde bir artış nedeni olacağını belirlenmiştir. Uzmanlar yüksek eğitim kurumlarının yıllık değerlendirmesinden geçmeleri, yabancı ülkelerin kurumlarının dikkatini kendilerine çevirmelerine neden olduğuna inanmaktadırlar ve bu husus iki diplomalı eğitimin gelişmesine yol açacağı.

Ulusal Akreditasyon ve Değerlerndirme Ajansı'nın dışında Avrupa Birliği'nin hibesiyle Avrupa Bilim ve Sanayi Odası tarafından yapılan araştırmada yüksek eğitim kurumlarının değerledirilmesi yapılmıştır (https://www.vb.kg/doc/279064_desiat_vyzov_kyrgyzstana_popali_v_evropeyskiy_reyting.html). Veriler Brüksel Üniversitesinde analiz edilmiştir. Bu değerlendirmeye dünya çapında 2678 yüksek eğitim kurumu iştirak etmiştir. Orta Asya'dan sadece Kırgızistan ve Kazakistan üniversiteleri katılmıştır. Bu değerlendirmenin sonuçlarına göre ilk sırada Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi, Kırgız-Rus Slavyan üniversitesi ikinci, Kırgızistan Uluslararası Üniversitesi 3. ve Orta Asyada Amerikan Üniversitesi de 4. Sırada yer almıştır. Bunun dışında gelişmekte olan Avrupa ve Orta Asya'daki yapılan araştırmaların temelinde esaslanan İngiltere'nin QS EECA University Rankings 2020 değerlendirmesine göre (https://www.topuniversities.com/university-rankings/eeca-rankings/2020) BAAU 163. sırada yer almış, Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi 190. sırada yer almıştır.

Avrupa Birliği'nin hibesi ile yapılmış araştımaların temelindeki değerlendirme ve QS EECA University Rankings 2020 değerlendirmelerin sonuçları Ulusal Akreditasyon ve Değerlerndirme Ajansı'nın sonuçlarından farklılaşmaktadır. Bu farklı sonuçların nedeni Avupa'da ulusal akreditasyon ve değerlendirme ajansı kullandığı kriterlerin uygulanmadığına bağlı olabilir. Şu anda, Avrupa'da sıralamanın temelinde mezunların ihtiyaçları ve istihdam özellikler yer alıyor. Mezunların sadece bilgiye sahip olmaları değil, bu bilgileri bilime dönüştürerek bağımsız bir uzman olup istihdam edilmeleri olarak görülüyor.

Metodoloji

Bu çalışmanın temel hedefi Kırgız Cumhuriyeti'nde mevcut eğitim kalitesini araştırmak ve incelemektir. Bunun için öğrenciler ve akademisyenlerin algıladığı eğitim kalitesi tespit edilerek, algılanan kaliteyi etkileyen faktörler analiz edilmiştir.

Kırgız Cumhuriyeti'nde eğitimin mevcut durumunu anlamak için eğitim ile iglili bilgiler incelendi. Eğitim sektörüne ilişkin kanunlar, kararnameler, emir ve yönetmelikler analiz edilmiştir.

İlk araştırma Kırgızistan-Türkiye "Manas" Üniversitesi'nde bir pilot çalışması olarak yapılmıştır. Bu araştırmada akademik personel ve öğrenciler için iki ayrı anket olarak hazırlanmıştır. Anket Avrupa'da yükseköğretim kurumlarında yürütülen eğitim yönetimi araştırmalarının temelinde Kırgız eğitim sektörüne optimize edilerek yapılmıştır. Anket kalite, kalite yönetimi modelleri, eğitimin kalitesi yönetimi ile ilgili soruları içermektedir. Pilot anketleme Kırgızistan yükseköğretim kurumlarının öğrencileri ve öğretmenleri Avrupa yükseköğretim kurumlarının öğrencileri ve öğretmenlerinin kalite yönetimi ile ilgili sorulara cevap vermeye hazır olmadıkları tespit edilmiştir. Birçok soru hem öğrenciler hem de öğretmenler için zor ve anlaşılmaz gelmiştir. Anket sonuçları tatmin edici olmadığı için öğrenciler ve akademisyen olan personele tamamıyla başka sorular hazırlanmıştır.

Bunun dışında eğitim kalitesini tespit etmek için Kırgız Cumhuriyeti'ndeki yüksek öğretim kurumunda öğrenciler ve öğretmenlerin arasında anketleme yapılmıştır. Anket için seçilen yüksek öğretim kurumları şunlardır: Kırgızistan-Türkiye 'Manas' Üniversitesi, Orta Asya'daki Amerikan Üniversitesi, M.Rıskulbekov Kırgız Ekonomi Üniversitesi, C. Balasagın Kırgız Milli Üniversitesi, K. Tınıstanov Isık-Göl Devlet Üniversitesi ve Oş Devlet Üniversitesidir. Seçilmiş eğitim kurumlarından dördü Bişkek şehrinde yer almaktadır. Biri Kırgızistan'ın güney bölgesindeki Oş şehrinde, bir tanesi ise Kırgızistan'ın kuzeyindeki Karakol şehrinde yer almaktadır. Seçilmiş yüksek öğretim kurumları halk arasında bilinen ve popüler üniversitelerin arasında yer almaktadır. Orta Asya'daki Amerikan Üniversitesi hariç bahse konu üniversitelerin hepsi devlet üniversiteleridir.

Toplam 295 öğrenci ve 115 öğretmen anketteki soruları cevaplamıştır. Öğrencilerin arasında yapılan anket çalışması için Kronbah'ın alfası (Cronbach's alpha)

0,824 esas almıştır; öğretmenlerin arasında yapılan anketleme için Kronbah'ın alfası (Cronbach's alpha) 0,726 esas alınmıştır. Sınırlama olarak idare tarafından yapılan emirlerin temelinde seçilen devlet üniversitelerinde eğitim kurumlarını iyi yönden gösterip, öğretmenler tarafından eğitim kurumlarında varolan sıkıntılar ile ilgili yanıtlar verilememiştir. Bu nedenle bazı öğretmenler tam olarak sıkıntılar hakkında bilgi veremedikleri düşünülmektedir.

Bunun dışında, üniversitelerin eğitim kalitesi ile ilgili konu uzmanları ve akreditasyon merkezlerinin uzmanları ile de sohbetler yapılmıştır.

Masa araştırmasına ek olarak, anketler ve görüşmelerin dışında seçilen üniversitelerin dosyaları da yazılmıştır.

Yüksek eğitim kurumlarında eğitim kalitesinin yönetimi ile bağlantılı aşağıdaki araştırma sorularına da cevaplar bulunmaya çalışılmıştır.

Öğrenciler için araştırma soruları

Araştırma sorusu 1- Öğrencilerin yüksek öğretim kurumunu seçimini etkileyen faktörler

Araştırma sorusu 1.a. Öğrenciler yüksek öğretim kurumunu genel ülke sınavında aldığı puanlara göre seçerler

Araştırma sorusu 1.b. Öğrenciler yüksek öğretim kurumunu okulu bitirdiği bölgeye göre seçerler

Araştırma sorusu 1.c. Öğrenciler yüksek öğretim kurumunu kendi cinsiyetine göre seçerler.

Araştırma sorusu 2 - Öğrencilerin kişisel faktörlerinin eğitimin kalitesine olan etkisi

Araştırma sorusu 2.a. Öğrencilerin cinsiyetine göre eğitim kalitesinde hissettiği fark.

Araştırma sorusu 2.b. Öğrencilerin okulu bitirdiği bölgeye göre eğitim kalitesinde hissettiği fark.

Arştırma sorusu 2.c. Öğrencilerin okuduğu yükseköğretim kurumuna göre eğitim kalistesinde hissettiği fark.

Araştırma sorusu 3 – Yüksek eğitim kurumlarındaki öğrencilerin algılanan eğitim kalitesini etkileyen faktörler.

Araştırma sorusu 3.a. Öğrencilerin algılanan eğitim kalitesi yüksek öğretim kurumlarının maddi ve teknik donanım durumuna bağlıdır.

Araştırma sorusu 3.b. Öğrencilerin algılanan eğitim kalitesi yüksek öğretim kurumlarındaki destek ile gönül rahatlığı ile bağlantılıdır

Araştırma sorusu 3.c. Öğrencilerin algılanan eğitim kalitesi yüksek öğretim kurumlarındaki gruplar arasındaki ilişkilere bağlıdır.

Araştırma sorusu 3.ç. Öğrencilerin algılanan eğitim kalitesi yüksek öğretim kurumlarındaki öğretmenlerin profesyonelliğine bağlıdır.

Öğretmenler için araştırma soruları

Araştırma sorusu 1 - Yüksek öğretim kurumlarındaki öğretmenlerin demegrafik özellikleri, onların algılanan eğitim kalitesi üzerindeki etki faktörleri.

Araştırma sorusu 1.a. Öğretmenlerin algılanan eğitim kalitesi yüksek öğretim kurumlarındaki öğretmenlerin cinsiyetine ve yaşına bağlıdır.

Araştırma sorusu 1.b. Öğretmenlerin algılanan eğitim kalitesi öğretmenlerin çalıştığı yüksek öğretim kurumlarına ve oradadaki deneyimlerine bağlıdır.

Araştırma sorusu 1.c. Öğretmenlerin algılanan eğitim kalitesi yüksek öğretim kurumunda öğretmenlerin çalıştığı bölümlere bağlıdır.

Araştırma sorusu 1.ç. Öğretmenlerin algılanan eğitim kalitesi yüksek öğretim kurumundaki öğretmenlerin akademik derecesine bağlıdır. Bölümün popüler olması ile seçilen meslek arasındaki bağlantının olması.

Araştırma sorusu 2 - Yüksek öğretim kurumlarındaki öğretmenlerin algılanan eğitim kalitesi üzerindeki etkiler

Araştırma sorusu 2.a. Öğretmenlerin algılanan eğitim kalitesi yüksek öğretim kurumlarının maddi ve teknik donanım durumuna bağlıdır.
Araştırma sorusu 2.b. Öğretmenlerin algılanan eğitim kalitesi yüksek öğretim kurumları öğretmenlerinin profesyonelliğine bağlıdır.
Araştırma sorusu 2.c. Öğretmenlerin algılanan eğitim kalitesi yüksek öğretim kurumlarında ders sırasında kullanılan öğretim yöntemlerine bağlıdır.
Araştırma sorusu 2.ç. Öğretmenlerin algılanan eğitim kalitesi yüksek öğretim kurumlarında varolan gruplar arasındaki ilişkiler ile ortak çalışmalar arasındaki bağlantının olmasıdır.

Anket çalışması ile elde edilen bilgiler SPSS Statistics 22 programı aracı ile analiz edilmiştir.

Nicel analiz aşağıdaki tekniklerden oluşmuştur:

Krosstabulasyon

Krosstabulasyon, hemen belli olmayan verilerin içinde ilişkileri görüntüleyebilmek için kullanılır. Bu tablolarda iki veya daha fazla dağılımı karşılaştırmak için fırsat sağlanmaktadır. Tabloların sütunları nominal işaret kategorilerine uygun gelirmektedir (https://blog.socialcops.com/academy/resources/cross-tabulation-how-why/).

T-testi

